КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

УДК:811.521.1:809.434.1(575.2)(043.3)

Невзат Ток

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ КИЙИМ-КЕЧЕК АТАЛЫШТАРЫНЫН САЛЫШТЫРМА ТИПОЛОГИЯСЫ (Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын материалдары боюнча)

10.02.06 – түрк тилдери

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

ф.и.д., профессор

Усубалиев Бейшенбай Шенкеевич

Бишкек – 2021

МАЗМУНУ

Оглавление

КИРИШҮҮ 4
БИРИНЧИ БӨЛҮМ.....11
Изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери 11
1.1 Изилдөөгө байланыштуу илимий эмгектерге сереп.....11
1.2. Көркөм чыгарманын тилинин изилдениши 25
Биринчи бөлүм боюнча жыйынтык.....38
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ.....40
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ.....48
Кыргыз, түрк тилдериндеги кийим-кече атлыштарына лексика- семантикалык мүнөздөмө.....48
3.1. Кыргыз жана түрк тилдеринин тыбыштык түзүлүшү 48
Кыргыз улуттук тилинин фонетикалык түзүлүшү – нечен доорлор бою өнүгүп, белгилүү даражада түрк тилдеринин фонетикалык закондуулугунун кээ бир көрүнүштөрүн өзүнө сиңирип, сактап келе жаткан түзүлүш. Ушуга байланыштуу кыргыз тилинин фонетикалык түзүлүшү, бир жагынан башка түрк тилдерине окшошсо, экинчи жагынан, алардан бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Бул көрүнүштөрдү анализдөөдө, тектеш тилдердин калыптануу жана өнүгүү этаптарынын эң биринчи мезгилдерине таандык болгон тил каражаттарын өз ара салыштыруу илимий чоң кызыгууну жаратат. Ошондо гана тектеш тилдердин баарына бирдейжалпы көрүнүштөр жана ар биринин бөтөнчөлүктөрү да ачык байкалат. Бир тилде сүйлөөчү коллектив анчалык чоң эмес территорияга тарап, кандайдыр бир себептерге байланыштуу ири-ири топторго бөлүнүшү ыктымал. Мындай өзгөчөлүктөр тилге өз таасирин тийгизбей койбойт. Демек, мурдатан колдонуп келе жаткан тил каражаттары да ар түрдүү өзгөчөлүктөргө, анын ичинде фонетикалык өзгөрүүлөргө да дуушар болот. Мындай көрүнүштөрдү байкоо үчүн, «Сынган кылыч» романынын материалдарында кездешкен кийим-кечек аталыштарын кыргыз жана түрк тилине салыштырып, алардын фонетикалык түзүлүшүнө талдоо жасайбыз.....48
Азыркы кыргыз алфавити кирилл (славян) алфавитинен куралган. Андагы тамгалар бирдей тыбыштарды белгилөө жагынан түрк тамгалары менен жалпылыкты да, өзгөчөлүктү да түзөт. Өзгөчөлүгү: түрк тилинин адабий нормасында түпчүл *ң* тыбышы жок, анын белгилеген тамга да жок. Роман тилдеринде бул тыбыш *nд* айкашы менен белгиленет. Ушул эле белги *ң* тыбышынын түркчө жазылышында да колдонулат. Кайсы тилдеги тыбыштар болбосун алардын айтылыш өзгөчөлүктөрү сүйлөө органдарынын катышуусуна жараша аныкталат. Тилдин тыбыштык түзүлүшү, табияты-дээрлик татаал, көп жактуу кубулуш. Түрк адабий тилинде 35 тыбыш бар. Алардын 24ү үнсүз: p, c, d, t, g, h, ğ, k (k’, k”), l (l, l”), m, n, p, r, s, ş, t, v, y, z; Мисалы: 11и үндүү: a, e, ı, i, o, ö, и, й, ā, ī, ӣ.....49
3.2 . Кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарынын лексикалык-семантикалык топтору 53
3.3 . Кыргыз, түрк кийим-кече аталыштарынын маанилеринин чечмелениши 62
Түркчө: Savaşlarda ok, kılıç ve süngü gibi silâhlardan korunmak için giyilen demir, tel levha veya köseleden yapılmış giysi. 73
КЫРГЫЗЧА: чүмбөтү бар, жамынган кийим 118

Түркчө: Çarşaf sözcüğü dilimize Farsça“gece örtüsü” anlamına gelen çâder-şeb sözcüğünden geçmiştir. **Peçe** sözcüğünün ise Türkçe mi yoksa Farsça kaynaklı mı olduğu kesin değildir. Günümüzde

birçok Müslüman, çarşaf ve peçenin İslamiyet'le birlikte ortaya çıkan ve Ahzap suresi 59. ayetinde sözü edilen "cilbab" olduğunu düşünürler.....118

КЫРГЫЗЧА: сызма сыяктуу күмүштөн жалатылган, узун, жазы белди бууп, байлаш үчүн жасалган буюм.....121

Gislaved.....121

3.4 . Кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарына байланыштуу жалпылыктар жана айырмачылыктар 134

Үчүнчү бөлүм боюнча жыйынтык: 151

Төртүнчү бөлүм.....152

Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романындагы кийим-кечек аталыштарына лингвистикалык илик.....152

4.1. "Сынган кылыч" романына кыскача мүнөздөмө 152

4.2 . «Сынган кылыч» романындагы кийим-кечек аталыштарына тилдик-маданий анализ.....156

4.3. «Сынган кылыч» романындагы кыргыз, түрк айрым кийим-кечек аталыштарынын этимологиясы жана жасалыш жолдору.....163

лексика-семантикалык талдоо.....169

4.5."Сынган кылыч" романындагы кийим-кечек аталыштарынын семантикалык-стилистикасы.....177

Төртүнчү бөлүм боюнча жыйынтык: 188

Корутунду 189

КИРИШҮҮ

Теманын актуалдуулугу. Тектеш түрк элдеринин тилин ар кыл багытта өз ара салыштырып изилдөө учурдагы зарыл маселелерден болуп саналат. Анткени алардын тарыхый өнүгүү абалындагы, социалдык-маданий турмушундагы, экономикалык алака-байланыштарындагы жакындыктарды, окшоштуктарды, бирдейликтерди тил аркылуу гана таасын аныктоого болот. Түрк элдеринин тилин тарыхый негизде салыштырып изилдөө, түбү бир элдерден экендигин далилдөөдө, илимий натыйжаларды көрсөтүү ал элдердин ортосундагы карым-катышты арттырууда, кызматташтыкты, жакындыкты, бир туугандыкты, достукту чыңдоодо зор мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Демек, кыргыз жана түрк тилин бири-бирине салыштырып изилдөөнүн да теориялык жана практикалык чоң мааниси бар.

Адам турмушундагы баалуулук жана зарылдык, сулуулук жана жылуулук түздөн-түз кийимге көз каранды. Кайсы гана элди албайлы, алардын улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн кийген кийимдеринен көрүүгө болот. Ошондуктан, ар бир элдин мүнөзүнө ылайык, белгилүү бир баалуулугу,

сыймык тутары, ыйык санар буюму катары улуттук кийими эсептелинет. Мындай кийим-кечектеринен ошол элдин кулк-мүнөздөрүн, салт-санаасын, үрп-адатын, ой жорумдарын, дүйнөгө болгон көз караштарын да баамдоого болот. Адамдын аң-сезиминдеги бардык нерселер: буюм-тайымдар, көрүнүштөр, түшүнүктөр жана башка белгилүү бир тилдик аталыштарга ээ. Дүйнө тааным тилдик аталыштарга негизделген. Кийим-кечекке байланыштуу атоолор да ошол буюмдун сапатына, сынына, ыңгайына жараша аталат да, аны таанытат. Бирок бардык элдерде кийимге байланыштуу аталыштардын бирдей болбостугу белгилүү. Кыргыз жана түрк тили тектеш тилдерден болгондуктан, кийим-кечекке байланыштуу аталыштардын окшоштугу, жакындыгы же бирдейлиги мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал аталыштардын көпчүлүгүнүн негизи бир болот, айрымдары сырткы тыбыштык формалары жагынан айырмаланышса, айрымдарынын семантикасында кошумча маанилер камтылып турат. Буларды тарыхый аспектиде салыштырып, илимий-теориялык негизде сыпаттап териштирип чыгуу түркология илими үчүн баалуу салым болуп эсептелет. Муну жүзөгө ашырууда изилдөөнүн белгилүү бир обьектиси болууга тийиш. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романы - тарыхый чыгарма болуп саналат. XIX кылымдагы кыргыз элинин тарыхый турмушун чагылдырган бул чыгармада кийим-кечекке байланыштуу бай материалдар камтылган. Чыгармадагы кийим-кечекке байланыштуу аталыштар кыргыз жана түрк тилинин генетикалык жакындыгын, окшоштук-айырмачылыктарын далилдеп көрсөтүүчү мыкты факты-материалдар катары кызмат өтөй алат. Дал ушул факты-материалдардын негизинде изилдөө ишин жүргүзүү теманын актуалдуулугун көрсөтүп турат.

Диссертациялык иштин темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышкан. Иштин темасы Кыргызстандагы жалпы илимий жана мамлекеттик изилдөө программаларына шайкеш келет.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын материалдарынын негизинде кыргыз жана түрк тилдериндеги кийим-кече аталыштарына лингвомаданий, лексика-семантикалык, стилистикалык өңүттө талдоо жүргүзүп, бул боюнча салыштырылып жаткан тилдердеги жалпылык жана айырмачылыктарын аныктоо. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

1. Изилдөөгө байланыштуу илимий адабияттарга сереп салып, иликтөө багыттарын белгилөө;

2. “Сынган кылыч” романындагы жана кийим-кечекке байланыштуу сөздөрдүн түркчө котормосундагы фактылык материалдарды жыйнап, аларды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүү;

3. Салыштырылып жаткан тилдердин турмуш-тиричилик лексикасынын негизги лексика-семантикалык топторуна тилдик маданий анализ жүргүзүү;

4. Кыргыз жана түрк тилдериндеги кийим-кечек аталыштарынын лексика-семантикалык түзүлүшүнө лингвомаданий жактан мамиле кылуу менен, алардын лексика-семантикалык топторундагы жана топчолорундагы окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү салыштырма-типологиялык негизде аныктоо;

5. «Сынган кылыч» романында колдонулган кийим-кечек аталыштарынын статистикасын түзүп, бул сөздөргө семантикалык-стилистикалык өңүттө талдоо жүргүзүү;

6. Чыгармадагы кийим-кечекке байланыштуу айрым сөздөргө этимологиялык анализ жүргүзүү.

Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы кийим-кечек аталыштары тектештирме-тарыхый планда кыргыз тилинин жана түрк тилинин материалдары аркылуу биринчи жолу илимий-теориялык өңүттө иликтөөгө алынгандыгын; мунун натыйжасында эки тилдеги кийим-кечелерди туюндурган тил каражаттары лексика-семантикалык топторго жана топчолорго бөлүштүрүлүп, алардын маанилери талдангандыгын; кийим-кечек

аталыштары боюнча эки тилдеги жалпылыктар менен бөтөнчөлүктөрдүн аныкталгандыгын; кийим-кечек аталыштары тарыхый романда кандайча стилистикалык, көркөм каражат катары колдонулгандыгын ишибиздин илимий жаңылыгы деп карасак болот.

Иштин теориялык жана практикалык мааниси. Диссертациялык иш келечекте ушул багытта жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык негиз болору шексиз. Муну менен катар, жалпы эле түрк тилдериндеги сөздөрдү лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүү да тектеш тилдердин өнүгүү мыйзам-ченемдүүлүгү, тектештик, тарыхый лексика өңдүү илимий-теориялык маселелердин тереңирээк чечилишине жана такталышына да өз үлүшүн кошору бышык.

Иште камтылган фактылык материалдар, аларга талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында чыгарылган илимий-теориялык корутундулар, табылгалар салыштырылып жаткан тилдерди окутуп үйрөтүүдө чоң көмөк көрсөтөрү талашсыз. Ошондой эле диссертациялык иштин материалдарын жогорку окуу жайларында кыргыз жана түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы, эне тилдин тарыхы, лексикология, фонетика, этнография, стилистика өңдүү предметтерди өтүүдө, аталган предметтер боюнча окуу китептери менен окуу куралдарын жазууда, кыргыз жана түрк тилдеринин түшүндүрмө, котормо сөздүктөрүн түзүүдө кеңири пайдаланса болот.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Кийим-кечелерди туюндурган аталыштар элдердин дүйнө таанымын, жашоо ыңгайын, үрп-адатын, маданиятын чагылдырып көрсөтүүчү тилдик каражаттар болуп саналат.

2. Тектеш түрк элдеринин генетикалык, этномаданий жана тилдик байланыштарынын аныкталышы тектештирме-тарыхый негиздеги изилдөөлөр менен шартталган. Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы кийим-кечек аталыштары боюнча кыргыз жана түрк тилдериндеги окшоштуктар аталган тилдердин өзөктөш, тектеш тилдер экендигин ырастап турат.

3. Кийим-кечек аталыштарындагы тыбыштык, лексикалык, семантикалык жана морфологиялык бөтөнчөлүктөр эки тилдин ички өнүгүү мыйзам-ченемдүүлүктөрүн шарттап турат.

4. Кийим-кечек аталыштары тарыхый маалыматтарды камтуу менен катар, алардын көркөм чыгармалардагы стилистикалык мүмкүнчүлүктөрү да кеңири.

5. Кыргыз жана түрк тилиндеги кийим-кечекке байланыштуу аталыштар, тил байлыгын көрсөтүүчү факторлор эки элдин улуттук өзгөчөлүктөрүн кандайдыр бир деңгээлде көрсөтүп турат.

6. Кийим-кечекке байланыштуу аталыштарга этно-лингвистикалык салыштырма ишин жүргүзүүдө түрк тилине караганда кыргыз тилинде байыркылык турпатта азыркы мезгилге чейин сакталган.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Изденүүчү тарабынан топтолгон фактылык материалдар, аларга ар тараптуу талдоо жүргүзүү аркылуу чыгарылган натыйжалар менен жоболор, корутунду-тыянактар диссертанттын жекече салымы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы. Изилдөөнүн базалык негизи болгон университеттин студенттерине сабак окутуу процессинде кыргыз жана түрк тилдеринде кийим-кечек аталыштарынын салыштырма-типологиясын илимий-теориялык жактан ачып көрсөтүүдөн алынган натыйжалар апробацияланды.

Изилдөөнүн натыйжаларынын толук жарыяланышы. Тема боюнча изилдөөнүн натыйжалары, корутундулары боюнча КР ЖАКынын реестрине кирген илимий басылмаларда 7 макала, РИНЦ программасына кирген басылмада 6 макала жарыяланган.

Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү. Изилдөө өзүнө киришүүнү, үч бөлүмдү, бөлүмдөр боюнча корутундуларды, жалпы корутундуну, пайдаланылган адабияттардын тизмесин камтыйт. Иштин көлөмү – 210 бетти түзөт.

Киришүүдө изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу, диссертациялык иштин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышы, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жекече салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы, көлөмү жана түзүлүшү, бөлүмдөр тууралуу кыскача маалыматтар берилди.

Биринчи бөлүмдө изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери каралды. Мында коюлган маселени илимий-теориялык негизде туура териштирүү үчүн, биринчиден, илимий изилдөөбүзгө байланыштуу жарык көргөн адабияттарга кыскача анализ жасоо зарылчылыгы келип чыкты. Алардагы илимий көз караштар, ойлор, жыйынтык-натыйжалар эске алынып, ийгилик – кемчиликтери белгиленди. Биздин диссертациялык ишибиздин туура багытта иликтенишинде ал эмгектер өз көмөгүн тийгизеринде шек жок. Экинчиден, кыргыз жана түрк тилиндеги кийим-кечек аталыштары Төлөгөн Касымбековдун “Сынгын кылыч” романынын материалдарынын негизинде териштирилип жаткандыктан, сөзсүз түрдө көркөм чыгарманын тилине кайрылбай коюу иштин маңызын толук ачып берүүгө мүмкүн эместигин көрсөттү. Ошондуктан көркөм чыгарманын тилинин изилденишине жана анын өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетүүгө туура келди. Натыйжада биринчи бөлүм «Изилдөөгө байланыштуу илимий эмгектерге сереп» жана «Көркөм чыгарманын тилинин изилдениши» деген эки теманы өз ичине камтыды.

Диссертациялык иштин негизги чордонунун экинчи жана үчүнчү бөлүмдөр түзүп турат. Экинчи бөлүм “Кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарынын салыштырылышы, лексикалык-семантикалык топтору” деп аталат да, анда кыргыз, түрк тилинин тыбыштык түзүлүшү, кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарынын лексика-семантикалык топтору, кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарына лексика-семантикалык мүнөздөмө, кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарына байланыштуу жалпылыктар өңдүү маселелер

каралат. Кайсы гана элде болбосун, кийим-кечек аталыштары кеңири кездешет. Ал кийимдер элдин турмушу, каада-салты, үрп-адаты, социалдык абалы, маданияты менен ажырагыс байланышта болот. Ошол коомдук түзүлүштөгү жалпы көрүнүштү так жана таамай, образдуу жана элестүү көрсөтүүдө кийим-кечектердин сүрөттөлүшү да орчундуу маниге ээ.

Төлөгөн Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы кийим-кечек аталыштарына лингвистикалык илик” аттуу үчүнчү бөлүмдө романга кыскача мүнөздөмө берилип, анда колдонулган кийим-кечек аталыштарына тилдик-маданий анализ, лексика-семантикалык талдоо жана стилистикалык иликтөө жүргүзүлөт. Төлөгөн Касымбеков бул романында турмуш-тиричиликке байланыштуу лексиканын бай катмарын, анын ичинде кийим-кечекке тиешелүү аталыштарды кеңири пайдаланган. Тарыхый роман жанрынын спецификалык мүнөзү типтүү тарыхый-турмуштук көрүнүштү, мезгилдин өзгөчө колоритин түзүүнү талап кылары белгилүү. Автор кийим-кечек лексикасын колдонуу менен ошол мезгилдеги тарыхый кырдаалды, турмуштук көрүнүштөрдү өтө чебер сүрөттөөгө жетишкен. Албетте, мында, тагыраак айтканда, көркөм сүрөттөлүштө жалпы турмуш-тиричиликке байланышкан лексикалык катмарлар камтылган. Алардын бардыгын бир изилдөөнүн алкагына сыйдыруу эч мүмкүн эмес.

Ошондой эле бул бөлүмдө “Сынган кылыч” романындагы кийим-кечек аталыштарына карата лингвистикалык талдоо жүргүзүү аркылуу кийим-кечектердин белгилүү бир мезгилдеги ордун, ролун, адамдардын жаш өзгөчөлүктөрүн жана алардын жашоо-турмушундагы зарылдыгын кеңири чагылдырып келген.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери

1.1 Изилдөөгө байланыштуу илимий эмгектерге сереп

Тил-коомдук турмушту, элдик тажырыйбаны, ааламды өздөштүрүүнү, дүйнө таанымды чагылдыруучу жана ишке ашыруучу курал. Улуттун кылымдардан бери сакталып келаткан мурасы, аздектеп туу тутуучу маданияты, жаратылыштык кубулуштарга болгон мамилеси, көз карашы, руханий жашоосу, тарыхый окуялары, өнүгүп-өсүү баскычтары, социалдык-экономикалык түзүлүшү, диний ишенимдери, менталдык сапаттары, материалдык жана моралдык баалуулуктары муундан-муунга тил аркылуу жеткирилет, тил аркылуу сакталат. Адам баласынын өз ара пикир алышуу иш аракети, байланыш-катыш процесстери, акыл-эстик жөндөмү коом деген түшүнүктү жаратты. Демек, коомдун маңызы тикеден-тике тил менен байланышкан.

Тил акыл-эс менен ажырагыс байланышта турат, ой жүгүртүү процессин чагылдырат. Тил менен акыл-эс, ой жүгүртүү түшүнүктөрүнүн ортосундагы байланыш тууралуу ойлор, пикирлер, көз караштар байыртадан эле айтылып

келген. Азыркы мезгилде да бул багыттагы изилдөөлөрдүн аягы бүтпөй келет. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш, анткени тил-өтө татаал кубулуш,бардык башталыштардын башталышы тилде жатат. Ал филологиялык гана эмес, философиялык, психологиялык, логикалык, математикалык, физикалык, педагогикалык жана башка көптөгөн илим салааларында илимий изилдөөлөрдүн өзүнчө бир чоң обьектиси катары каралууда. Вилгельм фон Гумбольдт: «Тилди изилдөө анын өзү менен гана бүтүп калбайт, тескерисинче, башка тармактар менен бирге, адамзаттын өзүн-өзү таануу үчүн жана айлана-чөйрөдөгү ага көрүнүп да, көрүнбөй да турган жашыруун сырларга өз мамилесин билдирүү сыяктуу максат үчүн да кызмат кылат», - деп белгилесе [Гумбольдт, 1984:34], орус окумуштуусу Дмитрий Николаевич Овсянико-Куликовский тилди улуттук психиканын органы, жарандын улуттук умтулуусунун куралы жана улуттук тилдеги автоматтык психиканын биримдиги катары карап келип: «Тил-элдин психикалык энергиясын топтоонун жана сактоонун өзгөчө формасы» [Овсянико-Куликовский, 1922:34] - деп баалайт. Ал эми Г. Чолпонкулова мындай дейт: «Тил менен аң-сезимдин байланышы, алардын бири-бирине көз карандылыгы лингвистиканын гана изилдей турган маселеси эмес. Ал анатомия, логика, нейролингвистика, психолингвистика, психология, философия өңдүү жана башка илим тармактарынын биргелешип иш алып барышы менен изилдениши керек. Анткени, аң-сезимдин иш аракети татаал процессти талап кылат. Бул процесстин ишке ашышы үчүн көптөгөн факторлордун бир учурда аракетке келиши зарыл» [Чолпонкулова, 2015:10]. Көрүнүп тургандай , тил ар тараптуу изилдөөгө муктаж. Тилдин татаал кубулуш катары каралышы, анын аныктала турган маселелеринин артындагы жана өз алдынча илим катары жашап жатышы тууралуу окумуштуулардын көптөгөн пикирлери бар. Арийне, алардын бардыгына токтолуунун кажети жок. Тек гана, изилдөөбүздүн максат-талабына ылайык, диссертациялык ишке байланышы бар илимий эмгектерге кыскача болсо да, сереп жасоо зарылдыгы туулуп отурат. Анткени, ал эмгектерге саресеп салуунун, анализ жүргүзүүнүн, жекече көз караштарды

билдирүүнүн, оош-кыйыштарын байкоонун, салыштырып көрүүнүн, урунттуу-урунттуу учурларын белгилөөнүн өзү биздин илимий изилдөөбүздө коюлган маселени чечүүдө зор көмөк болмокчу.

Кийинки мезгилдерде республикабыздын өнүккөн өлкөлөр менен болгон ар тараптуу байланышы барган сайын кеңейүүдө. Илим, билим жана маданият жаатындагы Түркия менен кызматташтык да улам күч алууда.

Бүгүн республикабыздын алдында чет өлкөлөр менен болгон илим, билим, маданият жаатындагы кызматташтыкты улам күчөтүү, заманга шайкеш өркүндөтүү маселеси коюлууда. Ал үчүн европа жана чыгыш элдеринин тилин, тарыхын жана маданиятын окуп үйрөнүү, чет тилдерин окутуунун илимий базасын кайрадан түптөө менен чет тилдери жана кыргыз тилинин ортосундагы жалпылыктарды, айырмачылыктарды ар тараптан иликтөө зарылдыгы келип чыгууда.

Тектеш түрк тилдеринин ортосундагы жалпылык жана айырмачылыктарды типологиялык жактан салыштырып иликтөө жаңы эле колго алына баштаганына карабастан, түркологияда буга чейин топтолгон бай илимий тажрыйба бар. Чындыгында, түрк тидери жана алардын тарыхы боюнча жазылган А. Н. Кононов, Н. К. Дмитриев, Э. В. Севортян, С. Н. Иванов, Э. А. Грунина, М.Ергин, А.Б.Ержиласун, З.Коркмаз, Т.Гүленсой, А.Буран, М.Хенгирмен, А.Жафероглу, Ф.Бозкурт, Р.Генч, Т.Бангуоглу, В. Г. Гузев, Н.Н.Жанашиа, М.Жикия, Ж.Дени, К.Менгес, П. Кузнецов, С. С. Майзель, Р.Лиз, Л.Юхансон, Р.Андерхил өңдүү жана башка көптөгөн орус, түрк жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерин, кыргыз жана түрк тилдери боюнча К.Тыныстанов, Б.М. Юнусалиев, С. Кудайбергенов, К. Карасаев, К. Юдахин, Ж. Шүкүров, К. Дыйканов, С. Давлетов, А. Турсунов, Б. Орузбаева, Т. Ахматов, Т. Садыков, Ж. Сыдыков, С. Мусаев, С. Ибраимов, Б.Үмөталиева, Н.Чечейбаева, И. Абдувалиев, К.Токтоналиев, Ж. Жумалиев, А.Карымшакова, Б. Сагынбаева, С.Каратаева, А. Гүнгөр, А.Дашман, Э. Кожа, А. Кожа, Ж. Исмаилова сыяктуу жана башка көптөгөн изилдөөчүлөрдүн илимий

монографияларын, окуу китептерин, сөздүктөрүн, диссертациялык иштерин белгилеп коюуга туура келет.

Кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдөө маселелери 2000-жылдардан кийин активдүү колго алына баштады. Ар түрдүү жагдай-шарттарга, коомдук-саясий себептерге байланыштуу Кыргыз Республикасы менен Түркия мамлекеттеринин ортосунда көптөгөн жылдар бою алака-мамиле, карым-катыш болбой келди. Натыйжада мунун айынан теги, түбү бир элдин тили да өз ара салыштырылып изилденбей, алардын окшоштуктары, өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары илимий-теориялык да, илимий-практикалык негизде териштирилбей, чечмеленбей келгендиги баарыбызга белгилүү. Жогорудагы шарттардан улам бул көрүнүш эки тилге тең илимий-теориялык жана практикалык жактан чоң зыян келтирди. Өз ара байланыштын бошоңдугунан улам эки тилдеги ажырым күчөп, кыргыздар түрк тилин, түрктөр кыргыз тилин үйрөнүүсүнө тоскоол болду. Түрк тилдеринин тарыхый жактан өнүгүшү, сөз маанилеринин өнүгүү эволюциясы өңдүү олуттуу маселелердин изилденишине кедергисин тийгизди. Кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болгондон тарта коомдук-саясий абалдын өзгөрүшү менен көңүлдө бышып турган тилдик маселелерге атайын назар бурулуп, кыргыз жана түрк тили өз ара салыштырылып териштириле баштады, лексикалык, фонетикалык, морфологиялык кээ бир кубулуштарды салыштырып изилдеген кандидаттык, докторлук иштер жазылды. Бул биринчиден, түркология илиминин өнүгүшү үчүн кошкон чоң салым болуп саналса, экинчиден, муну эки бир тууган элдин жакындашуусу катары баалоого болот. Бирок ошондой болсо да, эки тилди салыштырып изилдөө жаңы гана колго алына башталгандыгын баса белгилеп коюшубуз абзел. Мындай лингвистикалык багыттагы иликтөөлөрдү талап күчөтүү бүгүнкү күндүн талабы десек эң туура байкоо жүргүзгөн болот элек..

Тектеш тилдердин жакындыгын шарттоодо жана алардагы фонетикалык лексикалык, грамматикалык каражаттардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоодо салыштырма методдун мааниси зор.

Салыштырма тил илими тектеш жана тектеш эмес тилдердин ортосундагы окшоштуктардын жана айырмачылыктардын эволюциялык өнүгүүсүн изилдейт. Салыштырма методдун принциптерин тактоодо, тектештирме жана салыштырма методдордун айырмачылыгын эске алуу зарыл. Салыштырма метод синхронияга б.а., тилдин белгилүү учурдагы абалына жана ага ылайык өзгөчөлүгүнө таянат. Ошондой эле изилденип жаткан тилдердин окшоштуктарын жана айырмачылыгын да табат.

Кыргыз тилчи окумуштуулары Т. Садыков менен Б. Сагынбаеванын «Кыргыз жана түрк салыштырма грамматикасынын негиздери» (2010) аттуу эмгегинде салыштырма грамматиканын мааниси теориялык негизде ачыкталат.

Салыштырма метод компоненттүү - лингвомаданий анализдерге таянат. Мындай идея теориялык жактан И. А. Бодуэн да Куртенэ тарабынан негизделген. XVIII-XIX кк. грамматикада салыштыруунун элементтери кездешкен. XX к. 30-40-жылдарында белгилүү принциптерге ээ болгон лингвистикалык метод болуп калыптанган. Салыштырма-тарыхый методиканын теориясына салым кошкон лингвист-окумуштуулардын катарына Ш. Балли, Е. Д. Поливанов, Л. В. Щерба, С. И. Бернштейн ж.б. кирет. Улуттук тилдин лингвистикалык негизин окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуунун өсүшү салыштырма методдун маанисин күндөн-күнгө арттырууда. Салыштырма (контрастивдүү) изилдөө жеке тилдик фактыларды эмес бир убакта эки тилди салыштырат. Салыштырылып жаткан тилдердин структуралык бирдиктеринин формалары жана маанилери ырааттуу деңгээлде жана деңгээлдер арасында салыштырылат.

Түркологияда тектеш түрк тилдеринин ичинен кыргыз-түрк салыштырма грамматикасынын негизинин алгач ирет түптөлүп жатышы жалпы түркология үчүн да, жеке түрк тил илимдери үчүн да зор теориялык маниге ээ. Анткени анын натыйжалары, негизинен ,бул багытта түрк тили менен башка түрк тилдерин салыштырып изилдөө аркылуу кыргыз-түрк түгөйлөрүнө мүнөздүү болгон грамматикалык жана лексикалык

категориялардын семантикалык жактан болгон жалпылыгы менен айырмачылыктарын тереңден териштирүүгө, демек, аталган багытта атайын иликтөө иштерин жүргүзүүгө шарт түзөт. Ал эми мындай изилдөөлөрдүн жыйынтыгы тарыхый жана диалектилик булактар менен бирге, түрк тилдеринин тектештирме-тарыхый грамматикасы теориялык негиз катары да кызмат кылары бышык.

Кыргыз жана түрк тилдеринин ортосундагы жалпылык жана айырмачылык алардын лексикасында өзгөчө курч байкалат. Генетикалык жактан жакындык проблемасы тилдердин изилденишинде сөзсүз түрдө лексикага кайрылуу зарылдыгын туудурат. Бул тилдерди салыштырып изилдөөчү типологиялык багыттын өзгөчө маниге ээ экендиги ырас.

Азыркы кыргыз тили илиминде кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдөө боюнча А. Гүнгөрдүн “Кыргыз жана түрк тилиндеги ооруга байланыштуу тергөө сөздөр” (2006), Б. Сагынбаеванын «Кыргыз жана түрк тилиндеги этиш сөз түркүмүнүн структура-функционалдык салыштырмасы» (2008), Y. Асаналиевдин «Тунгус-манжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык параллелдери» (2004), А. Кожанын «Түрк , кыргыз тилдериндеги эмоционалдык-экспрессивдик маанини туюндуруучу тилдик каржаттар жана алардын семантикалык топтору» (2009), А. Дашмандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги убакыт мезгилди туюндуруучу лексикалык каражаттар» (2009), Ж. Исмаилованын «Кыргыз жана түрк тилинде мөмө-жемиш аталыштары» (2012), Б. Сатылмыштын «Кыргыз, түрк жана монгол тилдериндеги лексикалык паралеллдердин фонетикалык өңүттөрү» (2014), П.Эстебесованын «Кыргыз жана түрк тилиндеги анималисттик фразеологизмдер» (2016), Ч. Фатихтин «Кыргыз жана түштүк Сибирь түрк тилдериндеги куранды атооч сөздөрдүн жасалышы» (2016), Г. Арапованын «Кыргыз жана түрк тилиндеги өң-түс концепттери» (2016), А. Жамашованын «Кыргыз, түрк тилдериндеги элестүү этиштер» (2016) өндүү атайын илимий изилдөөлөрү жакталды.

Аталган илимий-изилдөөлөрдүн башкы максаттарында кыргыз жана

түрк тилинин, кеңири алганда, түрк тилдеринин ортосундагы түпкү биримдүүлүктү аныктоого, далилдөөгө арналган жана ар бир изилдөөлөрдө коюлган маселелер салыштырылып изилдөөнүн маани-маңызынын оручундуулугун ачыктап турат. Кыргыз жана түрк тилинин тектештиги тууралуу изилдөөлөрдө лингистикалык ар кыл маселелер козголгон.

Изденүүчү А. Гүнгөрдүн “Кыргыз жана түрк тилиндеги ооруга байланыштуу тергөө сөздөр” (2006) аттуу кандидаттык иши тектеш эки тилди лексикалык деңгээлде изилдөөгө алган алгачкы эмгек болуп саналат. Эмгек эки тилде тең атайын иликтөөнүн объектиси боло элек эң зарыл жана актуал маселелерге арналган. Автор дегенде тергөө сөздөрүн, анын ичинде ооруга байланыштуу тергөөлөрдү да, элдин тарыхы, үрп-адаты, этнографиясы, дүйнө көз карашы өңдүү улуттук өзгөчөлүктөр менен тыгыз байланышта кароо зарылдыгы; тергөө сөздөрүнүн жалпы семантикалык топтору; тергөө сөздөрүнүн жасалуу жолдору өңдүү жалпы теориялык маселерди иликтөөгө алып, тийиштүү корутундуларды чыгарат. Муну менен катар фактылык материалдарга конкреттүү жана ар тараптуу талдоо жүргүзүү аркылуу сөздөрдү тике айтууга (табу-тергөө) тыюу салуунун гносеологиялык, социалдык жана психологиялык себеп-өбөлгөлөрүн, табу жана эвфемизмдердин жалпылыгы менен бөтөнчөлүктөрүн ынанымдуу ачып бергендиги, ошондой эле табу терминин ордуна тыюу сөзү, эвфемизмдин ордуна сылык сөздөр деген төл сөздөрүбүздү термин катары сунуш кылгандыгы өзгөчө көңүл бурууга арзыйт.

Эмгектин экинчи бөлүмү ооруга байланыштуу тергөө сөздөрүн этнолингвистикалык өңүттө иликтөөгө алып, салыштырып жаткан тилдерде ооруну тергөө ыкмалары жагынан, негизинен, жалпылыкка ээ экендиги, мунун себеби эки элдин өзөктөштүгүндө, үрп-адаты жана салт-санаасынын окшоштугунда, ошондой эле ооруну туюндурган уңгулардын бирдейлигинде жаткандыгын аныктап көрсөтүү менен, ооруну тергөөдө колдонулган айрым ыкмаларды эки тилдеги фактылык материалдарга талдоо жүргүзүү аркылуу талапка ылайык ачып берген.

Кийинки бөлүмдө ооруга байланыштуу тергөө сөздөрүнө лексикалык-семантикалык мүнөздөмө берилет, т.а., чечек, кызылча, сарык, безгек, чыйкан, ошондой эле көз оорусуна байланыштуу тергөөлөр салыштырма мүнөздө терең жана ар тараптуу иликтөөгө алынат. Аталган бөлүм талдоолорунун конкреттүүлүгү, фактылык материалдардын молдугу, чыгарылган корутундуларынын ынанымдуулугу менен айырмаланып турат. Жогоруда белгиленген оору аттарынын ар бирине токтолуп, аларды тергөө боюнча салыштырылып жаткан тилдерде кандай окшоштуктар менен айырмачылыктар орун алгандыгын, бөтөнчөлүктөрдүн себептерин (эки элдин географиялык жашоо шарты, буга байланыштуу оорунун мүнөзү; ооруларга карата көз карашы, айыктыруу үчүн жасаган ырым-жырымдары ж.б.) жеткиликтүү деңгээлде ачып берүүгө жетишет. Бир эле мисал: чыйкан оорусунун кыргыз тилинде 6 тергөөсү болсо, түрк тилинде бул оору сексенден ашык сөз менен тергелет, мунун себеби жогоруда көрсөтүлгөн жагдай-өбөлгөлөр менен шартталат. Мындан сырткары, жогорудагы ооруларды тергөө ык-амалдары боюнча эки тилдеги жалпылык менен бөтөнчөлүктөрү да аныкталып, айрым сөздөрдүн этимологиясы, келип чыгыш теги илимий негизде чечмеленет; тергөө сөздөрүнүн тилди байытуудагы көркөмдүүлүгүн жана адеп, ийкемдүүлүгүн арттыруудагы мааниси ачылып берилет. Айтор, А.Гүнгөрдүн илимий эмгеги келечекте мындай багыттагы иликтөөлөргө илимий негиз болуу менен, тергөө теориясын байытууга, тектештик маселесин толуктап тактоого өз үлүшүн кошору талашсыз.

Профессор Б. Сагынбаеванын «Кыргыз жана түрк тилиндеги этиш түркүмүнүн структура-функционалдык салыштырмасы» аттуу докторлук диссертациясында сөздүн морфологиялык модели жөнүндөгү теориялык меселе, сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн принциптери тектеш тилдердин факты-материалдарында кеңири иликтөөгө алынып, андагы өзгөчөлүктөр, концептуалдык карама-каршылыктар илимий негизде териштирилет. Кыргыз жана түрк тилиндеги этиш сөз түркүмүнүн морфологиялык парадигматикасындагы орун алган жалпылыктары жана

андагы кездешкен өзгөчөлүктөрү, анын функционалдык-семантикалык мейкиндик алкагындагы этиштин чак, ыңгай категорияларын туюндуруучу каражаттарынын системалуу ирети талдоого алынат.

Биздин жеке баамыбызда, окумуштуунун аталган эмгегинде грамматиканын ички маңызы жана сырткы турпаты, грамматикалык бирдиктер кандай талаптарга жооп бериши керек деген маселе коюлуп, алар азыркы жаңы лингвистиканын теорияларына негизделүү менен чечилген, башкача айтканда, грамматикалык бирдиктердин уюшулуусун, алардын функционалдык семантикалык мейкиндик алкактагы ордун изилдөөгө аракеттер жасалган. Натыйжада кыргыз тилин тектеш түрк тили менен салыштырып, эки тилдин грамматикалык табиятынан башкача өзөгөчөлүктөрдү таап чыккан. Атап айтканда, морфологиялык парадигматиканын уюшулушунда кыргыз жана түрк тилинде бир катар айырмачылыктардын бар экендиги аныкталган. Маселен, түрк тилиндеги ыңгай, чак парадигматикасы кыргыз тилинен өзгөчөлөнүп, грамматикалык категориялардын талабына жооп бере бербестигин, эки башка чак мүчөлөрдүн бир сөз формасындагы катар келүүсү мындай кубулушка мисал боло аларын илимий-теориялык негизде ишенимдүү далилдеп бере алган. Бурул Сагынбаеванын бул докторлук диссертациясын кыргыз жана түрк тилинин морфологиялык маселелерин салыштырып изилдөөдөгү орчундуу эмгек катары баалоого болот.

Эки тилдеги убакыт-мезгилге байланыштуу, лексикалык каражаттарды салыштырып иликтөөнү колго алган эмгектердин бири А. Дашмандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги убакыт мезгилди туюндуруучу лексикалык каражаттар» аттуу кандидаттык диссертациясы. Албетте, убакыт-мезгилге байланыштуу лексикалык каражаттарга карата эки тилде өз алдынча изилдөөлөр жүргүзүлүп келгендиги белгилүү. Бирок кандай болгон шартта да, ошол изилдөөлөрдүн өзүнөн тактоону талап кылган маселелер да учурабай койбойт. Диссертант өзү белгилегендей, биринчиден, бир тилди жекече алып изилдегенде ачып берүүгө мүмкүн болбогон, же байкалбай көз жаздымда

калып калган кубулуштар тилдерди өз ара салыштырып териштиргенде кеңири жана ар тараптуу ачыларын, мурда баамга урунбай келаткан кубулуштар ачыкка чыгарын турмуштук практика далай ирет далилдеп көрсөткөндүгү анык. Экинчиден, убакыт-мезгилди туюндурган лексикалык каражаттар элдин тарыхы, дүйнө таанымы, үрп-адаты, салт-санаасы жана башкалар менен тыгыз байланышкан, далай кылымды башынан кечирген байыркы кубулуштардын бири. Буга байланыштуу өзөктөш тилдерде да айрым айырмачылыктар орун алары мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат, андыктан убакыт-мезгилди туюндуруучу лексикалык каражаттарды тарых, философия, этнография, жалпы эле этнология менен тыгыз байланышта карап, эки тилдеги жалпылык менен айырмачылыкты чечүүгө аракеттенүү теориялык жана практикалык жактан көп маселелердин аныкталып-такталышына чоң көмөк көрсөтөөрү бышык [Дашман, 2009:3]. Адилет ой. Дегеле, тилдик материалдарды изилдөө аркылуу элдин басып өткөн жолун, ар түркүн элдердин өз ара карым катышын, тилдердин тектеш жана тектеш эместигин, элдик көз караштарды, ой жүгүртүүлөрүн жана башка көптөгөн маселелердин башын ачып алууга болот. Демек, тил адамдардын ортосундагы байланыш курал кызматын коммуникативдүүлүк процессти аткаруу менен гана чектелбейт.

Али Дашман кыргыз жана түрк тилиндеги убакыт-мезгилге байланыштуу сөздөрдү төмөнкүдөй семантикалык топторго бөлүп карайт: 1. Убакыт мезгил түшүнүгү; 2. Жума күндөрү; 3. Ай аттары; 4. Жыл мезгилдери; 5. Жыл аттары. Байкалып тургандай, кыргыз жана түрк эли убакытты күн менен айдын жылышына, жылдыздардын жайгашуусуна , географиялык жана аба-ырайы шарттарына, аңчылыкка, мал чарбачылыкка карата аныкташып беришкен. Мындан лексикалык каражаттардын колдонулушунан, семантикалык маанилеринен эки элдин ортосундагы жакындык белгилерди ачыктаган.

Бул эмгек менен катарлаш эле А. Кожанын «Түрк кыргыз тилдериндеги эмоционалдык-экперссивдик маанини туюндуруучу тилдик каражаттар жана

алардын семантикалык топтору» деген кандидаттык диссертациясы корголду. Жаш түрк илимпоздору кыргыз тилин терең өздөштүрүү менен, анын айрым маселелерин изилдөөнүн конкреттүү обьектиси катары алышып, түрк тили менен салыштырып, тиешелүү натыйжаларды чыгарып жатышат. Мындан эки элдин ортосундагы биримдикти жана кызматташтыкты өнүктүрүү максаттарын коюшкандктарын ачык байкоого болот.

А.Кожа өз изилдөөсүндө эмоционалдык-экспрессивдүүлүк кубулушунун кыргыз тили илиминде да, түрк тили илиминде да биринчи жолу салыштырылып изилденип жаткандыгын белгилейт. Эмоционалдуулук, экспрессивдүүлүк жана нарктагыч деген аталыштардын маанилери такталып, тилдик бул кубулуштардын өз ара карым-катышы, жалпылыгы менен айырмачылыгы лексикалык бирдик катары жеке функциясы, пайда болуу өбөлгө-себептери эки тилден алынган фактылык материалдарга негизделип териштирилген. Эки тилде тең семантикалык жактан алганда, эмоционалдык-экпрессивдүү маанини туюндуруучу тилдик бирдиктер карама-каршы эки чоң топко бөлүнөрүн аныктаган. Окумуштуу түпкүлүгүндө алдына коюлган максат-милдеттерин негизинен ишке ашыра алган. Сын көз караштан алганда, бул илимий эмгекке карата айрым бир кемчиликтерди белгилеп коюшубуз керек:

1. Эмоционалдык-экспрессивдик маанини билдирүүчү тилдик каражаттардын функциясы алда канча кеңири. Анын милдеттерин стилистикалык мүмкүнчүлүктөр аркылуу чагылдыруу жетишсиз болуп калган.

2. Эмоционалдык – экпрессивдик маанини туюндурган тилдик каражаттар эки тилде салыштырылып жаткан соң, факты- материалдарды кеңири берсе болмок. Албетте, бул жекече көз караш. Негизинен аталган илимий иш өз максатына жеткен [Кожа, 2009].

2010-жылдардан баштап кыргыз жана түрк тилдеринин лексикалык, грамматикалык каражаттарын салыштырып териштирүү багытында бир кыйла эмгектер жаралды. Мындай илимий изилдөөлөрдүн жандана башташы эки

өлкөнүн ортосундагы кызматташтыктын күч алгандыгынан кабар берет. Алардын бири катары Ж. Исмаилованын «Кыргыз жана түрк тилинде мөмө-жемиштердин аталыштары» аттуу изилдөөсүн көрсөтсөк болот [Исмаилова, 2012].

Өсүмдүктөргө байланыштуу атоолорду сыпаттап териштирүүгө жалпы эле түркологияда анча көңүл бурулбай келаткандыгын илимпоздор адилет белгилеп жүрүшөт. Кыргыз тили илиминде болсо, Ж.Жумалиевдин «Мөмө-жемиштердин түрк тилдериндеги айрым аталыштары тууралуу байкоолор» аттуу макаласын эске албаганда [Жумалиев, 1986:37-45], өсүмдүктөр дүйнөсүн иликтөөгө алган бир да изилдөөнү жолуктура алган жокпуз. Ал эми түрк тил илиминде Фатих Алкайыштын «Түрк тилиндеги өсүмдүк аттары» (2007), Туркан Байтаптун түрк тилиндеги «Өсүмдүктөр аттарынын сөздүгү» (1997), Мехмет Айдын «Орду жана Йоросел диалектилеринде алмурут аттары» (2007), Нух Дагандын «Самсун, Орду жана Синоп диалектилеринде алмурут, алма жана кара өрүк аталыштары» деген эмгектер жаралган. Биздин изилдөөбүздүн максатына ылайык, булардын ар бирине анализ берүүнүн зарылчылыгы жок. Тек гана кыргыз тили илимине тиешелүү болгон жана түрк тили менен салыштырыла изилденген Ж. Исмаилованын аталган эмгегиндеги козголгон маселелерге токтоло кетүүнү туура көрдүк. Изилдөөдө кыргыз жана түрк тилинде мөмө-жемиш аталыштарын классификациялайт да, анда өсүмдүк аттарын эмненин негизинде топторго бөлүштүрүү керектигин чечмелейт. Жалпысынан өсүмдүк аттарын колдонулушуна карата: Тамак-аш катары колдонулган өсүмдүк аттары; Тоют катары колдонулган өсүмдүк аттары; Дары-дармек катары колдонулган өсүмдүк аттары;Боек катары колдонулган өсүмдүк аттары; Кооздук үчүн колдонула турган өсүмдүк аттары; Уулуу өсүмдүк аттары деп бөлүштүргөн. Изилдөөнүн аталышы мөмө-жемиштерге байланыштуу болгондуктан, адегенде жалпы өсүмдүктөргө мүнөздөмө берип салуусу логикалык ыраатуулукту шарттайт. Иштин негизги бөлүгү «Кыргыз жана түрк тилдериндеги мөмө-жемиштерин атоо принциптери» деп аталат да, анда мөмө-жемиштерди өңү-түсүнө карата, өскөн жерине карата,

окшоштурулуп аталышына карата, буюм аттарына карата, жаныбарлардын аттарына карата, дене-мүчөлөрүнө окшоштурулушуна карата, даамына карата, коомго карата, адистиктерге карата, тууранды сөздөр жана баланын тилине карата, турпатына жана башка өзгөчөлүктөрүнө карата атоо принциптери деп он үч түргө бөлүштүрүлөт. Баам салып карасак, кыргыз жана түрк тилиндеги мөмө-жемиштерге байланыштуу аталыштардан улам, лексикалык тил байлыгынын аныкталгандыгын көрүүгө болот. Ал эми үчүнчү бабында кыргыз жана түрк тилдериндеги мөмө-жемиш аталыштарынын чыгыш теги иликтенет. Бул эмгек түркология илимине өз салымын кошо алган.

Кыргыз, түрк жана монгол тилдериндеги лексикалык параллелдердеги тыбыштык шайкештиктер, өзгөрүүлөр, өнүгүүлөрдү аныктоого карата Бажак Сатылмыштын «Кыргыз, түрк жана монгол тилдериндеги лексикалык параллелдердин фонетикалык өңүттөрү» аттуу эмгеги бар. Кыргыз, түрк жана монгол тилдеринин фонетикасы багытында жасалган бул эмгек изилдөөлөдүн алгачкысы болуп эсептелинет. Изилдөөчү аталган тилдерди алтай тил бүлөөсүндө карайт. Дүйнөлүк тилдердин классификациясына, түрк тилдерине байланыштуу салыштырма-лингвистикалык эмгектер ар башка мезгилдерде да тилдик изилдөөлөрдүн арасында башкы орунду ээлеп келген. Эскерте кетүүчү жагдай бар, XVIII-XIX кылымдарда салыштырма-тарыхый тил илими Европада биринчи жолу колго алынып, өркүндөтүлө баштаган деп бир кыйла таамай изилдөөлөрдүн мисалында далилдеп жүрүшөт. Чын-чынына келгенде, салыштырма тарыхый тил илиминин пайдубалы чыгышта, түрк тил илиминде түптөлгөн. XI к. таандык Махмуд Кашкаринин «Дивану лугати-т түрк» сөздүгүндө салыштырма-тарыхый тил илимине негиз салынгандыгын эстен чыгарбообуз керек. Бул эмгек тууралуу өзүнчө чоң сөз кылууга болот.

Б. Сатылмыш кыргыз, түрк жана монгол тилдериндеги тыбыштык шайкештиктерде үнсүз тыбыштар башкы үч теманын алдында биринчи даражадагы элемент деп кабыл алынгандыгын далилдөөгө аракеттерди жасайт жана үч тилдин биринчи даражадагы тыбыштык структурасы окшош деп белгилейт. Кыргыз тилинин тыбыштык турпаты, тыбыштык дал келүүлөрү,

өзгөрүүлөрү түрк тилине караганда монгол, казак, өзбек тилдеринин тыбыштык турпатына жакыныраак [Сатылмыш, 2014].

Кыргыз, түрк тилдерин салыштырып изилдөө иштери фонетикалык, лексикалык, грамматикалык багыттарда гана жүргүзүлбөстөн, кийинки мезгилдерде тил илиминин жаңы багыты когнитивдик лингвистиканы да өз кучагына ала баштады. Аң-сезим менен тилдин байланышын изилдөөчү когнитивдик лингвистика XX кылымдын аягында калыптана баштаган. Анын калыптанышына орусияда Н. Н. Болдырев менен польшалык А.Вежбицкая зор салым кошушкан. Орус тили илиминде бул багыттагы А. В. Костин, А. Д. Шмелев, А.П.Бабушкин, В.В.Воробьев , В.В.Петров, В.И. Карасик, В. Н.Телия, Г. Г. Слышкин, Д.О.Добровольский, Е.В. Рахилина, Е.С.Кубрякова, З. Д. Попова, И. А. Стернин, И. К. Архипов, И.М. Кобозева, М.В.Никитин, Н.Д. Арутюнова, Р. М.Фрумкина, С. Г. Воркачев, Ю. Д. Апресян, Ю.С. Степанов сыяктуу жана башка изилдөөчүлөрдүн өзүнчө бир чоң тобу пайда болду.

Кыргыз тили илиминде когнитивдик лингвистика боюнча З. К. Дербишева, М.Ж.Тагаев, Э.Т. Төлөкова, П.Кадырбекова, Ы. А.Темиркулова, Г. Н. Коротенко, Нурайым Сардарбек кызы, О. Д. Тихоненко, А.Р. Бутешова, Г.А.Абыканова, А.А.Калмурзаева, С.Б.Эргешова, А.Абдулатов өндүү илимпоздор иш алып барышууда. Ал эми когнитивдик лингвистика илиминин негизинде кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдөөгө алган Г.Б. Чолпонкулованын «Кыргыз жана түрк тилиндеги концептуалдык талдоонун негиздери» (2015), Г. У. Арапованын «Кыргыз жана түрк тилиндеги өң-түс концептери» (2017) аттуу илимий изилдөөлөрү бар. Мындан кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдөөнүн диапазону кеңейип бараткандыгын көрүүгө болот. Эки элдин тилин салыштырып анализдөөнүн аркасында алардын биримдигин шарттого болот.Жогорудагы кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдеген эмгектерге илимий сереп жасоонун өзү изилдөөбүздүн максат-мүдөөлөрүн ишке ашырууда чоң көмөк болоору анык. Ал илимий эмгектердеги коюлган маселелердин натыйжалары, жыйынтыктары диссертациялык ишибиздин сапатын жогорулатууда илимий-

теориялык материалдар, көрсөткүчтөр катары кызмат өтөрү шексиз.

1.2. Көркөм чыгарманын тилинин изилдениши

Кыргыз жана түрк кийим-кечек аталыштарынын салыштырылышы, лексика-семантикалык топторго бөлүнүшү, алардын көркөм чыгармалардагы стилистикалык колдонулушу диссертациялык ишибиздин маңызын, структуралык негизин түзүп турат. Бул маселелер Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» тарыхый романындагы факты-материалдар аркылуу териштирилип жаткандыктан, оболу, көркөм чыгарманын тилине, андагы маселелерге токтолбой коюуга болбойт.

Орус тили илиминде көркөм чыгарманын тилин изилдөөгө арналган В.В. Виноградов, Р.А.Будагов, Л. В. Щерба, Г.О.Винокур, Н.М.Шанский, Д.Н. Шмелев, В.В. Кожинов, В.А.Аврорин, М.М.Бахтин, П.Г. Пустовойт, Б. В. Томашевский, А.Л.Назаренко, Б. А. Ларин, А. Н. Рудяков сыяктуу жана башка окумуштуулардын эмгектери бар. Көркөм адабияттын тили адабий тилдин функциялык стилдеринен айырмаланып, сүйлөшүү кебинен, тилдин диалект, жаргон, кесиптик лексикасынан пайдалана алат. Азыркы көркөм адабияттын материалы катары тилдин бардык системасы кызмат кылат. Көркөм адабияттын тили – адабий тилдин башка стилдеринен принципиалдуу түрдө айырмаланган көрүнүш [Левин, 1955:97].

Көркөм чыгармада жалпы элдик тилдин каражаттарын өзгөчө чыгармачылык менен колдонгон учурда жаңы категория (эстетикалык категория) келип чыгат [Мурат, 1957: 22].

Көркөм адабияттын тили – адабий тилдин ажырагыс бир бөлүгү. Ал адабий тилдин функциялык стилдери менен бирге элдин улуттук тилинин системасына кирет. Ошондой эле адабий тилдин функциялык стилдерин көркөм адабияттын тилинен ажыратууга мүмкүн эмес. Адабий тилдин өнүгүшүндө көркөм сөз устаттары өздөрүнүн чыгармаларында элдик оозеки тилдин жандуу булагынан көркөм сүрөттөөнүн таасирдүү каражаттарын, жаңы ыкмаларын издеп табышып, адабий тилге сиңирүү менен аны тынымсыз

байытып турат. Көркөм адабияттын тилинин тынымсыз өнүгүшү бүтүндөй улуттук адабий тилдин өнүгүшүнө жана байышына кызмат кылат.

Бул боюнча орус окумуштуусу Н. М. Шанский (1984) өзүнүн эмгегинде “текстке талдоо жүргүзүү аркылуу адабий тилдин тарыхый өзгөрүштөрү, тилдик норманын сакталышы, башкаларга салыштырып жеке автордун өзүнө тиешелүү норманын тилдик формасы такталат. Тил адабияттын биринчи элементи болгон сыяктуу эле текстке лингвистикалык талдоо жүргүзүү стилистиканы үйрөнүүнүн пайдубалы” экенин белгилеген [Шанский, 1984].

Азыркы мезгилде жалпы тил илиминде көркөм текстти иликтеп-изилдөөнүн ар кандай аспектилери аныкталып, багыттары белгилене баштады.

Орус тил илиминде көркөм текстти иликтөө жөнүндөгү маселе 30-жылдардын башында Л.В. Щербанын (1957) эмгектеринде илимий жактан негизделген жана талданган. Ал текстти лингвистикалык иликтөөнүн негизги максаты - адабий чыгарманын идеялык жана эмоционалдык мазмунун туюнта турган лингвистикалык каражаттарды табуу экендигин белгилеп, лингвистикалык каражаттар катары төмөндөгүлөрдү көрсөткөн: сөз, сөз түрмөктөрү, басым, ритм жана ага окшогон элементтер, сөздүктөрдү түзүүнүн жолу ж.б. [Щерба, 1957]. Кеп болуп жаткан маселеге белгилүү окумуштуу А.М. Пешковский (1930) да атайын көңүл бурган. Окумуштуу лексиканы семантикалык жана стилистикалык жактан иликтөөгө өзгөчө маани берип, лексика образдардын системасы экендигин жана ал идеология менен тыгыз чырмалышканын белгилеген [Пешковский, 1930]. Көркөм чыгарманын тилине лингвистикалык илик жүргүзүүнүн улантуучулардын катарына В.В.Виноградов, Л.И.Тимофеев, А.А. Потебня сыяктуу окумуштуулар кирет. Жогоруда белгиленген окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен көркөм текстке лингвистикалык жактан иликтөө бир канча негизги жоболорго таянарын, алар ошол эле мезгилде анын принциптерин түзөрүн белгилеп кетебиз:

1. Көркөм текст үч аспектиде каралат: идеялык мазмун, образ, тил. Тексттин компоненттери белгилүү бир өз ара байланышта турушат, башкача

айтканда, “тил образга карата форма, образ чыгарманын идеялык мазмунуна карата форма болуп саналат жана бул текстти бүтүндүк катары кароого мүмкүндүк берет” [Тимофеев, 1976]. Ал эми тилдик фактыларды анализдөө, көркөм сөз каражаттарды синтездөө тексттин идеялык мазмунун ачуу болуп эсептелет. Көркөм чыгармада жазуучунун айтайын деген негизги ою, сүрөттөлгөн нерсеге берген баасы чыгарманын идеясын түзөт. Анда идея, жазуучунун пикири түздөн-түз ачык берилбейт. Автор окурмандарга каармандар аркылуу: аларга эмнелер жагат, жакпайт, алардын турмушка болгон көз караштары, ар кандай сүрөттөлгөн окуялар, адамдардын жүрүш-турушу менен берет. Ошондуктан, биз чыгарманы окуп жаткан кезде, ага улам сүңгүп кирүү менен бара-бара автордун берейин деген оюна ортоктош болобуз. Көркөм текстте бирден-бир терең маанини өзүнө камтып турган бул – көркөм образ. Көркөм образ аркылуу окурман чыгармадагы окуяларга катышып, өзүнүн жан дүйнөсүн түйшөлткөн жагдайларга дуушар болот. Ал эми көркөм образ (каарман, турмуштагы ар кандай көрүнүштөрдү чагылдыруу, жаратылыш ж.б.), ар түрдүү поэтикалык троптор, көркөм сөз каражаттары ж.б. аркылуу түзүлөт. Демек, көркөм чыгарманын көркөмдүк деңгээлин андагы тилдик бардык каражаттарды, чыгарманын идеясын терең түшүнүү кандайдыр бир деңгээлде көркөм образды талдоо аркылуу ишке ашат.

2. Текстти иликтөөгө конкреттүү – тарыхый мамиле жасоо. Тактап айтканда, “көркөм чыгарманы, анын тилин, мазмунун изилдөөдө коомдук турмушту терең түшүнүүгө, ошол доордун адабият жана искусствосунун абалы жөнүндө, жалпы элдик оозеки тил менен адабий тилдин абалы жөнүндө жана ошол кездеги стилдер тууралуу билимдерге таянуу зарыл” [Виноградов, 1959:35].

Г.О. Винокурдун “термин - бул жалпы сөздөрдөн өзгөчөлөнгөн сөз эмес,ал болгону өзгөч функциялуу гана сөз. Ушул өзгөчө функция сөздөрдү терминге айландыра турган гана функция. Ал эми бул - атоо функциясы” деген илимий аныктамасына кошулабыз [Винокур, 1939: 45].

3.Текстттеги азыркы адабий тил нормасына туура келген фактыларды жана ар түрдүү нормадан четтөөлөрдү, жекече жана автордук фактыларды ажыратуу. Текстке лингвистикалык изилдөө жүргүзүүдө, тарыхый мамилелерге таянуу менен чыгарманы азыркы көз караштан туруп окуп, аны азыркы адабий тил нормасынын негизинде баалоо керек. Мунун натыйжасында көркөм текстте кандай көөнөргөн жана диалектилик сөздөр, оозеки кеп, ж.б. колдонулгандыгын чыгарманын тарыхый жактан кайсы доорго таандык экенин, тарыхый лексиканы канчалык деңгээлде боюна сиңиргенин аныктоого болот.

4. Поэтикалык тилди чындыкты эстетикалык жол менен таануунун формасы катары түшүнүү. А. А. Потебнянын пикири боюнча “поэзия бул – жашоонун жогорку, татаал максаттары үчүн чындыкты иликтөө” [Потебня, 1976]. Мында баяндоочунун өзүн курчап турган дүйнөгө жана сүрөттөлүп жаткан нерсеге болгон көз карашы чагылдырылат. Эстетикалык өздөштүрүүнүн негизги каражаты тил болуп эсептелинет. Көркөм тилдин ажырагыс касиеттеринен болуп саналган эмоционалдуулук, образдуулук, көп маанилүүлүк сыяктуу кубулуштар тилдин көп түрдүү каражаттарын орду менен пайдалануунун натыйжасында гана ишке ашат.

Кыргыз тили илиминде болсо К. Кырбашевдин «Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили» (1968), «Манас» эпосунун стили» (1983), М. Мураталиевдин «Баатырдык кенже эпостордун тили» (1976), К.Бекназаровдун ”Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы диалектизмдер”(1987), Ж. Мамытовдун «Көркөм чыгарманын тили» (1990), «Көркөм чыгарманын тилинин кээ бир маселелери» (2007), Б. Усубалиевдин «Көркөм чыгармага лингвостиликалык илик» (1994), Н. Шаршеевдин «Көркөм чыгармалардын лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү» (1983), С. Өмүралиеванын «Ч.Айтматовдун көркөм чыгармаларына лингвистикалык илик» (1999), А. Биялиевдин «Манас» эпосунун тили жана стили» (2004) өңдүү көркөм чыгармалардын тилин изилдөөгө арналган эмгектер жаралды. Ушундан улам, кыргыз тили илиминде да көркөм чыгарманын тилин илимий негизде изилдөө

иштери калыптана баштагандыгын байкоого болот.

Көркөм чыгарманын маани-маңызы адамды, коомдук турмушту, табиятты таанууда жатат. Акын-жазуучулардын өздөрүнө мүнөздүү стилин, чыгармачылык чеберчилигин, стилдик каражаттарды колдоно билүү мүмкүнчүлүктөрүн, туура аңдап, терең талдап аларга карата ой жүгүртө билүү үчүн көркөм чыгарманын тилин үйрөнүүнүн мааниси чоң. Анткени, көркөм чыгарманын ийинине жеткириле иштелип чыгуусу, окумдуу, таасирдүү болушу тилдик каражаттардын чеберчилик менен пайдаланышына да негизделет. Жазуучунун тили аркылуу анын сүрөткерлик чеберчилиги, автордук дарамети байкалат.

Ж.Мамытовдун көркөм чыгарманын тилин изилдөө зарылчылыгы тууралуу: «Жазуучунун тилин жакшылап изилдебей, кылдаттык менен билбей туруп, анын стилин, поэтикасын, көз карашын аныктоо мүмкүн эмес. Ошондуктан, кыргыз көркөм адабиятынын, ошондой эле айрым жеке жазуучудардын тилин лингвистикалык аспектиде изилдөөнүн теориялык да, практикалык да зор мааниси бар. Конкреттүү көркөм чыгарманын тилдик формасы менен анын идеялык мазмунунун, образдык системасынын ортосундагы биримдикти көрсөтүү чыгарманын идеясын жана образдарын ачып берүүдө эне тилдин тигил же бул катмарынан пайдалануудагы ийгиликтерди жалпылоо жана көркөм максат үчүн тилдик каражаттарды тандап алууда айрымдарынын чыгармачылык практикасында кетирилип жүргөн кээ бир мүчүлүштүктөрдү көрсөтүү аркылуу жандуу адабий процесске көмөктөшүү сыяктуу маселелерди чечүү милдети кыргыз филологдорунун алдына коюлган учурдун маанилүү талаптарынан болуп эсептелинет» - деп айтканын кубаттоого болот [Мамытов, 2007:3]. Мында көрүнүп тургандай, көркөм чыгарманын тилине лингвистикалык багыттагы иликтөөлөрдү жүргүзүү тил илиминдеги орчундуу маселелерден экендиги белгиленген. Көркөм чыгарманын тили канчалык деңгээлде кеңири жана терең изилденсе, анын натыйжаларынан улам төмөндөгүлөргө жетишүүгө болот:

-Көркөм чыгарманын идеялык мазмуну тилдик каражаттар аркылуу

чеберчиликте ыктуу чагылдырылса форма менен мазмундун диалектилик биримдигин аныктай алабыз.

- Адабий тил менен көркөм чыгарманын тили түшүнүктөрүнүн айырмалуулуктарын, көркөм кептин стилинин спецификалык өзгөчөлүгүн белгилөөгө болот.

- Көркөм чыгарманы талдоодо колдонулуп келе жаткан «жатык», «супсак», «так», «элпек», «кооз», «укмуш», «жеткиликтүү», «түшүнүктүү» жана башка сыяктуу эч нерсени ачып бере албаган жалпы жонунан айтылган эпитеттерди колдонуудан кутулабыз.

Чындыгында, кыргыз тили илиминде көркөм чыгарманын тилин изилдөөгө арналган илимий изилдөөлөрдүн бардыгы эле чыгарма тилинин табиятын, өзгөчөлүктөрүн ачып бере албастыгын Ж. Мамытов адилет белгилейт: «Тилчи окумуштуулар болсо, адабий чыгарманын жандуу көркөм текстинен сөздөрдү, сөз тизмектерин, сүйлөмдөрдү жулуп алышат да, аны кан-сөлүнөн ажыратып, жалпы тилдик категориялардын, эрежелердин негизинде «анатомиялык анализ» жасап киришет. Көркөм чыгарманын тилин мындайча талдоонун эң сонун үлгүсү катары «Кыргыз адабий тилинин стилдик түрү» (1983) аттуу китепчеге кирген Н. Шаршеев менен Б.Тойчубекованын макалаларын көрсөтүү жетиштүү болот го деп ойлойбуз. Ал макалаларда көркөм кептин бөлүнбөстүгүн, бүтүндүгүн эске албастан, көркөм сөз каражаттарын Н. Шаршеев [Шаршеев, 1983:74-84] сөз түркүмдөрү зат атоочтук жөндөмө, сан категориялары, ат атоочтун түрлөрү, этиштин чактары боюнча «жиликтесе», Б.Тойчубекова [Тойчубекова, 1983:109-146] көркөм чыгармада колдонулган жөнөкөй сүйлөмдөрдү жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, буйрук сүйлөм, бир составдуу, эки составдуу сүйлөм, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч, каратма, киринди жана сырдык сөздөр деп синтаксиске тиешелүү бардык категориялар боюнча бөлүштүрүп, алардын ар биринин адабий чыгармада көркөм каражат катары кызмат кылары кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынан алынган көптөгөн мисалдардын негизинде далилдөөгө өтө ынтызарлык менен аракет жасаган [Жумашев, 2007:4].

Бирок бул жерде Ж. Мамытовдун пикирин өтө бир жактуу, т.а., көркөм чыгарманын тилин лингвистикалык өңүттө изилдөөгө болбойт, ал лингвистилистикалык же лингвопоэтикалык нукта гана изилдениши керек деген мааниде түшүнүүгө болбойт. Лингвостилистикалык илик көркөм чыгарманын тилин иликтөөнүн биринчи тепкичи болуп саналат, ал лингвистикалык да, лингвопоэтикалык да иликтөөнүн негизин түзөт жана түзүшү керек, анткени сөздүн стилистикалык да, поэтикалык мааниси да белгилүү бир деңгээлде анын лексикалык (лингвистикалык) маанисинде “жашырынып” жаткан болот. Андыктан, лингвистикалык иликтин өзүнчө максаты бар: ал тигил же бул тилдик кубулуш, бирдиктин кайсы бир чыгармада колдонулушуна иликтөө жүргүзүү аркылуу алардын (кубулуш, бирдиктин) жалпы адабий тилдеги колдонулуш абалы менен салыштырып, маанилерин дагы тереңдетип ачып берүүнү көздөйт. Демек, Ж. Мамытов бул жагдайга анча назар бурбай, көркөм чыгарманын тилин лингвостикалык (лингвопоэтикалык) планда изилдениши кажет деген гана пикирди тутунгандай таасир калтырат.

Көркөм чыгарманын тилин илимий негизде териштирүү өтө аярлыкты жана даярдыкты талап кылышы кажет. Андагы фонетикалык өзгөчөлүктөр, лексикалык каражаттардын колдонулушу, сүйлөм түзүлүштөрү тексттин алкагында каралып, бир бүтүндүктө чечилүүгө тийиш. Көркөмдүк табиятынын аныкталышында алардын функциясы конкреттүү белгилениши абзел. Айталы, көркөм алкакка түшкөн кайсы бир тилдик каражаттар өзүнө мүнөздүү лексикалык маанини туюндуруу менен гана чектелбей, экинчи бир маанилерди кошо билдирип, маанилик катмарланууга, маанилик жылышууларга ээ болушу толук мүмкүн. Шарттуу түрдө, «Сынган кылычтан» бир сүйлөм алалы: «Коргондун наркы четинде капкара кийим желдеттер калган элди ортолорунан койчо чубатып өткөрүп жатышты» (С.К., 311). Маселен, сүйлөмдөгү *капкара кийим* сөз айкашы желдеттердин кийген кийиминин түсүн көрсөтүү функциясын гана аткарган жок. Ал ошол тексттеги баяндалып жаткан каргашалуу окуяга да түс берди, окуянын ийинине

жеткириле сүрөттөлүшүндө *капкара кийим* сөз айкашынын өз орду бар: синтаксистик-сематикалык, стилистикалык-семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ. “Ушундай эле касиетти ар бир тилдеги ар бир сөзгө ыйгарса болот. Көркөм алкакка түшпөгөн бир да сөз болушу мүмкүн эмес, бир жолу эле эмес, миңдеген жолу туш болуп, ар бир сөз өзүнө жараша түс, өң алат, өзүнчө доошко, мукамга, атүгүл, жытка да ээ болот. Ошентип сөзгө дагы бир касиет кошулат, б.а., кандайдыр бир нерсени атап гана көрсөтпөстөн, өзүнө образдуулук касиетти камтууга (сиңирүүгө) да жетишет. … Бирок мында көркөм алкак дегенди өтө тар, атүгүл, бурмаланган кейипте, айталы, образдуу, элестүү сөздөрдүн жыйындысы катары түшүнүү таптакыр туура эместигин, аны көркөм (образдуу) ой жүгүртүү менен байланышта кароо зарыл экендигин эскерте кетишибиз керек. Ошондо гана тилдин образдуу ой жүгүртүүдөгү орду туура аныкталып, көркөм кеп менен кадыресе кептин (өзгөчө илим тилинин) ортосундагы өзгөчөлүктү ачууга өбөлгө түзүлөт [Усубалиев, 1994:4]. «Көркөм чыгарманын тилинин туюктугун (Б. Усубалиев менен С.Өмүралиеваларда «жумурулук» - *авт.*), бүтүндүгүн анын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катары эсептөө менен бирге, анын өзүн да жалпы тил системасынан бөлүп кароого болбойт. Демек, көркөм чыгарманын тилинин эстетикалык функциясы белгилүү бир тилдин лексика-грамматикалык мүмкүнчүлүгү, семантика-стилистикалык ийкемдүүлүгү аркылуу жүзөгө ашат. Ошондуктан, көркөм чыгарманын тилинин эстетикалык касиетин жалпы теориялык планда гана изилдебестен, аны конкреттүү көрүнүшүндө, конкреттүү сөз каражаттарынын конкреттүү чыгармада, конкреттүү жазуучунун, чыгармачылыгында аткарган эстетикалык кызматы боюнча изилдөөнүн да мааниси зор» [Мамытов, 2007: 6]. «Итак, художественная речь не есть речь в каком –либо лингвистическом или шире, филологическом смысле, точно так же как художественная (сценическое) действие не есть действие в практическом смысле. «Художественная речь» - это плод, результат, «продукт» художественного претворения практической речи, вполне сопоставимый в этом отношении со сценическим «действием», реальная человеческая речь – предмет и материал

литературно- художественного творчества, а не его форма. По тем или иным чертам «художественная речь», т.е., форма искусства слова, может быть предметом близко и современной практической речи (скажем в натуралистической драме) или напротив, очень резко от нее отличается (например, в романтической поэме), но эти сходства и различия в конце концов несуүественны. Самая предельная близость той или иной «художественной речи» и практической никак не отменяет того факта, что форма искусства слова- не речь, а плод ее художественного претворения, то есть принципиально, качественный иной феномен” [Кожинов, 1964:264].

Окумуштуулардын мындай пикирлеринен улам, эмнени белгилегибиз келет. Эң башкысы, көркөм дөөлөттүн табияты, касиети, анын, башкача айтканда, көркөм чыгарманын тили өзгөчө тил экендигин, андагы тил каражаттарынын колдонулуш функцияларынын ролу ж.б., маселелер козголуп жаткандыктан, аны ар тараптуу изилдөө зарылчылыктарынын маанилүүлүгүн баса белгилеп коюуга туура келет. Төмөндө ар башка стилдеги тексттик үзүндүлөрдөн мисалдарды келтирип кетсек:

1.Түнөрө түштү карасур зайыптын кабагы. Эринен гана өтүнө албай, ашканасында көпкө күймөнүп жатып, акыры дасторконго жаңы бышкан эки жилик сүр эт, булоолуу сорпо алып чыкты. Эшиктен киргенде эле бышкан эттин жытын сезген, тыштан шыбырт чыкканда беките салган окшойт, Сарыбайдын денеси жыйрыла түштү (С.К., 322).

2. Албетте багынычсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн классификацияланышындагы бул сыяктуу чар-жайыттуулуктар методикалык жактан да, илимий жактан да анчалык туура болбой. Ошондуктан биз багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр, багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр, сыяктуу эле, өз ара байланышсыз түрдө жана багындыргыч байламталар аркылуу байланыш жасай тургандыгын белгилеген элек [Мураталиев, 1981:14].

3. Мен, Турсуналиев Нурбек «Көкжар» кичи районунун 11-үйүнүн 2-квартирасында жашоочу «Тулпар» кичи ишканасынын директору Кыязов

Назардан менчик бизнесимди өнүктүрүү үчүн 15000 (он беш миң) доллар алты айлык мөөнөткө алдым. Бул сумманы 2015-жылдын 10-июнунда толугу менен төлөп берүүгө милдеттенем [Жапаров, Калыев 2008: 68]. Бул чакан текстерди окуу менен, ар башка стилдеги текстер экендигин дароо эле байкоого болот. Алардын ортосундагы айырмачылыктарды берилген мазмунунан жана түзүлүш формасынан оңой эле ажыратабыз. Бирок ички түзүлүштүк маңызы, табияты, баарыдан мурда, алардагы тилдик каражаттардын колдонулуш мүнөзү, аткарган милдети боюнча олуттуу айырмачылыктарга ээ болуп турат. Алар изилденүүгө тийиш. Кыргыз тили илиминдеги бул багыттагы иликтөөлөрдүн жүрүшү бир кыйла колго алынып калды.

Бул айтканыбыздын далили катары А. Абдыкеримова (“Лингвистикалык поэтика”. -Каракол, 2008), А. Ормонбекова (“Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө”. -Бишкек, 2010) жана Т.Сыдыковалардын (“Барпынын тили”. -Бишкек, 2016) кийинки жылдары жарык көргөн илимий монографияларын көрсөтсөк болот. А. Абдыкеримова негизинен, лингвопоэтиканын теориялык маселелерин караштырса да, айрым жерде кээ бир тилдик кубулуштардын, айталы, тыбыштардын чыгарманын көркөм-эстетикалык дөөлөтүн арттырууда кандай чоң роль ойнорун акын Ш. Дүйшеевдин чыгармаларында талдоо жүргүзүү аркылуу ишенимдүү айтып берсе, А. Ормонбекова плеоназм, синонимдер, кайталоо өндүү кубулуштарга лингвопоэтикалык илик жүргүзүп, ар кыл көркөм чыгармадан алынган мисалдарды конкреттүү жана ар тараптуу талдоо менен поэтикалык семантиканын жаралыш механизмин, бул аркылуу деги эле көркөм текстин бөтөнчөлүгүн ынанымдуу аныктоого жетише алган. Ал эми Т. Сыдыкова өз эмгегинде Барпынын чыгармаларына лингвистикалык, этнолингвистикалык жана лингвостилистикалык талдоо жүргүзүп, андагы тилдик кубулуштардын (синонимдер, эвфемизмдер ж.б.) фигуралардын (жандандыруу, салыштыруу ж.б.) колдонулуш өзгөчөлүгүн, көркөмдүктү жаратуудагы ролун аныктоо менен Барпы акындын тилдик жана стилдик бөтөнчөлүгүн белгилүү бир деңгээлде жемиштүү ачып бере алган.

Окумуштуулар арасында көркөм чыгарманын тили тууралуу эки түрдүү көз караш бар. Алардын бири көркөм чыгарманын тилин адабий тилдин функционалдык стилдеринин семантикасында кароо керектигин белгилешсе, экинчи бир жагы аны адабий тилдик функционалдык стилдеринен сырткары, өзүнчө кароо зарылдыгын белгилешет. Чындыгында, көркөм чыгарманын тилинде анын өзүнө гана мүнөздүү, өзүнө гана таандык, функционалдык стилдердин эч кайсынысында болбогон белгилер жана өзгөчөлүктөр бар. Андагы тилдик өзгөчөлүктөр көркөм чыгарманын спецификалык негизин шарттап турат. Анын тили жазуучунун чыгармасын жараткан курал гана болбостон, көркөм чыгарманын өзү. Андыктан көркөм чыгармада тилдик каражаттардын аткарган кызматы алардын ортосундагы кадимки тилдин байланыштарында аткарган милдеттеринен олуттуу айырмачылыктарга ээ болору белгилүү.

Көркөм адабияттын табиятында сөздүн көп маанилүүлүгү негизги фактордун бири болуп саналат. Ал иш кагаздарда, же илимий эмгектерде ойду так жана конкреттүү берүүдө тоскоолдук жаратат, мындай стилдерге сөздүн көп маанилүүлүгүн колдонууга мүмкүн эмес. Көркөм чыгармадагы сөз коюлган маселени ишке ашырууда, ойду образдуу жеткирүүдө курал гана болбостон, эстетикалык баалуулугун арттыруунун жолу болуу кызматын да аткарат. Сөздүн көп маанилүүлүгү деген түшүнүктү бир гана көркөм чыгармага байлап коюу - осолдук. Көп маанилүү сөздөр кадыресе кепте деле колдонула берет. Айтайын дегеним, көркөм чыгармадагы көп маанилүүлүк анын мүнөздүү көрүнүштөрүнөн болуп саналат, аны кандай шартта, кандай ыкмада колдонуу жазуучунун дараметине жараша болот. Ойду билдирүүдө, айрыкча, көркөм чыгарманы жаратууда сөздүн ролу чоң экендиги баарыбызга маалым. Б.Усубалиевдин: ”Ар бир сөз - жандырмаксыз табышмак, түгөнгүс казына, канчалык казган сайын ошончолук тереңдей берет, тактап айтканда, ар бир сөздө толук ачып берүүгө кудуретибиз жетпеген чексиз мүмкүнчүлүктөр жашырынып жатат”. Тилдеги каражаттардын али туюла элек, баамдала элек мүмкүнчүлүгүн ачуу үчүн зор чеберчилик зарыл, мындай

тилдик туюмдун чапчаңдыгы жетишсиздик кылат - дүйнөнү өзүнчө көрө билүү кудурети болушу керек. Буга жарактуу акын же жазуучу жөнөкөй эле ыкма аркылуу б.а., ар бир сөздү өз ордуна колдонуу менен, анын биз туя элек мүмүкүнчүлүгүн ачып, эскиден жаңыны жаратып таштайт. Бирок орду менен колдонуу деген сыртынан өтө жеңил туюлганы менен (сөздү маанисине ылайык колдонсом эле болду да деп да ойлойбуз), мындан өткөн машакат жок, анткени поэтикалык ойдун жаңылыгы дал ушуну менен тикеден - тике байланышта болуп турат, ошондой эле көркөм чыгармада сөздү орду менен колдонуу деген, адабий тилдин көзү менен караганда, көбүнчө туура эмес колдонуу деген түшүнүккө дал келип калат. Айтор, ааламды ала салдырган чыгаан акын да дайыма эле поэтикалык тилдин нукура, чыныгы техникасына ээ боло бербейт. Бул – биринчиден. Экинчиден, биз көбүнчө дагы бир иллюзияга кабылып жүрөбүз: көркөм чыгарманы асмандан дапдаяр түшө калган чындык катары кабыл алабыз, а ушул дапдаяр чындык кандай жетилет, даярдалат – буга назар бурбайбыз. Акыйкатта, көркөм чыгарма – бул даяр чындыкты гана эмес, аны куруу, жаратуу процессин да камтыйт. Андыктан, анча элес албаганыбыз менен, бизге бир гана даяр ой, идея гана эмес, ошол ойду куруу, жеткирүү процессин да зор таасир калтырат» - деп айтканы түздөн-түз көркөм чыгарманын тилине тиешелүү [Усубалиев, 1994:134-135].

Сөздөр конкреттүү бир заттын, кыймыл-аракеттин, сын-сыпаттын, сан-өлчөмдүн же абстракттуу бардык түшүнүктөрдүн аттары катары гана келбестен, табиятынан эле образдуулук мүмүкүнчүлүгүнө ээ боло жаралат. Арийне, сөздү ыксыз, максатсыз кайра-кайра колдоно берүүдөн улам, анын образдуулугунан ажыратабыз. Ошон үчүн, ойду так, элестүү, таасирдүү жеткирүүдө тилдик каражаттардын орундуу пайдаланылышы шарт. Кыргызда: «Сөздү көп сүйлөсө, тантык болот, сууну көп кечсе, чалчык болот», -деген кеп дал ушул маселеге байланышкан. Көркөм чыгарманын тилиндеги сөз мүмкүнчүлүктөрү көпчүлүк учурда күтүлбөгөн жерден тексттик ойдун шартында жаңы күчкө, жаңы таасирге ээ болуп чыга келет. Ошондуктан, образдуулуктун жаралышында ар бир эле жөнөкөй сөздүн функциясы олуттуу

маниге ээ болуп келет. Сөздүн образдуулукту жаратуудагы милдетин Ж. Мамытов Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан үзүндү келтирүү менен далилдейт: «Жанындагы нөкөрлөрүнөн кымкуутта аскербашчы ажырай түшкөн эле. Бир гана удайчысы ээрчип жүрдү. Аты да кара, өзүнүн ирени да кара, түнөрүңкү, суз, муздак болчу. Эриндерин бек кымтып агы көрүнбөгөн кичинекей жылтыр көздөрүн былк эттирбей, аскербашчыны дайыма тиктеп жүрдү. Колунда милтелүү кара мылтык, милтесинен такыр чок өчүрбөйт. Анын агы көрүнбөгөн жылтыр көздөрү диртилдеп, аскербашчынын далысынан өтө баштады. Бул эмнеси? Ал атынан леп ыргып түшө калды. Ага эч ким сереп салбады. Жан кулактын учунда бараткан ызы-чууда эч ким байкабады. Кара атынын далдаасына өзүнүн кара денесин жашыра берип, атынын кара жалынан мылтыктын учун ашыра сунду. Шашты. Жүрөгү лакылдап, аскербашчынын далысын кароолго токтото албай, өзүнөн-өзү чочуп, селт деп мылтыкты кайра тартты. Акактап оозун ачкан бойдон дагы эки жакты бат-бат каранды. Дароо эңиле, кара жалдан мылтыкты дагы ашырышка батынды… Көз ирмемде мылтык үнү тап этти! … Аскер башы селт дегендей болуп түздөлө түштү да, акырын ийилип ээрдин кашына өбөктөп туруп калды… [Мамытов, 2007:183-184].

Алынган үзүндүдө *кара* деген сөз жыш учурады. Текст боюнча бардык учурда кара номинативдик, түз мааниде *кара ат, кара ирең, кара мылтык, кара дене, кара жол* болуп, өң-түс маанисинде колдонулган. Бирок романда *кара* номинативдик өң-түс маанисинен тышкары өзүнүн аскер башчысына, аталык Алымкулга, ал аркылуу эл-журтуна, өлкөсүнө кылган чыккынчылыкты, кыянаттыкты, ашкан кара ниеттикти, карасанатайлыкты образдуу көрсөтүп жатат. Ошентип көркөм чыгарманын контекстиндеги ар бир сөздүн образдуулугу, көркөм маанилүүлүгү жана көп пландуулугу көркөм адабияттын тилин адамдар ортосундагы катнашуунун башка функцияларынан айырмалап турат [Мамытов, 2007:12-13].

Сөздүн образдуулугу ал качан гана көркөм чыгармада өз ордун таап, ыктуу колдонулганда келип чыгат. Мындай шартта, анын стилистикалык

мүмкүнчүлүгү, маанилик сыйымдуулугу артат. Өйдөдөгү көркөмдүк жана кошумча семантикалык өңүттөрүн арттырып турган экинчи бир тилдик каражаттардын милдеттерин да атабай кетүүгө болбойт. Алар: *түнөрүңкү, суз, муздак; эриндерин бек кымтып; агы көрүнбөгөн кичинекей жылтыр көздөрү* тилдик каражаттары болуп саналат. Ушул каражаттардын коштоосу *кара* сөзүнүн образдуулугун ого бетер жогорулатып турат. Көркөм кепте колдонулган кара сөзүнүн семантикалык ушул өзгөчөлүгү үзүндү текстте камтылган ойду таасирдүү, ийнине жеткире берүүдө өз вазипасын аткарды.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгарманын табияты, анын тилин изилдөө жана андан алынган натыйжалар конкреттүү бир көркөм чыгарманы териштирүүдө чоң көмөк болору шексиз. Ушуну негизге алып, диссертациялык ишибизде көрүнүктүү жазуучу Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы кийим-кечекке байланыштуу аталыштарды лексика-семантикалык жана стилистикалык-семантикалык багытта иликтөөгө алмакчыбыз.

Биринчи бөлүм боюнча жыйынтык

Бул бөлүмдө изилдөөбүзгө тиешеси бар, буга чейин такталып, илимге негиз болгон айрым илимий эмгектерге токтолдук. Ал эмгектерге саресеп салуунун, анализ жүргүзүүнүн, жекече көз караштарды билдирүүнүн,түрдүү териштирүүлөрдүн,оош-кыйыштарды байкоонун урунттуу-урунттуу учурларын белгилөөнүн өзү биздин диссертациялык иштеги коюлган маселени чечүүдө зор көмөк боло тургандыгын эске алдык. Баштапкы бөлүмдө изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин карап чыктык. Коюлган маселени илимий-теориялык негизде туура териштирүү үчүн,илимий изилдөөбүзгө байланыштуу жарык көргөн адабияттарга кыскача анализ жасоо зарылчылыгы жаралды. Алардагы илимий көз караштар, ойлор, жыйынтык-натыйжаларды эске алуу менен, ийгилик – кемчиликтери белгиленди. Биздин диссертациялык ишибиздин туура багытта иликтенишинде ал эмгектердин тийгизген таасири чон экендигин белгилеп өтөлү. Баштапкы бөлүм

“Изилдөөгө байланыштуу илимий эмгекке сереп” жана “Көркөм чыгарманын тилинин изилдениши” деген эки теманы өз ичине камтыды. Кыргыз жана түрк тилиндеги кийим-кечек аталыштары Т.Касымбековдун “Сынгын кылыч” романынын материалдарынын негизинде иликтөө жүргүзүлдү, көркөм чыгарманын тилине кайрылып,иштин маңызын толук ачууга мүмкүнчүлүк түзүлдү, көркөм чыгарманын тилин изилдөө менен тилдик өзгөчөлүктөрүнө да токтолдук. Натыйжада, биз саресеп салган ар бир илимий эмгекти эки тилди (кыргыз жана түрк тилдерин) салыштырып изилдөөгө чыйыр жол деп белгилөө менен лингвистикалык иликтөөлөрдү талап кылуу,күчөтүү азыркы мезгилдин талабы экенин баса белгилегибиз келет. Азыркы кыргыз тили илиминде буга чейин жарык көргөн Бурул Сагынбаеванын, Үсөн Асаналиевдин, Ахмед Гүнгөрдүн, Айшен Кожанын, Али Дашмандын, Ж.Исмаилованын, Бажак Сатылмыштын, П.Эстебесованын, Челик Фатихтин, кыргыз жана түрк тилинин ортосундагы түпкү биримдүүлүктү аныктоо зарылчылыктары белгиленген. Ар бир эмгекте коюлган маселелер салыштырып изилдөөнүн орчундуулугун далилдеп турат. Кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдөөнүн жалпы жыйынтыктарына карата жекече көз караштар билдирилди.

Биздин изилдөөбүз Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы кийимдердин аталыштары боюнча материалдардын негизинде жүргүзүлгөндүктөн, көркөм чыгарманын тилиндеги маселелерге да токтолбой коюуга болбойт. Ошондуктан көркөм чыгарманын тилин изилдеген окумуштуулардын да эмгектерине кайрылууга туура келди. Мында көркөм чыгарманын тилинин өзгөчөлүктөрү, тилдик каражаттардын колдонулуш маанилери, стилистикалык-семантикалык мүмкүнчүлүктөрү эске алынды.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

2.1 Изилдөөнүн методдору жана методологиясы

Кыргыз тили түрк тилдеринин системасына киргендиктен, сөзсүз түрдө тектеш тилдер менен салыштырып изилдөө зарылчылыгы келип чыгат. Түрк тилдери генетикалык жактан жакын, теги бир тил болсо дагы, ар бир тилдин сөздүк фондусундагы көптөгөн лексемалар фонетикалык, морфологиялык, лексика-семантикалык жактан кандайдыр бир даражада айырмаланат.

Андыктан илимдин тармагына, изилдөөнүн багытына жана методологиясына ылайык, илимий эмгек аткарылыш деңгээли, коюлган маселелердин талданыш сапаты жана жыйналып алынган фактылык материалдардын кандай мүнөздө аныкталгандыгы каралат.Чындыгында, кандай мүнөздөгү, кандай багыттагы илимий изилдоо болбосун, ал кубулуштун көтөргөн жүгүнүн бүтүндүгүн, элементтердин биримдигин сактоого аракеттенүү тенденциясы негизги орунда болуусу шарт. Бул биринчиден.

Экинчиден, бир илимий методология аркылуу кубулуштун, иштин бардык тарабын, мазмунун системалуу түрдө талдап, аны ачып берүү мүмкүн эмес. Ошондуктан тилдин тигил же бул кубулуштарынын лингвистикалык же лингвопоэтикалык табиятын аныктоодо акын-жазуучулардын тилин, стилин терен иликтөө талабы коюлуп, көркөм чыгарманын жалпы эстетикалык дөөлөтүн ачып берүүгө такалат.

Ырас, аталган маселени кеңири изилдемейинче, көркөм кептин табиятын, бөтөнчөлүгүн аныктоого таптакыр мүмкүн эмес. Ошондуктан сөз өнөрү ары татаал, ары кеп кырдуу кубулуш болуп эсептелип, аны изилдеп үйрөнүү ар түрдүү багыттарда, аспектилерде болушу зарыл жана мыйзам ченемдуу экени түшүнүктүү.

Тилдик каражаттарды, б.а., кыргыз, түрк тилиндеги кийим-кечекке байланышкан лексемаларга көркөм чыгарманын бөлүнбөс бир бөлүгү катары чыгармага лингвопоэтикалык жалпы талдоо жүргүзүүгө туура келсе, аны чыгарманын жалпы идеялык-мазмунунан, көркөм дөөлөтүнөн ажыратпай карашыбыз шарт жана ошондо гана чыгарманын поэтикалык касиети ачылары анык. Ошондой эле кайсы доор, кайсы мезгилдеги, кандай жанрдагы көркөм чыгарма экендиги жана сүрөткердин чыгармачылык өзгөчөлүгү, стилдик бөтөнчөлүгү да көңүл чордонунда болууга тийиш.

Биздин иликтөөбүздүн булагын Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын материалдары жана анын түркчө котормосу түздү.

Иштин теориялык мааниси бүгүнкү күндө лингвистика көп парадигмалуу негизде өнүгүп-өсүп жатат. Буга байданыштуу лингвостилистика, лингвопоэтика, лингвосементика, этнолингвистика, прагмолингвистика, лингвокультурология, психолингвистика сыяктуу тармактардын идеяларын, табылгаларын, принциптери менен категорияларын тигил же бул даражада колдонулуп кыргыз жана түрк тилдериндеги кийим-кечек аталыштарын лексикалык өзгөчө бирдик катары кароо менен, алардын семантикалык жактан жиктелишин,стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн, табиятын Т.Касымбековдун романынын

мисалдарынын алкагында аныктоо зарылдыгы коюлуп турат бул аркылуу биз, кыргыз жана түрк тилдериндеги кийим-кечек аталыштарынын лингвистикалык концепциясын жана принциптерин иштеп чыгууга жетишебиз ишибизде жогуруда белгилегенибиздей. Кыргыз, түрк тилдериндеги кийим-кечек аталыштарынын лексика-семантикалык топтору, тыбыштык түзүлүшү, жалпылыктары, айырмачылыктары, этимологиясы аныкталып берилип, «Сынган кылыч» романындагы кийим-кечек аталыштарына тилдик-маданий анализ жүргүзүлдү. Булар болсо лингивистикага да кошулган салым боло алат.

Ошондой эле диссертациялык иште чыгарылган илимий-теориялык тыянактар, жыйынтыктар, табылгалар кыргыз, түрк тилинин лексикологиясына, лингвосемантикасына, фоностилистикасына лингвопоэтикасына, этнолингвистикасына байланыштуу теориялык маселелерди иликтөөгө көмөк көрсөтө алары шексиз. Ишибизге дал ушундай максат-милдеттерди жүзөгө ашрууга ылайык келе турган ык-малар колдунууга арекет кылдык.

1.Эмгектин методологиялык негизи болуп диалектикалык ыкма, ага таянган кыргыз, түрк тили боюнча изилдөөлөр жана лингвостилистика боюнча эмгектер, ошондой эле жалпы тил илими, орус тил илимининин стилистикасындагы маалыматтар, кыргыз, түрк тили илиминин буга чейинки жетишкендиктери, андагы жоболор, жыйынтыктар түздү. Изилдөө процессинде лингвистикалык төмөндөгүдөй ык-амалдар (*методдор)* колдонулду: фактыларды топтоо, аларды классификациялоо, системалаштыруу жана жалпылоо, ар кыл көз караштарды талдоо, ар кандай лингвистикалык фактыларды кыргыз жана түрк тилинде салыштырып изилдөө, алардын жалпылыгын жана айырмачылыктарын, сыпаттап ажыратуу, статистикалык ыкманы пайдалануу, символдордун жардамы менен формалдаштыруу ж.б.

Иш азыркы кыргыз, түрк тилинин лингвостилистикасын изилдөөгө багытталгандыктан, теориялык ык-амалдар (изилдөөнүн темасы боюнча

жарык көргөн эмгектерди талдоо, үйрөнүү, жалпылаштыруу аркылуу изилдөөнүн илимий материалын аныктоо жана системалаштруу), синхрондук илимий баяндама, сыпаттоо, салыштырма, эмпирикалык, семантикалык-стилистикалык жана контексттик анализ сыяктуу методдор аркылуу жүзөгө ашырылды.

Сыпаттоо ыкмасы. Иште каралган тилдик кубулуштарды түшүнүүнү, талдоону, теориялык чечмелөөнү, фонемаларды, морфемаларды, грамматикалык категорияларды жана сөздөрдүн формаларын, семантикасын так мүнөздөөнү талап кылат. Тилдик фактыларга талдоо жүргүзүп, тилдик структуранын тутумдаштырылган элементтери жана бөлүктөрү жөнүндө теорияны жаратат. Дал ушул ыкма лексикологиялык изилдөөлөрдүн негизи болуу менен тил илимин коомдун муктаждыктары менен бекем жана толук байланыштырат. Башкача айтканда, биз талдоого алып жаткан кыргыз, түрк тилиндеги кийим-кечеге байланышкан тилдик каражаттарга байкоо жүргүзүлүп, аларга мүнөздүү белгилердин касиет-сапаттары ачылып, топторго бөлүштүрүлүп изилденди. Албетте семантикалык талдоолордо компоненттик анализ ык-амалы да колдунулду.

Салыштырма-тарыхый ыкмасы. Салыштырма-тарыхый тил илиминин илимий жыйынтыктары боюнча, тилдердин тектештиги тилдердин лексикалык составы, тыбыштык системасы, грамматикалык түзүлүшү жагынан болгон жакындыктарга карата аныкталат. Тил илими үчүн салыштырма-тарыхый метод негизги ыкмалардан болуп саналат. Бул методдон пайдалануунун натыйжасында тилдердин өз ара тектештиги тарыхый жактан аныкталат.

Тилдердин өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, алардын тарыхын илимий жактан изилдөөдөгү негизги шарттар аныкталат. Бул метод жазма эстеликтерде көрсөтүлбөгөн же жазмасы жок элдердин тилдериндеги тил фактыларын аныктоого мүмкүнчүлүк берүү менен бирге, тилдин тарыхын терең изилдөөгө түрткү берет. Тилдер салыштырма-тарыхый тил илими пайда болгонго чейин эле изилдеп-үйрөнүлүп келген. Бирок ар бир конкреттүү тилди

өзүнчө жеке алып изилдеп-үйрөнүү менен тектеш тилдерди өз ара салыштырып изилдөөнүн прнципиалдуу айырмасы бар. Эгерде биз дүйнө жүзүндөгү тилдерди же болбосо бизге белгилүү деген тилдерди жалпы алып салыштырып карасак, алардын араларында бир кыйла жалпы окшоштуктардын бар экендигин байкайбыз. Мисалы, дүйнө жүзүндөгү тилдердин бардыгы эле тыбыштуу тилдер, бардыгында эле тыбыштар үндүү жана үнсүз болуп бөлүнөт, бардык тилдердин грамматикалык түзүлүшү жана сөздүк составы бар, бардык тилдерде эле сөздөр белгилүү түшүнүктөрдү билдирет, кеп сүйлөмдөргө, сүйлөмдөр сүйлөм мүчөлөрүнө бөлүнөт. Бирок бул айтылгандардан дүйнө жүзүндөгү тилдердин бардыгы окшош, бардыгы тектеш деген корутунду келип чыгууга тийиш эмес. Тилдерде жалпы окшоштуктар менен бирге, алардын биринен бирин кескин түрдө айырмалап турган бөтөнчөлүктөр бар. Алар тилдердин лексикалык составы, грамматикалык жана фонетикалык түзүлүштөрү. Мисалы, түрк алфавити латын алфавитинин негизинде түзүлүп 29 тамгадан турат. Анын ичинде 8 үндүү, 21 үнсүз тыбышты билдирет. Түрк тилинде 3 үндүү жана 3 үнсүз тыбышынын экиден варианты болгондуктан, 29 тамга 35 тыбышты билдирет. Ишибиздеги эки тилдеги тыбыштык өзгөчөлүктөр кийинки экинчи бапта каралмакчы.

Тилдеги окшоштуктар кокусунан келип чыкпастан, ал тилдердин баштапкы булагы же негизи бир болгондуктан келип чыгат. Жалпы адамзаттык байлык, өзгөчө феномен болгон тил функционалдык аспектиде өзгөчө дем, күч менен изилдене баштады. Алсак: "*Takke*”- түрк тилинен кирген сөз, төбөгө кийиле турган баш кийим. Кыргыз тилинде - топу. Эки тилде тең мааниси бирдей сакталган.

Бир аздан сон Акбалбан коштоп, булгаары кепичин жалан бутуна салган, кымкап тонун желбегей кийген, макмал топучан Абдрахман бейкапар жаткан ордунан туруп эле келди окшойт (С.К., 619-6.).

Biraz sonra Akbalban başta olmak üzere deri sandaletlerini yalınayak ayağına giyen, brokar kürkün üzerine saran, kadife şapkalı Abdrahman rahat rahat

yatığında yerinden kalkıp geldi galiba (C.K, 619-6.).

- тебетей; kürklü şapka
- чепкен; kaftan
- чапан;kafatan ж.б.

Тектеш тилдердин арасындагы байланыш үзүлгөн сайын ал тилдердин арасындагы жакындык улам азайып, тилдик бөтөнчөлүктөр улам көбөйүп турат. Бир эл менен экинчи элдин арасындагы байланыштын таптакыр үзүлүп калышынын натыйжасында тектеш тилдер орчундуу өзгөрүүлөргө дуушар болушса, алардын арасындагы тилдик жакындык бара-бара таанылгыс болуп өзгөрүшүн карап чыгууда салыштырма ыкма колдонулду.

Эмпирикалык ыкма. Атайын илимий адабияттарды өздөштүрүү, энциклопедияларды, көрсөткүчтөрдү сөздүктөрдү, кандайча колдонуу керектиги түшүнүүгө аталган ыкманы пайдалануу максатка ылайыктуу.

Стилистикалык ыкма. Тилдин стили, кеп стили, поэтикалык сөз ж.б.у.с. маселелерин изилдөө менен алектенген илимпоздордун жана адистердин өтө чоң чөйрөсү бар. Стилдер изилдөөнүн өзгөчө предмети катары таанылат. Тилдин жана кептин ушул чөйрөсүндө изилдөөчүлөргө коюлган атайын талаптарды аныктайт. Тилдин стилдерин изилдөө үчүн биринчиден, аларды кандайча түзөрүн, тактап айтканда, коомдун турмушунун жана ишмердүүлүгүнүн ар кандай тилдериндеги тилдик каражаттарды дифференциациялоону изилдөө керек. Ал - формалдуудан жогорку семантикалыкка, так стилистикалык мүнөздөмөлөрдөн субъективдүү-импрессионисттик чагылдырууга чейин кескин өзгөрүлмөлүү келет. Чыгармада өз мезгилинин эстетикалык идеялары менен эмоциялык, баалоо, экспрессивдүү маанилердин ар биринин өз алдынча жана бирге жуурулуша келген учурларына көңүл буруп, алардын лингвистикалык табиятын ачып берүү аркылуу синтездөө зарыл.

Семантикалык-стилистикалык жана контексттик ыкма. Көркөм чыгарманын тилин илимий негизде териштирүү өтө аярлыкты жана даярдыкты талап кылышы кажет. Андагы фонетикалык өзгөчөлүктөр.

лексикалык каражаттардын колдонулушу, сүйлөм түзүлүштөрү тексттин алкагында каралып, бир бүтүндүктө чечилүүгө тийиш. Көрөмдүк табиятынын аныкталышында алардын функциясы конкреттүү белгилениши абзел. Айталы, көркөм алкакка түшкөн кайсы бир тилдик каражаттар өзүнө мүнөздүү лексикалык маанини туюндуруу менен гана чектелбей, экинчи бир маанилерди кошо билдирип, маанилик катмарлануунга, маанилик жылышууларга ээ болушу толук мүмкүн. Шарттуу түрдө, «Сынган кылычтан" бир сүйлөм алалы: «Коргондун наркы четинде капкара кийим желдеттер калган элди ортолорунан койчо чубатып өткөрүп жатышты (С.К., 311-б.). Маселен, сүйлөмдөгү *капкара кийим* сөз айкашы желдеттердин кийген кийиминин түсүн көрсөтүү функциясын гана аткарган жок. Ал ошол тексттеги баяндалып жаткан каргашалуу окуяга да түс, боек берди, окуянын ийине жеткириле сүрөттөлүшүндө *капкара кийим* сөз айкашын өз орду бар. Бул сыяктуу көрүнүш кубулуштар синтаксистик-сематикалык, өзгөчөлүктөргө ээ ыкманын жардамы менен изилденди.

Структуралык талдоо методдору *да колдонулду*. Талдоого алынган материалдар системалык, конструкциялык жана ырааттуулук принциптерине негизделип, коммуникативдик, функционалдык жана прагматикалык аспектилер пайдаланылды.

Статистикалык ыкма. Бул ыкманы математикалык деп атоого болот. Тилдик структуранын элементтери сандык мүнөзгө ээ экендиги белгилүү. Тилдин элементтеринин иштеши, биринчиден, алардын кайталанып келиши менен мүнөздөлөт. Ошондуктан, аларды математикалык статистиканын түшүнүктөрү, формулалары жана сандык теориясы колдонула турган процесс катары кароого болот. Илимий иште бул ыкманын негизги милдети - кыргыз, түрк тилиндеги кийим-кечекке байланышкан сөздөрдүн сандык тарабын, тилдик структуранын иштеши жана өнүгүшү менен байланышкан сандык мыйзамдарды таануу. Ошондой тилдик структуранын эле элементтерин жана чөйрөлөрүн мунөздөөчү; сандык касиеттердин жыйындысын берүү болуп саналат

Тилдик материалдар фоностилистикалык өңүттө системалаштырылып, баяндоо ыкмасынын негизинде ырааттуулук принцибинде жыйынтыкталды. Ошону менен бирге фоностилистикалык коннотацияларды талдап сыпаттоодо анализ, синтез жана жалпылоо методдору да кеңири колдонулду.

Жыйынтыктап айтканда диссертациялык иштин методологиялык негизин дүйнөлүк лингвистика жана түркология, кыргыз тили илимдеринде жетишилген табылгалыр, чыгарылган жоболор, салттуу пикирлер, калыптанган салыштырма, структуралык, тарыхый-этнографиялык, статистикалык ыкмалар түздү. Арийне башка изилдөөчүлөрдүн теориялык эмгектерин илимий булак катары колдондук .

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Кыргыз, түрк тилдериндеги кийим-кече атлыштарына лексика-семантикалык мүнөздөмө

3.1. Кыргыз жана түрк тилдеринин тыбыштык түзүлүшү

Кыргыз улуттук тилинин фонетикалык түзүлүшү – нечен доорлор бою өнүгүп, белгилүү даражада түрк тилдеринин фонетикалык закондуулугунун кээ бир көрүнүштөрүн өзүнө сиңирип, сактап келе жаткан түзүлүш. Ушуга байланыштуу кыргыз тилинин фонетикалык түзүлүшү, бир жагынан башка түрк тилдерине окшошсо, экинчи жагынан, алардан бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Бул көрүнүштөрдү анализдөөдө, тектеш тилдердин калыптануу жана өнүгүү этаптарынын эң биринчи мезгилдерине таандык болгон тил каражаттарын өз ара салыштыруу илимий чоң кызыгууну жаратат. Ошондо гана тектеш тилдердин баарына бирдейжалпы көрүнүштөр жана ар биринин бөтөнчөлүктөрү да ачык байкалат. Бир тилде сүйлөөчү коллектив анчалык чоң эмес территорияга тарап, кандайдыр бир себептерге байланыштуу ири-ири топторго бөлүнүшү ыктымал. Мындай өзгөчөлүктөр тилге өз таасирин тийгизбей койбойт. Демек, мурдатан колдонуп келе жаткан тил каражаттары да ар түрдүү өзгөчөлүктөргө, анын ичинде фонетикалык өзгөрүүлөргө да дуушар болот. Мындай көрүнүштөрдү байкоо үчүн, «Сынган кылыч» романынын материалдарында кездешкен кийим-кечек аталыштарын кыргыз жана түрк тилине салыштырып, алардын фонетикалык түзүлүшүнө талдоо жасайбыз.

Кыргыз тилине кийим-кечекке байланыштуу колдонулган аталыштар башка түрк тилдери менен жалпылыкты түзөт. Бирок бул жалпылык ар бир тилдин фонетикалык жеке өзгөчөлүгүн жокко чыгарбайт.

Кыргыз тилиндеги кийим-кечек аталыштары башка түрк тилдериндеги аталыштар менен ар түрдүү карым-катышта турат. Тектеш болгон кыргыз, казак, алтай, хакас, кара калпак, уйгур, өзбек, татар жана алыскы тектеш монгол тилдеринин фактыларына караганда, фонетикалык жактан бардыгында бирдей сапатка ээ болгон, бири-биринен аз да болсо

айырмаланбаган сөздөр жок. Себеби, ар бир тилдин фонемаларынын саны жана сапаты, алардын сөздөгү орду менен шартташат.

Түрк алфавити латын алфавитинин негизинде түзүлгөн. Булардын ичинен 29 тамга камтылган.Үндүүлөрү – 8, үнсүздөрү – 21.

Кийим-кече аталыштары боюнча кыргыз жана түрк тилдериндеги жалпылыктар менен айырмачылыктарды ачып берүүдө эки тилдеги жалпы окшоштуктар менен бөтөнчөлүктөргө токтоло кетүү зарылдыгы туулбай койбойт, анткени аталган маселенин так чечилиши кеп болуп жаткан проблеманын терең айкындалышына чоң өбөлгө түзөт. Мына ушул жагдайды көңүлгө түйүп, биз а дегенде эки тилдин тыбыштык түзүлүшүнө кыскача токтоло кетүүнү туура көрдүк.

Азыркы кыргыз алфавити кирилл (славян) алфавитинен куралган. Андагы тамгалар бирдей тыбыштарды белгилөө жагынан түрк тамгалары менен жалпылыкты да, өзгөчөлүктү да түзөт. Өзгөчөлүгү: түрк тилинин адабий нормасында түпчүл *ң* тыбышы жок, анын белгилеген тамга да жок. Роман тилдеринде бул тыбыш *nд* айкашы менен белгиленет. Ушул эле белги *ң* тыбышынын түркчө жазылышында да колдонулат. Кайсы тилдеги тыбыштар болбосун алардын айтылыш өзгөчөлүктөрү сүйлөө органдарынын катышуусуна жараша аныкталат. Тилдин тыбыштык түзүлүшү, табияты-дээрлик татаал, көп жактуу кубулуш. Түрк адабий тилинде 35 тыбыш бар. Алардын 24үү үнсүз: p, c, d, t, g, h, ğ, k (k’, k”), l (l, l”), m, n, p, r, s, ş, t, v, y, z; Мисалы: 11и үндүү: a, e, ı, i, o, ö, и, ü, ā, ī, ū.

Кыргыз тилиндеги к, г, ж тыбыштары сыяктуу k, g, j тыбыштарынын да эки варианты бар.

Таблица 2.1.1 - Кыргыз жана түрк тилдериндеги *к, г* тыбыштарынын варианттары («Сынган кылыч» романынын материалдарынын мисалында)

кыргыз тилинде	**түрк тилинде**	**кыргыз тилинде**	**түрк тилинде**
к (ки)	**k (ki)**	**к (кы),**	**k (kı)**
өтүк	çizme	кызыл жоолук	kırmızı yazma

көрпө тебетей	kürklü şapka	кара манат топу	kara takke
бийик тебетей	büyük kürklü şapka	олпок	kalkan (kask) zırh
күбө	örme zırh(kask)	чокой	çarık
көк селде	mavi sarık	кайыш белбак	kemer
чепкен	kaftan	ботокур	süslü kemer bademli kemer
кийит	aba	малакай	yünlü deri şapka
керене	yemeni	такыя	takke
кийим	giyim	чачпак	toka
ичик	kürk	кызыл кымкап	kırmızı kadife
кементай	cübbe	кымкап	kadife kumaş palto
бөрк	börk	кара чүмкөп	siyah peçeli çarşaf
г (ги)	**g (gi)**	**г (гы)**	**g (ga)**
багалеги саймалуу чалма	işlemeli sarık	туулга	takke kask
көгүлтүр өтүк	mavi çizme	темир туулга	miğfer

Таблица 2.1.2 - Кыргыз тилинде *ж*, түрк тилинде *ı* тыбыштарынын варианттары («Сынган кылыч» романынын материалдарынын мисалында)

Кыргыз тили		**Түрк тили**			
ж(жол)	**ж(журнал)**	**ı (күл)**		**ı (кол)**	
жеңил комзол	саринжи	белбак	belbağı kemer	камзол	abiye, bindallı
жеңдүү кийим		илбирс ичик	kürklü palto	ала чапан	benekli kepenek
жылуу кийим		селде	sarık	олпок	zırh

жоолук		ак селде	mavi sarık	чалбар	şalvar
жоо кийим		белдик	kuşak	чалама	sarık
жаңы жоолук		белдемчи	fistan	туулга	takke, kask
таажы		илеки	beyaz takke	малакай	yünlü şapka

Таблица 2.1.3 – Кыргыз жана түрк тилдериндеги созулма үндүүлөрдүн колдонулушу

Кыргыз тили						**Түрк тили**		
аа	**Оо**	**өө**	**уу**	**Үү**	**ээ**	**ā (аа)**	**ī (ии)**	**ū (уу)**
таажы маасы	жоо кийим	сөөмчө жырык комзол	туулга	кош этектүү көйнөк		taç māsı		tūlga sūsar börk;

Кыргыз тили		**Түрк тили**	
жоон үндүүлөр	**ичке үндүүлөр**	**жоон үндүүлөр** geniş ünlüler	**ичке үндүүлөр** ince ünlüler
а, аа, о, оо, у, уу, ы	э, ээ, ө, өө, ү, үү, и	a,e,o,a,u	e, i, ö, ü

Демек, түрк тилинде 3 үндүү жана 3 үнсүз тыбышынын экиден варианты болгондуктан, 29 тамга 35 тыбышты билдирет.

Таблица 2.1.4 – Кыргыз жана түрк тилдериндеги үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү

Кыргыз тилинде	Түрк тилинде
каткалаңдар: п, т, ш, үү, с, ч, к, х, ф, ц	каткалаңдар: ç, t, h, k, s, ş, t,p
жумшактар: б, в, г, д, з, ж	жумшактар: b, c, d, g, h, ğ, j, ı, m, n, r, y
уяңдар: л, м, н, ң, р, й	түгөйлүүлөр: b-p, c-ç, d-t, g-k, j- ş, v-t, z-s
түгөйлүүлөр: б-п, в-ф, д-т, г-к, з-с, ж-ш, м-н	түгөйсүздөр: h, g, ğ, ı, m, n, r, y
түгөйсүздөр: үү, ч, к, х, л, ң, р, й	

Түрк алфавити латын алфавитинин негизинде түзүлгөнү менен эки алфавитте айтылышы боюнча өз ара дал келбеген тамгалар да бар. Алар төмөнкүлөр: латын алфавитинде c-ң, j-й, түрк алфавитинде c-ж (жол), j-ж (журнал). ç, ı, ö, s, й, g тамгалары кошумча киргизилген. Калган латын тамгалары өзгөрүүсүз пайдаланылууда. Түрк тилин өздөштүрүү үчүн бул өзгөчөлүктөрдү эстен чыгарбоо зарыл [Сагынбаева, 1995:185].

Түрк тилдерине мүнөздүү болбогон v, t тыбыштары бар. Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин тили «йокчулдарга» кирет. Себеби, жалпы түрк тилдерине орток болгон сөздөр кыргыз тилинде ж дан башталса, түрк тилинде y (й) дан башталат. Түрк тилинде c тыбышынан башталган сөздөрдүн көпчүлүгү чет тилинен болуп эсептелет. k, g тыбыштарынын жумшак, каткалаң варианттары үчүн атайын тамга киргизилген эмес.

Окумуштуу Т.А. Дектереванын: «Эгерде жаңыдан пайда болгон ар бир түшүнүк өзүнчө кээ бир тыбыштык комплекстен турган жаңы сөздү талап кыла берсе, анда тилдин лексикологиялык составы тилдик коллективдин мүчөлөрү үчүн өздөштүрүүгө күч жеткис зор өлчөмдө болор эле жана тилдеги

абдан тез өсүү, сөзсүз түрдө коомдук турмушта пикир алышууга да кыйындык туудурмак», - деген пикирине толук кошулабыз [Дектерева, 1961:3-4].

Тарыхый жаңы шартка жараша адамдын сүйлөө кебинде мурдатан эле жашап келе жаткан сөздөрдүн маанилеринде да өзгөрүүлөр болуп турат. Сөздүн маанилеринин өзгөрүшүнүн негизи болуп, анын көп мааниге ээ болуу жөндөмдүүлүгү, тактап айтканда, сөз катары аракеттенген бир эле тыбыштык комплекстин бир нече түшүнүк үчүн материалдык каражат болуу мүмкүнчүлүгү эсептелет. Ушул касиет гана тилдеги жаңы сапаттын эволюциялык түрдө өнүгүшүн, эски сапатын андан да акырындык менен сүрүп чыгарылышын жана ошонун натыйжасында тилдердин ортосундагы өз ара катнаш каражаты катары узакка жашашын жана үзгүлтүксүз аракеттенүүсүн камсыз кылат.

3.2. Кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарынын лексикалык-семантикалык топтору

Кыргыз тили менен түрк тилинин лексемасы мааниси жана функционалдык кызматы жагынан өтө жакын. Бул кыргыз тилинин түрк эли менен тарыхый жактан болгон жакындыгынын далили болуп саналат. Лингвомаданий аспектиде кыргыз элинин салттуу кийимдерин талдоого алууда, кыргыз элинин маданиятынын бир бөлүгү болгон байыркы көчмөндөрдүн типтүү кийимдеринин өздөрүнө гана таандык өзгөчөлүктөр камтылганын көрүүгө болот. Борбордук Азия кыргыз жери аркылуу Улуу Жибек жолу менен соодага тартылып, коңшу элдердин текстиль өндүрүшү боюнча кабардар алышкан.

Түрк тилинде кийим-кечек аталышы боюнча жүргүзүлгөн лингвомаданий анализ түрк элинин тарыхында кийим алгач *entari* “көйнөк”, азыр elbise деп аталарын көрсөттү. Түрк маданиятынын тарыхында кийим-кечеге көп өзгөрмөлүү реформалар жасалган. Азыркы учурда түрк элинде эркектерге мурда кызмат үчүн жана күнүмдүк турмушта кийилчү узун көйнөктөрдү (gömlek) кийүүгө тыюу салынган. Аны түрк маданиятынын

тарыхында башкаруучу адамдар гана кийишкен. Мындай көйнөктөр ак жана көк түстө болуп, анын жеңинин кайрылган бөлүгү баалуу топчулар менен кооздолгон.

Түрк элинде аялдардын кийими эки топко бөлүнөт. Биринчиси *kiyfet-i dahiliye*, экинчи топ *kiyafet-i hariciye* деп аталат. Kiyafet-i dahiliye тобуна аялдардын үйдө, бакчада, гаремде кийчү кийимдери кирет. Бул жерде баш кийим болгон *yazma eşarp* (жоолук) көчөдө салынчу жоолуктан өзгөчөлөнүп турат.

Kiyafet-ihariciye ислам принцибине ылайыкталган *сырт кийимдерден* жана *баш кийимдерден* турат. Түрк элинде эркектердин баш кийиминин этегинде ийрек жээктин болушу шарт. Мындай баш кийимдерди аялдар, балдар да кийишкен. Алар: *ferce, yazma, kara eşarp, kofi, yazma* деп аталат. Түрк тилинде кийим-кече атоолору кыргыз тилинен маданий-тарыхый жактан бат-бат өзгөрүп турушу менен айырмаланат.

Кыргыз элинде *эркектердин баш кийимдеринин ичинен калпак, тумак, тебетей, селде* баш кийим катары дайыма колдонулуп келген.

Тумак. Ал өзүнүн түзүлүшү боюнча жалпы жонунан түрк элдериндеги тумак, кулакчын баш кийимдерине окшош келген. Тумактын орто кылымдардагы аталышы «бөрк», балким «сукарлаж бөрк» тумактын өзү болушу ыктымал. Орто Азиянын түрк элдеринде тараган *тебетей, телпек, малакай, кулакчын* деген баш кийимдер тумактын негизинде пайда болуп, жаңы жана соңку тарыхый мезгилдери ар бири өз алдынча туруктуу формага ээ болгон.

М.Ауэзовдун «Абай» романында колдонулган баш кийим атоолорунун кыйла бөлүгүн да «тумак» - казакча «тымак» лексикасы ээлеп турат. «Тумак» традициялуу баш кийим катары кыргыз-казак элдеринде бирдей таралып, жасалышы боюнча бирдей эместиги сезилет. Бирок казак тумагынын артындагы куйругу болбосо, өнүгүш эволюциясы бирдей, түрлөрү да боордош элдерде сакталып калгандыгы байкалат. Романда тумактын түрлөрүнө төмөнкү мисалдар далил боло алат: *Кара баркыт менен тыштаган түлкү*

тумагы бар (Т.К., 105-б.); *Қара мақпалмен тыстаған түлкі тымағы бар* (М.А., 75-б.). Мисалдарда байкалгандай, тумактын түрлөрүнө башка, анын жасалган материалдары боюнча да маалымат алабыз. Бул терминде тыбыштык өзгөрүү эки тилде бирдей таралган: тымак-тумак.

Тебетей. Бул сөз салыштырылган тилдерде “бөрк” - “тебетей” формаларында колдонулат. Кыргыз тилинде да “бөрк” сөзү сакталып калган, бирок анын кийинки өзгөрүүсүндө пассивдешип, ордун толугу менен “тебетей” сөзү ээлеп, активдешкендигин “Бөрк ал десе, баш алган” деген фразеологизм далилдеп турат. Тебетейдин түрлөрү, ал жасалган материалдар «Абай» романында төмөнкү фактыларда кездешет: *Ақ жаулықты келіншектер, үкілі кәмшат бөрікті қыздар көрінді* (М.А., 181-б.); *Орталарына үлкен сыргалы, кәмшат берікті кекселеу қыздар араласып отырысқан екен* (М.А., 182-б.).

Түшүндүрмө сөздүктө “такыяча” кештелеп, шырып жасалган дөңгөлөк, жеңил баш кийим” деген аныктама берилген [Казак тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1985:549]. Бул сөз кыргыз тилинде колдонулгандыгы, кийинчерээк “топу” сөзүнө өткөндүгүн төмөнкү факты далилдеп турат: *Кызыл, кызыл кыялар, кыргыек аны уялар, такыясын колго алып, кыз жигитти кубалар* (Калыгул). *Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда Кара-Такыя аттуу эски аталыштагы айыл бар*.

Селде сөзү түрк тилдерине иран тилинен оошуп келген. Ал салттуу баш кийим болбогондуктан сейрек кездешет. Аны диний кызматкерлер 19-кылымдан ушул мезгилге чейин диний майрам, ырым-жырымдоо учурларында кийгендиги маалым. Казакча “Кочко – молдолор баштарына орогон ак мата, чалма” деген аныктама берилсе [Казак тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1985:229], кыргыз тилинде иран тилинен өздөштүрүлгөн сөзү катары “чалма, баш кийим” деген бүтүм чыгарылган [Карасаев, 1996: 670].

Аялдардын баш кийимдеринин ичинен *“жоолук” сөзү* активдүү кездешет. Кыргызча “жоолук”, казакча “салы”, “оромол”, “желек” .

Казак тилиндеги “жоолук” маанисиндеги “шаршы” сөзү кыргызчага ошол калыбында берилип калган. Түрк элдеринде эркектер менен бирге аялдар да тебетей, бөрк, такыя, топу кийгенди фактылардан көрүлөт. Мисалы, *Кундуз тебетей, макмал чапан, жибек чапан кийген кыздар көп*.

Элечек сөзүнүн К.Карасаев иран элементи катары карап, кыргыз аялдарынын оромо баш кийими катары баа берет: *Торко элечек оронуп, той башкарган, энекем* [Карасаев, 1996:841**].** Илгери хандардын аялдары ханышалар кийген дешет. Элечекти байбичелер өзгөчө кастарлап кийген, оромосу 20-25 кулачка жеткен жука ак кездеменин оромунан жасалат. Бир топ жашка барып калган улуулардын элечегинин сырты ак жоолук менен жабылган, жаш келиндердин элечеги кооз шурулар, асыл буюмдар менен шөкөттөлгөн. Бул сөз казак тилинде “кимешек” түрүндө колдонулат: *Ақ шаршы, кестелі кимешектерін әсем ғып салған күлкіші келіншектер де көп*. Казак тилинде бул сөз “ак матадан тигилип, омуроо менен аркасын жаап турган, бети оюлуп жасалган аялдын улуттук баш кийими” катары баа берилет [Казак тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1980:34].

Түрк элдерине бирдей тараган бут кийим аталышы “өтүк-этик” түрүндө кездешет.

Түрк тилдеринде “маасы” бут кийими тууралуу маалыматтар кездешет, ал фонетикалык өзгөрүүлөр менен колдонулган. Бул атоо иран тилдеринен өздөштүрүлүп, “сыртынан кепич, же көлөч кийме жука таман өтүк” деген маани берет [Карасаев, 1996:500].

Кепич. Иран тилинен өздөштүрүлгөн бул сөз “кепич-кебис” түрүндө колдонулуп а) бут кийим; б) маасынын сыртынан кие турган булгаары башмак катары сыпатталып, төмөнкү мисалдар менен далилденет [Карасаев, 1996: 415]: *Көк кепичин кепейткен, аргымагын кепейткен Темирканган салам бер* (“Манас”). *Кепич, маасы, өтүкчү, Ултарттың го, жокчулук* (Токтогул).

Ичик, тон. Ичик сөзү түрк тилдеринде фонетикалык варианттарда бирдей деңгээлде колдонулат. Ичиктин жасалган материалдары, өңү-түсүнө байланышкан айкаштар улуттук өзгөчөлүктүн бир бутагын айкын

чагылдырып турат. Тондун түрү, көлөмү, өңү-түсү жөнүндөгү маалыматтар да илим үчүн кызыгууну жаратат.

Чепкен. Аталган сөзү иран тилдеринен түрк тилдерине келгендиги, ал эркек кийиминин бир түрү, тажик-фарсы тилдеринде “жемен, чекмен” түрүндө айтылары белгиленет [Карасаев, 1996:774]. Кыргыз, казак тилдеринде “чепкен-шепкен” фонетикалык варианттарында кездешип, казактарда “жүндөн ийрип, өрмөк менен токулган сырт кийим” деген мүнөздөмө берилет [Казак тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1986:192].

*Кемсел – камзол***.** Бул сөз түрк тилдерине индоевропа, тактап айтканда, латын тилинен немис, андан орус тилине өтүп “камзол – кемсел, камзол - кемзел” түрүндө өткөн [Карасаев, 1996:412]. Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романынын материалдарында кемселдин түсү, формасы, жасалган материалдары жөнүндө да кеңири маалымат алууга болот. “Бешмант” сөзү романда кыш жана жазгы кийимдин атын билдирип, анын тигилген материалы тууралуу да маалыматтар камтылган.

Чыптама өтө сейрек колдонулуп, көбүнчө “желетке” сөзү активдүү. Бул сөз К.Карасаевдин пикири боюнча кыргыздарга орус тили аркылуу эмес, иран тили аркылуу кирген. Түбү француз сөзү болуп, ирандыктар “жилетке” түрүндө өздөштүргөн, орустарда француз тилинен өздөштүрүп, ал “чыптама, жеңсиз бешмант” деген маанини берет [Карасаев, 1996: 297].

*Көйнөк***.** Бул кийим адамзаттын аң-сезими өскөн күндөн баштап ич кийим катары дүйнөнүн бардык элдеринде колдонулуп, ал ар түрдүү формада кездешкендиги маалым. Салыштырылган тилдерде тектеш болгондуктан, фонетикалык айрым өзгөрүүлөр менен колдонулат. Көркөм чыгарманын материалдарында көйнөк, анын курамы, өңү-түсү, тигилген кездемеси, формасы, сапаты, тууралуу маалыматтар кездешет.

Негизи кийим-кечек аталыштарын лексика-семантикалык жактан төмөндөгүдөй 4 чоң топко бөлүштүрөбүз:

1. *Баш кийим аталыштары;*
1. *Сырт кийим аталыштары;*

2. *Ич кийим аталыштары;*
3. *Бут кийим аталыштары.*

Булар кийим-кечекке байланыштуу жалпы аталыштар. Аларды эркектерге жана аялдарга тиешелүү кийимдер деп бөлүштүрүү максатка ылайык келет.

1. Эркектерге тиешелүү кийимдер:

1. Баш кийимге тиешелүү аталыштар

кызыл жоолук - kırmzı eşarp, yazma, mendil

- көрпө тебетей - kürklü şapka.
- чоңтебетей - geniş kürklü şapka.
- бийиктебетей - geniş kürklü şapka.
- каракөрпөтебетей - siyah kürklü şapka.
- аксеңселбөрк - beyaz deri börk şapkası .
- көрпөбөрк - deri börk şapkası.
- суусар бөрк - sansar börk.
- бөрк – börk.
- таажы –taç.
- ак селде –beyaz sarık.
- селде – sarık.

2. Сырт кийим аталыштары

- тон – kürk,
- ак көрпө тон - beyaz deri kürk.
- олпок – zırh.
- аколпок - deri zırh.
- пиязы чепкен - kaftan
- тепме чепкен - kaftan
- ичик – kürklü palto.
- илбирс ичик - leopar kürk.
- саринжи – yaldızlı kürk.

- чапан – kepenek.
- кара чапан - kara kepenek.
- ала чапан – benekli kepenek.
- кементай – cübbe.
- кийит – aba.
- жоо кийим –pılaka zırh.
- аскер мундир - pelerin.
- күбө – örme zırh.
- күпү – zırh.

3. Сырт кийимдин ичинен кийилчү кийим-кечек аталыштары

- ак көйнөк –beyaz gömlek
- камзол – abiye, bindallı
- кайыш белбак - deri, kemer
- ачык сары керене - sarı yemeni
- керене – yemeni

4. Бут кийимге тиешелүү аталыштар

- өтүк – ayakkabı, çizme
- сары көн өтүк - sarı deri çizme
- оодарма сары өтүк - körüklü çizme
- көн чокой - deri çarık

Эркек адамдарга тиешелүү кийим-кече аталыштарын жыл мезгилге карата бөлүштүрүү

1. Жазгы кийим-кечек аталыштары

- кызыл жоолук - kırmızı eşarp,yazma, mendil
- жаңы жоолук – ince yazma, mendil
- таажы - taç
- топу – takke
- кара манат топу – siyah takke

- олпок – zırh
- ак олпок – deri zırh
- чапан – kepenek
- кара чапан – siyah kepenek
- ала чапан – benekli kepenek
- кементай – cübbe
- кийит – aba

2. **Жайкы кийим-кечек аталыштары**

- көк селде – mavi sarık
- ак селде – beyaz sarık
- селде – sarık
- жоо кийим – plaka zırh

3. Күзгү кийим-кечек аталыштары

- сары чалбар - sarı şalvar
- чалбар – şalvar
- чалма – sarık, başlık
- темир туулга - miğfer
- пиязы чепкен – kaftan
- тепме чепкен –kaftan

4. Кышкы кийим-кечек аталыштары

- аскердик баш кийим - miğfer
- бөрк – börk şapkası
- суусар бөрк – sanar börk şapkası
- көрпө бөрк – deri börk şapkası
- ак сеңсел бөрк – beyaz deri börk şapkası
- кара көрпө тебетей – siyah kürklü şapka
- бийик тебетей – büyük kürklü şapka
- чоң тебетей – geniş kürklü şapka
- көрпө тебетей – kürklü şapka

- ичик - kürklü palto
- илбирс ичик – leopar kürk
- саринжи –yaldızlı kürk
- күбө – örme zırh
- күпү – zırh
- тон – kürk, palto
- ак көрпө тон – beyaz deri kürk

2. **Аялдарга тиешелүү кийимдер:**

- ак жоолук, көк жоолук, кызыл жоолук - beyaz yazma,mavi yazma, kırmızı yazma
- көйнөк, ак көйнөк, кош этек көйнөк, көк көйнөк - gömlek, beyaz gömlek, katmerli etek, mavi gömlek
- эки өңүрү сөөмчө жырык карала кымкап жеңил камзол - abiye, bindallı, iki tarafı yırtmacalı abiye (аялзаты үчүн даярдалган көйнөктүн сыртынан кийилчү кийим);
- кара чүмкөп - kara çarşaf
- кемсел (иран тилинен «квам» - «чолок, кыска» + зул – «жең») - kaftan
- топу - takke
- кымкап, кызыл кымкап, кызыл кымкап тон, карала кымкап
- күмүш кур - kemer
- көгүлтүр зайпана өтүк - çizme
- чепкен - kaftan
- тебетей - kürklü şapka
- кызыл белбак - kızıl kemer
- чапан - kafatan
- такыя - takke, başlık
- жаннат ичик - kürk
- чачпак - toka, kakül

- кийит
- маасы
- кепич - gislaved
- туулга (такыянын үстүнө кийгизилген жука, көрк үчүн, андан кийин элечек кийгизилет) - kask
- кемер (аялзатына ылайык ичке, күмүштөлгөн кур) - süsülü gömüş bayan kemeri
- илеки (башында үлпүлдөгөн ак илеки чалынган);
- белдемчи - fistan
- белдик - kuşak
- белбак - bel bağı

3.3. Кыргыз, түрк кийим-кече аталыштарынын маанилеринин чечмелениши

Көркөм чыгарманын тилин иликтеген айрым окумуштуулар (Г.О. Винокур, Б.Ш. Усубалиев) белгилешкендей, сөз көркөм чыгарманын тулкусунда лексикалык конкреттүү маанисинен сырткары, көркөм түс берүүдө өзүнчө бир мааниге ээ болуп, маанилик катмарлануулага кабылып турат. Сөздүн бир маанисин таап аныктадык деп эсептеген учурда да, экинчи бир маанисин башын кылтыйтып турган болот. Бирок кандай болгон шартта да, бардык маанилер алгачкы, негизги лексикалык маанилеринен өнүп чыгат.

Кыргыз, түрк кийимдеринин салыштырылышы конкреттүү чыгарманын материалдарынын негизинде берилип жаткандыктан, ал кийим аталыштарынын кыргызча, түркчө лексикалык маанилерине кеңири токтолууга туура келет. Бул кийим-кечек аталыштарына карата алдыда лингвистикалык талдоо жүргүзүүгө карата чоң көмөк болмокчу. Негизинен, кийим-кечек аталыштарынын лексикалык маанилери конкреттүү болору белгилүү, ал эми көркөм чыгармадагы кийим-кечек аталыштары дагы бир башкача семантикалык жүктү көтөрүп турары мыйзам-ченемдүү көрүнүш.

Бул жагдайды эске алып, биз түрк окумуштуусу Себахаттин Булуттун “Кушактан Кушакка Эрзурум” аттуу эмгегине жана “Кыргыз тилинин сөздүгүнө” таянуу менен, кийим-кечелерди туюндурган сөздөрдүн маанилери чечмеленип берилишин камтый кетүүнү туура көрдүк. Бул жерде атайын эскерте кетүүчү нерсе, кыргыз тилинде кийим-кече аталыштарынын маанилери лингвистикалык планда гана чечмеленсе, Себахаттин Булуттун эмгегинде этнолингвистикалык өңүттө чечмеленүү менен, этнографиялык сыпатына өзгөчө көңүл бурулгандыгы көрүнүп турат. Арийне, мындай сыпаттоону кыскартып салсак деле болмок, бирок максатыбыз эки тилдеги сөздөрдү салыштырып иликтөө болгон соң, биз кыргыз окурмандары үчүн түшүнүктүү болсун деген ниетте ал сөздөрдүн маанилерин тереңирээк ачып берүү максатында илимпоздун чечмелөөсүн толук берүүнү максатка ылайык деп таптык.

“Сынган кылыч” романынын материалдарында колдонулган аялзатына таандык болгон кийим-кече аталыштарынын кыргыз жана түрк тилдеринде параллель колдонуусундагы лексика-семантикалык мааниси

№	Кыргыз тилиндеги аталышы	Түрк тилиндеги аталышы	Сөздөрдүн семантикалык мааниси
1	2	3	4
1.	ак жоолук	Beyaz Yazma, Eşarp	**КЫРГЫЗЧА:** аялдар башына салынуучу ар түрдүү төрт чарчы кездеме же токулган оромол Түркчө: Üzerine el kalıplarıyla çiçek şekilli süs motifleri basılmış "tülbent" bezin adı olup kadınlar tarafından başa bağlanır. Bazı yemenilerin etrafı oya dikilerek süslenir. Yazma ya da yemeni kadın başına “kundak veya salma denilen iki tarzda bağlanmaktadır. Kundak tarzı bağlamada saçlar başın üstünde ve arka tarafından yemeni içinde sımsıkı toplanır, yalnız alında ve şakaklarda biraz kakül ya da perçem görülür. Salma tarzı bağlamada saçlar taranır ve

1	2	3	4
1	ак көйнөк	Beyaz gömlek	**КЫРГЫЗЧА** : астынан кийчү жалаң кат кийим түркчө *:* Üst beden giysisi olarak erkek ya da kadın ; gömlek, yelek, kuşak, gazeki gibi kıyafetleri kullanmaktadırlar. Gömlek: İç fanila ya da eskiden adına köynek denilen ince patiskadan yapılmış ten giysisi üstüne çeşitli kumaşlardan dikilen gömlekler kullanılırdı. iklimine göre kışlık gömlekler kalın kumaştan, yazlık gömlekler ise ketenden yapılır. Mintan olarak da adlandırılan bu gömlekler, yakalı veya dik yakalı olup düğmeleri beyaz ya da siyah olabilmektedir. Genellikle de beyaz renkli gömlekler tercih edilmektedir. Uzun olan kol ağızlarında düğme bulunur. Düğmeleri siyah renklidir . (**Sebahattin BULUT, Kuşaktan Kuşağa Erzurum,Ankara, 1984)** **Кыргызча котормосу**: үстүгө кийиле турган кийим, эркектер жана аялдар көйнөк, жилет, кур, чыптама катары колдонушат. Көйнөк: ич көйнөк же илгери “көйнек” деп аталган жука матадан жасалган үстүгө кийилүүчү ар кандай кездемеден тигилген көйнөктөр колдонулчу. Климатка жараша кышкы көйнөктөр калың кездемеден, жайкы көйнөктөр жука кездемеден жасалат. Минтан (жеңдүү эркек көйнөгү) деп аталган бул көйнөктөр жакалуу же түз жакалуу болуп, топчулары ак же кара өңдө болот. Негизинен бул көйнөктөрдүн ак өңдөгүсү көп кийилет. Жеңи узун көйнөктөрдүн жеңинин учунда топчулары болот. Көбүнчө топчулары кара өңдө болот.

			(Себахаттин Булут, Кушактан Кушака Эрзурум\ Анкара, 1984)
3	кызыл жоолук	Kırmzı Eşarp, Yazma	**КЫРГЫЗЧА:** Жигиттердин чекесине байлап алуу үчүн ылайыкташылган төрт чарчы кездеме **Түркчө:** Üzerine el kalıplarıyla çiçek şekilli süs motifleri basılmış "tülbent" bezin adı olup kadınlar tarafından başa bağlanır. Bazı yemenilerin etrafı oya dikilerek süslenir. Yazma ya da yemeni kadın başına “kundak veya salma denilen iki tarzda bağlanmaktadır. Kundak tarzı bağlamada saçlar başın üstünde ve arka tarafından yemeni içinde sımsıkı toplanır, yalnız alında ve şakaklarda biraz kakül ya da perçem görülür. Salma tarzı bağlamada saçlar taranır ve örülür. Yemeni üçgen şeklinde katlanarak başın üsütüne konur ve iki ucu saç üstüne sarılan kısmın altından çapraz dolaştırılıp alın üstündeki kısmından bağlanır. Basma suretiyle süslenmiş olanlarına "Yazma Yemeni" denir . Kadınların baş yemenileri bazen etrafı oyalı düz beyaz bir tülbent de olabilir. Göynük ilçesinde yazmaya yemeni denmektedir. Kenarları iğne oyalıdır. Kulak arkasında serbest bırakılarak örtülür. Kadınların ve genç bekar kızların kullandığı günlük ve özel günlerde giyilen başörtüsüdür. (**Koçu**, E.R., (1967). Türk Giyim Kuşam Süslenme Sözlüğü. Ankara: Başnur Matbaası.) **Кыргызча котормосу**: бетинде колго сайылган гүл түрүндөгү кооз саймалары бар марли кездеме болуп эсептелет, айымдар башына салынышат. Кээ бирлеринин жээги колго кооздолот.

			Жоолукту айымдар башына ороп же аркасын бош түшүрүп салынышат. Жолукту ороп салынганда айымдар чачтарын башына түйүп, жолукту сыртынан ороп салынышат, болгону маңдайында бир аз көкүл жана төбөсүндө түйүлгөн чач көрүнүп турат. Жоолукту аркасына бош таштап салынууда айымдардын чачы таралып, өрүлөт. Жоолукту үч бурчтук кылып, башка салынат жана жоолуктун эки учу өрүлгөн чачтын алдынан кайчылаш өткөрүлүп, маңдай тарапка байланат. Басма менен кооздолгон жоолуктар кооздолгон жоолук (Yazma Yemeni) деп аталат. Айымдардын башка салган жоолуктары жээгинде оюмдары бар, ак кездеме түрүндө да болот. Гөйнүк аймагында жоолукту “йемени” деп аташат. Бул жоолуктардын четтери сайма менен кооздолгон болот. Кулактын аркасы бош түшүрүп салынышат. Айымдардын жаш бойдок кыздардын күнүмдүк же атайын майрам күндөрү салынышкан жоолуктары болуп эсептелет. **(koçu, E.R., (1967). Türk Giyim Kuşam Süslenme Sözlüğü. Ankara: Başnur Matbaası.)**
4	камзол	Abiye Bindallı	**КЫРГЫЗЧА**: сырт кийимдин ичинен кийилчү жеңи жок чыптама **Түркчө**: Bindallı: Eski bir kumaş adı; ipekli kumaşların, kadifelerin üzerlerini kılabdan ile iri yapraklar ve dallar işlenmiş olanıdır **(Koçu 1967: 39).** Çankırı merkezinde genellikle bindallı; mor renkte kadife kumaştan dikilen, tek parça olarak

			giyilen, sıfır yakalı olup ön yaka göğüs hizasına kadar açık olan bir giysidir. Omuzdan kol altına kadar düz, kol altından etek ucuna doğru genişleyen bindallının ön ve arka bedeninde, yanlara üçgen parça eklenerek bu genişlik sağlanmıştır. Etek boyu ayak bileklerine kadar uzun olup arka etek ön etekten daha uzundur (kuyrukludur). Düz takma kolludur. **(Doç. Dr. H.Nurgül BEGİÇ - Öğr. Gör. Ceren ÖZ)** **Кыргызча котормосу**: айымдардын кийми болуп саналат. Биндаллы: илгери кездеменин аты болгон, жибек кездемелердин, бархаттарга жип менен чоң жалбырактар жана бутактардын сүрөтү саймаланган кездеме болуп саналат (Koçu, 1967:39). Чанкыры аймактарында жалпысынан биндаллы сыя өңдөгү бархат кездемеден тигилген, бир кабат кийилген, жакасы кыска болуп, жаканын алдыңкы бөлүгү төш тарабына чейин ачык болгон кийим түрү болуп эсептелет. Ийинден белге чейин түз, белден этеке чейин кенен болот, биндаллынын бул кенендиги алдыңкы, арка жана капталдарына үч бурчтук түрүндө кошулуп тигилүү менен жасалган. Этеги буттун томугуна чейин жетет, этегинин аркасы алдына карагана узунураак болот, жеңдери түз болот **(Doç. Dr. H. Nurgül BEGİÇ - Öğr. Gör. Ceren ÖZ).** Бул кийим жибек жиби менен кол машина аркылуу кайчылаш тигиш жана аттап тигиш түрү

			менен тигилет. Симметриялуу түрдө саймаланган өзүмдүк саймалары, оролгон бутактар, чачык сыяктуу кооздоолорду жасоодо сайма саюунун түрдүү техникасы колдонулат. Саймаларга ар кандай өңдөрдү берүүдө алтын өңүндөгу сары жибек жиби жана жука калай колдонулат. Ич көйнөксүз биндаллынын жеңинин учу жана жакасынын жээгин ак түстөгү сайма менен кооздолуп турат. Биналлыны аймактарда күйөөгө тийген айымдар кийишкен.
4.	өтүк	Çizme чизме	**КЫРГЫЗЧА:** сыйда бут кийим **Түркчө**: Söke'de yapılan körüklü çizme yapımında dana derisi ve ahşap çiviler kullanılmakta ve çizmenin bütün süreçleri elde tamamlanmaktadır. Yerel ürüne ismini veren körük için özel bir bükme tekniği kullanılarak, baklavalar halinde körük şekli verilmektedir. Bu körük, çizmenin giyilmesi için rahatlık sağlamaktadır(**Başaran B, Sarı Ö.,** 1993.) **Кыргызча котормосу**: Сёкеде көөрүктүү чийүүлөрүн даярдоодо торпоктун териси жана тактай мыктары колдонулат жана колго жасалат. Бул жергиликтүү баалуулукка атын сыпаттап турган көөрүктү жасоо үчүн өзгөчө бүгүү техникасы колдонулуп баклава (түрктөрдүн улуттук таттуу токочу) түрүндө көөрүк формасы жасалат. Бул көөрүк өтүктү кийүүдө ыңгайлуу болушуна шарт түзөт (**Başaran B, Sarı Ö.** 1993.)

5.	көрпө тебетей	Kürklü şapka	**КЫРГЫЗЧА**: териден жасалган баш кийим **Түркчө**: erkekler ve bayanlar için tilkive kunduz dersinde yapılan başlık, şapka. **Кыргызча котормосу**: эркек жана айымдардын кундуз жана түлкү терисинен жасалган баш кийими (**Kırgızca –Türkçe sözlük** S. 1985 Bişkek 2018)
6.	чоң тебетей	Geniş kürk	**КЫРГЫЗЧА**: жылуу баш кийим түркчө :Kenaları geniş olan , tilki ve kunduz dersinde yapılan sıcak bir baş giyim türüdür. Başlık şapka. **Кыргызча котормосу**: четтери кенен болгон, түлкү жана кундуз терисинен жасалган калың баш кийим турү. Баш кийим, топу. (**Kırgızca –Türkçe sözlük** Ekrem A.OĞLU S. 1985 Bişkek 2018)
7.	бийик тебетей	Geniş kürklü şapka	**КЫРГЫЗЧА**: кыруусу бийик болгон жылуу баш кийим **Түркчө**: Kenaları geniş olan , tilki ve kunduz dersinde yapılan sıcak bir baş giyim türüdür. Başlık şapka (**Kırgızca –Türkçe sözlük** S. 1985 Bişkek 2018) **Кыргызча котормосу**: четтери кенен болгон, түлкү жана кундуз терисинен жасалган калың баш кийим турү. Баш кийим, топу.

8.	кара көрпө тебетей	Siyah Kürklü şapka	**КЫРГЫЗЧА**: кыруусуна кара көрпө салынып тигилген баш кийим. **Түркчө**: Siyah Kürklü şapka tilki ve kunduz dersinde yapılan sıcak bir baş giyim türüdür. Başlık şapka.Fakat bu şapkanının en özelliği siyah kunduz ve tilki tüylerinden yapılmasıdır .Aynı zamanda tiftik külah olarak da geçmekdedir. **KOÇU,** Reşat, Ekrem (1967), **Кыргызча котормосу**: Кара терилүү баш кийим, түлкү жана кундуз терисинен жасалган калың баш кийим түрү. Баш кийим. Бул баш кийимдин өзгөчөлүгү кара өңдөгү кундуз жана түлкү терилеринен жасалуусу болуп саналат. Ошол эле учурда тоголок топу катары да колдонулат
9.	топу	Takke	**КЫРГЫЗЧА**: тегерек болгон баш кийим түркчө:Takke başlık genellikle namaz kılmak için erkeklerin takmış olduğu bir baş giyimidir. (**Kırgızca –Türkçe sözlük** Ekrem A.OĞLU S. 2078 Bişkek 2018) **Кыргызча котормосу**: такыя негизинен намаз окуганда эркектер кийген баш кийим болуп эсептелет.
10.	кара манат топу	Siyah Takke	**КЫРГЫЗЧА**: кара түстөгү кездемеден төбөсү кууш бычылып, бүйрө тигилип, ак кездеме менен ичтелген баш кийим **Түркчө**: Takkenin siyah türüdür.

			(Sabahattin BULUT, Kuşaktan Kuşağa Erzurum,Ankara, 1984,s. 11) **Кыргызча котормосу**: кара өңдөгү такыя
11.	ак сеңсел бөрк	Beyaz Deri Börk şapkası Беяаз дери борк шапка	**КЫРГЫЗЧА**: төбөсү бийик тебетей **Бөрк**, бөрүк түрк тилдеринин басымдуу көпчүлүгүндө, ошондой эле кыргыз тилинде да баш кийим. Б. Махмуд Кашкаринин эмгегинде да кездешет. Азыр кыргыз тилинде активдүү колдонулбайт. Тек гана макал-ылакаптарда айтылып калган: «Бөрк ал десе, баш алган». Б. Манас эпосунун бардык варианттарында учурайт, кээ бир варианттарда өңү-түсү ажыратылат: кызыл бөрк. кара бөрк жана башкалар **Түркчө**: Hayvan dersinden yapılan başlık Tepe kısmı geniş ve yüksek olan börklerdir.Börk hemen hemen çoğu Türk dillerinde aynı ismle anılmaktadır . **KUŞOĞLU, M. Z.,** (2006). **Кыргызча котормосу**: жаныбардын терисинен жасалган баш кийим, төбөсү кенен жана узун болгон бөрктөр болуп эсептелет. Бөрк көпчүлүк түрк тилдеринде окшош кездешет.
12	көрпө бөрк	Deri börk şapkası дери борк шапкасы	**КЫРГЫЗЧА**: кыруусуна көрпө салынып тигилген жылуу баш кийим **Түркчө**: Deriden yapılan ve sıcak bir baş giyim türüdür. **KUŞOĞLU, M. Z. ,** (2006). **Кыргызча котормосу**: териден жасалган калың баш кийим түрү болуп эсептелет.
13	суусар бөрк	Sansar Börk Сусар борк	**КЫРГЫЗЧА**: кыруусуна суусар салынып тигилген жылуу баш кийим

			Түркчө: sansargiller dersinde yapılan bir şapka türürdür . **Кыргызча котормосу**: суусар терисинен жасалган баш кийим түрү **KUŞOĞLU, M. Z. ,** (2006).
14.	бөрк	Börk борк	**КЫРГЫЗЧА**: жаныбардын терисинен жасалган баш кийим түрү. **Түркчө**: Hayvan dersinde yapılan bir şapka türüdür.Genellikle sıcak ve koruyucu bir özelliğe sahiptir.Aynı zamanda börk sözcüğü birök,Türk dilinde de börk olarak geçerli Kırgız,Kazak,Tatar vs…… **KUŞOĞLU, M. Z.,** (2006). **Кыргызча котормосу**: Негизинен калың болуп, сууктан коргоочу өзгөчөлүккө ээ. Бөрк сөзү бир нече Түрк тилдеринде окшош кездешет (кыргыз, казак, түрк, татар ж.б.).
15.	тон	Kürk, Mont	**КЫРГЫЗЧА:** Иштетилген, өңдөлгөн койдун терисинен жүн жагынын ичине келтирип жасалган сырт кийим **Түркчө**: Hayvan dersinden yapılan mont ya da kürktür. Türklerin yiyecek silahlarını asabilmek için kalın deri kemerlere ihtiyaçları vardı. Ayrıca sürekli olarak açık havada gezmeleri nedeniyle kalın palto ve kürklerin kullanılmasını da gerektiriyordu. Soğuğa ve rüzgara karşı kulaklıklı ve esneklikli içi kürklü şapkalar giymek işin ve iklimin gereğiydi (Ögel, 1991) Kürk bazı hayvanların giyecek yapmak için işlenmiş postu (TDK, 2007). Kürklü hayvanlar daha çok kutuplarda

			uzun soğuk kışları olan bölgelerde yaşarlardı. Bu bölgenin hayvanlarının kürkleri daha uzun parlak ve canlıdır. **Кыргызча котормосу**: жаныбарлардын терисинен жасалган ичик же тон болуп эсептелет. Түрк элдери тамак-аш, курал-жарактарын илүүгө калың териден жасалган курларды колдонушкан. Өзгөчө көбүнчө сыртта жүрүшкөндүктөн калың тон жана ичиктерди кийишкен. Суук абага жана шамалдан тосуучу кулактуу жана желкеси узун ичи жүндүү калың баш кийимдерди кийишкен, себеп дегенде аба-ырайы ушундай кийинүүнү талап кылган (Ögel, 1991). Тери - кээ бир айбанаттардын кийим жасоо үчүн ийленген териси болуп саналат TDK, 2007). Калың жүндүү айбанаттар көбүнчө уюлдарда, кышы суук болгон аймактарда жашашат. Мындай климатка ээ аймактарда жашаган айбанаттардын жүндөрү узун болуп, жылтырак жана жандуу келет.
16.	ак көрпө тон	Beyaz Deri Kürk	**КЫРГЫЗЧА**: ак көрпөдөн жасалган жылуу сырт кийим **Түркчө**: kuzu ve oğlak postundan yapılan beyaz kürklerdir. (Ögel, 1991) **Кыргызча котормосу**: козу жана улак терисинен жасалган ак тумактар болуп эсептелет.
17.	күбө (ок өтпөс тон)	Pullu Zırh.	**КЫРГЫЗЧА**: байыркы жоокерлердин ок өтпөс тону **Түркчө:** Savaşlarda ok, kılıç ve süngü gibi silâhlardan korunmak için giyilen demir, tel levha veya köseleden yapılmış giysi. Deri veya keten bir zemin üzerine ağaçtan, ham deriden, altın, gümüş, bakır, bronz ve demirden elde

			edilen malzemenin (pullar) balıksırtı birbirinin üstüne gelecek şekilde deri iplerin birleştirilmesiyle yapılırdı. İlk defa eski Mısır ve Asurlular'da görülen bu zırh çeşidi (Robinson, s. 1-2), daha sonra İskitler ve ardından gelen Sarmatlar ile meskûn Orta Asya bozkırlarından Çin'e kadar uzanan bölgelerde kullanılmıştır. İsrâil toprağını işgal eden Filistî ordusu ile İsrâil ordusu arasındaki savaşta Dâvûd'un öldürdüğü zorlu savaşçı Golyat'ın (Câlût) üzerinde pullu zırh bulunduğu, baldırlarına tunç zırhlar giydiği kaydedilmektedir VII, 38). Pullu zırh Romalılar'da "lorica squamata" adıyla bilinirdi. **Кыргызча котормосу**: Согушка чыгарда ок, кылыч жана жебе сыяктуу куралдардан коргонуу үчүн кийилген темир, зым менен торлонгон же ийленген териден жасалган кийим. Бул кийим тери же тар материалдардын үстүнө, жыгачтан, чийки териден, алтын, күмүш, болот, коло жана териден кооздолгон материалдар балыктын катуу сыртты сыяктуу биринин үстүнө бири жайгаштырылып, тери жиптери аркылуу бекитилип жасалат. Алгач Египет жана Ассириялыктар колдонгон бул зоот кийим түрү (Robinson, s. 1-2) кийинчирэк Скифтер андан кийин Сарматтар менен Орто Азия тоолорунда жашаган элдерден тартып Кытайга чейин жеткен аймакта колдонушкан. Израил аймагын басып алаган Палестина армиясы менен Израил армиясы ортосунда

			болгон согушта Давут өлтүргөн кыйын согушкер Голиафтын (Джалут) үстүндө металдан жасалган зоот кийими бар экени, балтырларында колодон жасалган зоот таккычтары бар экендиги жазылат. VII, 38). Зоот кийимди римдиктер Лориса Сгуамата деп аташкан. Бирок бул зоот кийимдин темирлери ийилчээк өзгөчөлүккө ээ болбогондуктан согушкердин эркин кыймыл-аракетине тоскоолдук жараткандыктан.
18.	олпок	Zırh	**КЫРГЫЗЧА**: ок өтпөс тон **Түркчө**: Olpoğun iki anlamı var: 1.si Beşiğe serilen minder 2si savaşlarda giyilen zırh :Fakat Sıngan Kılıçta geçen olpok sözcüğü zırh .anlamında kullanılmıştır. Eski Türkçe'de **yarık**, Moğolca'da **cebe**, Latince'de **lorica**, Arapça'da **dir'**, **le'me**,Farsça'da **zırıh**, **cevşen**, Ortaçağ Avrupası'nda **armour** kelimeleriyle ifade edilmiştir. Savaşlarda düşmanın saldırı silâhlarının darbe ve atışlarına karşı hayatî bölgeler başta olmak üzere vücudun zarar görmesini engelleyen en önemli savunma silâhlarından biriydi. Diğer savunma silâhları (göbeklik, dizçek, kolçak, miğfer, kalkan) gibi zırhın gelişimi de saldırı silâhlarındaki ilerlemeye paralel olarak gerçekleşmiştir. Zırhla alâkalı ilk örnekler, Bronz çağında milâttan önce 2050'de ve sonrasında Sumerler ve Asurlular dönemine tarihlenmektedir (Boutell, s. 11; Keegan, s. 213). Milâttan önce 1500'lerden itibaren Mısır'da XVIII. hânedan döneminde, Hititler'de ve Ege'deki

			Miken uygarlığında savaşçılar, bu çağa adını veren bronz yanında tunç ve deriden mâmul zırhlar giymeye başlamışlardır (Boutell, s. 20-41; Başol, s. 10). Demir çağının son dönemlerinde ise demirden yapılan zırhlar ön plana çıkmıştır. Kur'an'da İsrâiloğulları'nı savaşın şiddetinden koruması için Allah tarafından Dâvûd'a zırh yapma sanatının öğretildiği (el-Enbiyâ 21/80), demirin onun için yumuşatıldığı ve ondan itinayla muntazam zırhlar yapmasının istendiği (Sebe' 34/10-11) ifade edilir. İslâmî kaynaklarda, Dâvûd'un Allah'tan kendisine geçimini sağlayacak bir kazanç yolu göstermesini talep ettiği, bunun üzerine kendisine zırh yapma sanatının öğretildiği belirtilmektedir. Rivayete göre zırh yaparak giyen ilk kişi de odur; bundan dolayı ilk zırh ustası kabul edilmiştir. **Кыргызча котормосу**: олпоктун эки мааниси бар: 1- бешике жабылган мата, 2- согушта кийилген зоот кийим. Ал эми "Сынган Кылыч" чыгармасында колдонулган олпок сөзү зоот кийим маанисинде колдонулган. Эски түрк тилинде "йарык", моңголчо "жебе", латынча "лориса" деп аталат. Ал эми арапчада "дирлеме", фарсчада "зырх, жевшен", орто кылымдагы Европада "армоур" деп аталган. Согуштарда душман тарабынан колдонулган куралдардын соккусу жана атышууларынан сактоо үчүн дененин жашоо берүүчү маанилүү аймактарын, баштан тартып, дененин бардык бөлүгүнүн жабыркоосунун алдын алган эң маанилүү коргоочу курал болгон. Мындан башка коргоочу майда куралдардын (калың ич куру, тизеге таккыч, колкап, шлем жана калкан) пайда болушу кол салуучу куралдардын өнүгүшү менен барабар

			болгон. Зоот кийимге байланыштуу алгачкы өрнөктөр коло доорунда б.з.ч. 2050-жылдардан баштап Шумелер жана Асуриялыктарда көрүнөт деп тарых баракта рында жазылат. (Boutell, s. 11; Keegan, s. 213). Б. з. 1500-жылдардын баштап, Египетте XVIII Ханедан доорунда Хеттер жана Эгедеги Микен цивлизациясындагы согушкерлер алгач коло доорунда колдонула баштаган коло жана териден жасалган зоот кийимдерин кие башташкан. (Boutell, s. 20-41; Başol, s. 10). Темир доорунун аяктарында болсо, темирден жасалган зоот кийимдер көп колдонулган. Куранда Израил уулдарынын согуштун соккусунан коргонушу үчүн Аллах тарабынан Давудка зоот кийим жасоо жолунун үйрөтүлгөндүгү (el-Enbiyâ 21/80), ошондуктан темирдин жумшатылышы жана ошол жол боюнча зоот кийимдердин жасалышына буйрук бергендиги айтылат. (Sebe' 34/10-11). Илам адабияттарында Давуддун Аллах тарабынан өзүнө пайда алып келүүчү бир жолдун көрсөтүлүшүн каалагандыгы жана бул пайда алып келүүчү жол катары Аллах тарабынан зоот кийим жасоо жолунун үйрөтүлгөндүгү айтылат. Рубаятта зоот кийим жасап кийген алгачкы адам болуп Давуд эсептелет, ошондуктан аны алгачкы зоот кийим устасы деп аташкан.
19.	ак олпок	Deri Zırh	**КЫРГЫЗЧА**: абдан катуу болуп ийленип, жука бышырылган кийизден жасалган сырт кийим түркчө :Maliyet açısından daha ucuz ve daha rahat olduğu için tercih edilirdi. Bu tür zırhlara Grekler ve Romalılar "spolas" adını vermişlerdi. Göğüs kısmında "kardiophylaks" (kalbi koruyan) ismiyle anılan bir metal levha bulunurdu. Kafkaslar'da "tecfâf" denilen deri zırhlar giyilmekteydi. Derinin dışında keten ve tahta, zırh için kullanılan diğer

			malzemelerdi. Yenisey kazılarından elde edilen bilgilere göre Kırgızlar kendileri ve atları için tahta plakalardan zırhlar kullanıyorlardı. Bu zırhların Tunguzlar tarafından ve Japonya'da da giyildiği bilinmektedir (Ögel, s. 220; Süslü, s. 183). Göktürkler'in zırh kullandığına dair Çin kaynaklarında bilgi yer almasına karşılık (Chou Shu, L, 907) cinsi konusunda açıklama yoktur. Ancak bunların deriden mâmul olması muhtemeldir. Grekler, "thorakes linoi" adı verilen keten zırhlarının üzerini metal parçalarla darbelere karşı korunmuştur. **Кыргызча котормосу:** финансылык жактан дагы арзан жана денеге ыңгайлуу болгондуктан көп кийилген зоот кийим болуп эсептелет. Буга окшогон зоот кийимдерди гректер жана римдиктер "сполас" деп аташкан. Төш тарабында "кардиофилакс" (жүрөктү коргоочу) деп аталган металдан жасалган коргоочу нерсеси болгон. Кавказтарда "тежфаф" деп аталган териден жасалган зоот кийимдер колдонулган. Териден башка зоот кийим жасоо үчүн тактайлар жана чынжырлар да колдонулган. Энесай таш жазууларынан алынган маалыматка ылайык Кыргыздар өздөрүнө жана аттарына тактайдан жасалган зоот кийимдерди колдонушкан. Бул түрдөгү зоот кийимдердин тунгуз жана жапон элдери тарабынан да колдонулганы айтылат (Ögel, s. 220; Süslü, s. 183). Көктүрктөрдүн зоот кийимдери тууралуу кытай булактарында

			маалымат болгону менен, (Chou Shu, L, 907) кандай түрдөгү зоот кийимдерди колдонгону тууралуу кенен маалымат жок. Бирок алардын зоот кийимдери көбүнчө териден жасалышы боюнча божомолдор бар. Гректерде “Тхоракес линой” деп аталган чынжыр зоот кийимдеринин коргоочу күчүн күчөтүү үчүн үстүнөн металдар жалатылган
20.	таажы	Taç	**КЫРГЫЗЧА:** бийик даражаны билдирген баш кийим **Түркчө**: (giyim, monarşi) soyluluk, iktidar, güç veya hükümdarlık sembolü olarak başa giyilen, değerli taşlarla süslü başlık Tarihte siyasal düzenler kurmuş tüm kültürlerde olduğu gibi, Türklerde de taca rastlanır. Orta Asya'da İ.Ö. VI. yüzyıldan başlayarak varlığı bilinen Türklerin Avrasya bozkırlarındaki göçer kültürlerinde ve Doğu'da Budacı, Manici kültür alanları içinde oluşturdukları toplumların hepsinde taç, bir hükümdar simgesi olarak görülür. İslamlığın kabul edilişinden sonra Karahanlılar, Gazneliler ve özellikle Selçuklularda taç, bir hükümdarlık simgesi olmaya devam eder. Ancak günümüze ulaşan birkaç taç örneği bir yana bırakılırsa Türklerin kullandığı taçlar, daha çok betimler ve yazılı metinler aracılığı ileöğrenilebilir. İslamlık öncesi dönemlerde taç, toplumların yaşamında yalnızca bu dünyada kullanılmakla kalmamış, öte dünya tasarımlarında da gerekli olduğuna inanılmıştır. Buna en güzel örnek,

			Kazakistan'ın eski başkenti Alma-Ata yakınlarında, Esik kasabasında Kazak arkeologlardan Kemal Akisev'in başkanlığını yaptığı kazıda bulunan, İ.Ö. V-IV. yüzyıllar arasına tarihlenen kurgandan çıkartılan gencin başındaki taçtır. "Genç Alp" olarak da bilinen gencin tacı üzerinde dağ, ağaç, kuş, aslan, keçi, kanatlı at, ok gibi çeşitli figürler yer almaktadır. Bu figürler, bir bütün olarak değerlendirildiğinde şamanlık inancının kutsallıklarının simgeleri olduğu görülür Bir başka taç ise, Altay kültür çevresinde Pazırık kurganlarının beşincisinde bulunan bir keçe örtünün (6.50 m x 4.50 m) üzerinde yer alan Toprak Tanrıçası'nın başındaki taçtır. Profilden tahtta oturur halde betimlenen Tanrıça figürünün karşısında atlı bir erkek figürü bulunur. Aynı sahne tekrarlanarak devam eder. Tanrıça'nın başında kırmızı bir örtü üzerine kumaştan olduğu izlenimi veren, üçgen dilimli, siyah renkli bir taç vardır. Bu örtünün tarihi konusunda değişik görüşler ileri sürülür Bu üçgen dilimli taçların benzerlerine Çinlilerin II. Han Dönemi (İ.Ö. 205-25) taş kabartmalarındaki Hun Türklerini betimleyen bazı figürlerde de rastlanır.4 Bunlardan biri, İ.Ö. 200'lü yıllarda yaşadığı belirtilen "Ts'ın Quyang" adlı hep ibadet eder durumda görülen soylu bir kişidir. Burada başında üçgen dilimli bir taç ile profilden betimlendiği görülür . İ.S. VI-VIII. yüzyıllarda Orta Asya'da tanrılarla bütünleşen kağan betimlerinde taçlar görülür. Bunlardan biri, Koruyucu Tanrı Nagaraya ile özdeşleşen Türk Kağanı'na aittir . Kızıl'da Ming-Oi

			mağaralarından Nagaraya mağarasında, giriş kapısının iç duvarında yer alan Tanrı-Kral, elinde kurt başlı bir kargı taşımaktadır. Yalnızca en büyük kağanların bu bayrağı taşımaya hakkı olduğu bilinmektedir.Tanrı ile özdeşleşen kralın başındaki taca bakıldığında, cepheden üç üçgen dilimli bir bölüm üzerinde daha küçük ikinci bir bölüm olduğu görülür. Bu tacın tüm çıkıntılarının ucunda altı tane yuvarlak topçuk biçimde süsler bulunmaktadır. Kralın başının üzerinde yılanlardan oluşmuş bir sarmalın ortasında üçgen dilimli bir taç daha görülür. Bu daha önce görülen çocuk kral Tch-eng ve Kudirge'deki tanrıça Umay'ın tacının hemen hemen aynısıdır. Bu örnekler, Türklerde üçgen dilimli taçların gösterdiği sürekliliğin izlenebilmesi açısından önem taşırlar. Özetle diyebiliriz ki; İslamlık öncesi Türk kültüründe, üçgen dilimli taçlar ve Tac-ı Börki denilen yüksek taçlar, kutsal hükümdar anlayışıyla koşut olarak dinsel ve dünyasal anlamda güç ve erki simgelemiş ve **Кыргызча котормосу**: тарыхта саясий система курган бардык маданиятта колдонулгандай эле Түрктөр да таажыны колдонушкан. Орто Азияда Исага чейин VI кылымдан тартып жашап келгендиги белгилүү болгон түрк элдеринин Евразия кырларындагы көчмөн маданиятында жана Чыгыштагы буддалык, манихейчилик маданияттын арасында түзүлгөн коомдордун бардыгында таажы бир өкүмдардын символу катары билинген. Ислам дини кабыл алынгандыан тартып Караханийлер, Газневиддер жана өзгөчө Селчуклуктарда таажы бир өкүмдарлык символу катары колдонулушу улантылган. Бирок азыркы күнгө чейин жеткен бир нече таажы өрнөгүн эске албасак, Түрктөр колдонгон таажыларды көбүнчө сүрөттөө жана жазылып калган материалдар аркылуу гана элестетүүгө болот. Исламга чейинки доордо

			коомдор таажы болгону бул дүйнөдө гана эмес тиги дүйнөдө да колдонулаарына ишенишкен. Буга Казакыстандын эски борбору Алма-Ата тараптагы эски шаарчада Казак археологу Кемал Акисев башында туруп жасаган казуу иштеринде табылган Исага чейинки V-IV кылымдардын аралыгында жашагандыгы болжолдонгон жаш баланын башындагы таажы эң сонун мисал боло алат. Таажы (кийим, монархия) тектүүлүк, бийлик, күч же өкүмдарлык символу катары башка кийилген кымбат баалуу таштар менен кооздолгон баш кийим болуп эсептелет. “Жаш алп” деп аталган жаштын таажысында тоо, дарак, куш, арыстан, эчки, канаты бар ат, ок сыяктуу ар кандай фигуралар жайгашкан. Бул фигуралар жалпысынан алганда шаманизимдин ыйык нерселеринин символдору экендигин айтууга болот. Ошондой эле Алтай аймактарында Пазырык коргонунда табылган кийизге түшүрүлгөн (6.50 m x 4.50 m) Жер Ханышасынын башындагы таажы өрнөгү табылган. Такта отурат деп сүрөттөлгөн Ханыша фигурасынын бет маңдайында ат минген эркектин сөлөкөтү түшүрүлгөн. Бул көрүнүш кайра кайра түшүрүлгөн. Ханышанын башында кызыл жоолуктун үстүнө кездемеден жасалганы болжолдонгон үч бурчтук кесилген кара өңдөгү таажысы бар. Бул көрүнүштүн тарыхы боюнча ар кандай пикирлер айтылып келет. Бул үч бурчтук таажыларга окшошуп кеткен Кытайлардын II хандык учурунда (Исага чейин 205-25) таш рельефиндеги Хун түрктөрүн сүрөттөгөн кээ бир фигуралар да кездешет. Исадан кийинки VI-VIII кылымдарда Орто Азияда теңирлер менен тең болгон кагандарды сүрөттөөлөрдө алардын таажысы тууралуу да айтылат. Булардын бирөөсү Коргоочу теңир деп

			таанылган Нагария менен байланышкан Түрк Каганына таандык болгон. Кызылда Минг-Ой үңкүрлөрүнүн, Нагария үңкүрүнүн кире бериш тарабындагы дубалдарга түшүрүлгөн фигураларда колунда карышкырдын башынын сөлөкөтү түшүрүлгөн таяк кармап турган теңир-хандын сөлөкөтү чагылдырылат. Тарых барактарында болгону эң улуу кагандардын бул байракты кармагандыгы тууралуу айтылат. Теңир менен байланышта болгон хандын башына кийген таажыга карай турган болсок, ортосунан үч бурчтук бир бөлүк, анын үчтүндө кичирээк экинчи бир бөлүмдүн бар экендиги көрүлөт. Бул таажынын ар бир учунда алты даана мончок түрүндө тоголок нерселер менен кооздолгону байкалат. Хандын башында жыландардан түзүлгөн бир тоголоктун ортосунда үч бурчтук таажыны да көрүүгө болот. Бул буга чейин да кездешип келген бала хан Тч-енг жана Кудиргедеги ханыша Умайдын таажысына окшошуп кетет. Бул мисалдар түрктөрдө үч бурчтук таажыларын көп колдонулгандыгы боюнча маалымат берет. Кыскача айтканда Исламга чейин түрк маданиятында үч бурчтук таажылар жана “таж-ы Бөрки” деп аталган узун таажылыр ыйык өкүмдар маанисин берүү менен катар диний жана дүйнөлүк мааниде күчтүүлүктүн жана эрктүүлүктүн символу болуп, ушул мааниде башка кийилгенbu anlamda kullanılmıştır.

21.	селде	Sarık	**КЫРГЫЗЧА:** диндик кызматта жүргөн адам башына чалып, ороп алчу баш кийим Түркчө:Kavuk, külâh, takke ve fes gibi bir başlıkla üzerine sarılmış ince uzun tülbent, ağbani veya şaldan meydana gelir. Arapça'da daha çok imâme, Farsça'da destâr denir. Başı aşırı sıcaklıktan koruma ve vücut ısısını muhafaza etme özelliği sebebiyle gündüzleri sıcak, geceleri soğuk olan karasal iklimin hüküm sürdüğü çöl ülkeleriyle Hindistan'da yaygındır. Sarığın Arapça'da pek çok adı bulunmakta, bunlar arasından daha ziyade imâme (Farsça ve Türkçe'de amâme) kelimesi kullanılmaktadır. Hz. Peygamber Mekke'nin fethi sırasında siyah sarık (imâme sevdâ) giymiştir (Müslim, "Ḥac", 451, 452). Dolağı az olan imâmeye isâbe, etrafı kıymetli taşlarla süslü isâbe gibi şeylere iklîl denilir. Bir hadis rivayetinde Enes b. Mâlik, Resûl-i Ekrem'in duasıyla Medine civarına yağan yağmurun oluşturduğu manzarayı iklîle benzetir (Buhârî, "İstisḳā'", 13). Resûlullah'ın mest ve hımâr üzerine meshettiğine dair rivayetteki (Müslim, "Ṭahâret", 84; Taberânî, II, 129) hımâr kelimesi sarık diye açıklanmıştır (Nevevî, III, 174). Dolanma, sarılma özelliğinden dolayı sarığa mikver de denilmiş ve Kur'an'da gecenin gündüzü sarıp sarmalaması "kevr" kelimesiyle ifade edilmiştir. Özellikle Endülüs'te sarıklı memur ve fakihler için kullanılan "mükevvir" kelimesi "müteammim" ile aynı anlamdadır. Suriye, Mısır, Arap yarımadası ve İran'da şâş kelimesi de "sarık" mânasında kullanılmıştır; Kalkaşendî, Eyyûbîler döneminde kadıların ve ulemânın giydiği büyük sarıklardan "şâşât" ve serbest bıraktıkları ucundan (taylasan) "züâbe" adıyla söz eder (Ṣubḥu'l-aʿşâ, IV, 43-44). Batı dünyasında sarığa verilen türban adının Farsça tülbendden geldiği sanılmaktadır (İA, X, 227).

			Кыргызча котормосу: чалма, күлах, такыя жана феска сыяктуу баш кийимдерге оролгон узун жука мата, чыт же шарфтан жасалат. Арапчада көбүнчө имаме, фарсчада дестар деп аталат. Башты күндүн ысыгынан коргоо жана денени жылуу кармаган өзгөчөлүгүнөн улам түнкүсүн суук күндүз ысык болгон климаттык өзгөчөлүкө ээ чөл өлкөлөрү менен Индида көп колдонулат. Чалманын арапчада көп аты колдонулат, булардын арасынын көбүнчө имаме (фарсча жана түркчөдө амаме) сөзү колдонулат. Азирети Пайгамбарыбыз Меккени басып алуу учурунда кара чалма (имаме севда) кийгендиги айтылат (Müslim, “Ḥac”, 451, 452). Оромосу аз болгон имамени исабе, тегереги кымбат баалуу таштар менен кооздолгон исабе сыяктуу чалмаларды иклил деп аташкан. Бир хадис риваятында Энес Малик, Расул Экремдин дуасы менен Мадинада жааган жамгырдан келип чыккан көрүнүштү иклилге окшоштурат. (Buhârî, “İstisḳāʾ”, 13). Аллахтын Элчисинин месут жана химар үстүнөн масх тартуу боюнча риваятындагы (Müslim, “Ṭahâret”, 84; Taberânî, II, 129) химар сөзү чалма деп сүрөттөлөт (Nevevî, III, 174). Оролуп, байланып жасалуу өзгөчөлүгүнөн улам чалманы миквер деп да аташкан жана Куранда да түндүн күндүздү ороп алуусу да “кевр” сөзү менен айтылган. Өзгөчө Аль-Андалусда чалмалу адис жана факихдер үчүн колдонулган “мүкеввир” сөзү “мүтеаммим” менен бир мааниде колдонулат. Сиря, Египет, Арап жарым аралдарында жана Иранда “шаш” сөзү да чалма маанисинде колдонулат. Калкашенди, Аюбилер учурунда кадилердин жана башкаруучулардын кийген чоң чалмалар “шашат” деп аталып, анын бош ташталган учу “зүабе” деп аталары боюнча маалымат берилет (Ṣubḥu’l-aʿşâ, IV, 43-44). Батышта чалмага берилген “трюбан” атынын фарсчанын

			“түлбенд” деген сөзүнөн алынгандыгы болжолдонууда (İA, X, 227).
			Түркчө: Genellikle özel gecelerde giyilen, gösterişli ve oldukça dekolte kadın giysisi. Bindallı: Eski bir kumaş adı; ipekli kumaşların, kadifelerin üzerlerini kılabdan ile iri yapraklar ve dallarişlenmiş olanıdır (Koçu 1967: 39)**.** Çankırı merkezinde genellikle bindallı; mor renkte kadife kumaştan dikilen, tek parça olarak giyilen, sıfır yakalı olup ön yaka göğüs hizasına kadar açık olan bir giysidir. Omuzdan kol altına kadar düz, kol altından etek ucuna doğru genişleyen bindallının ön ve arka bedeninde, yanlara üçgen parça eklenerek bu genişlik sağlanmıştır. Etek boyu ayak bileklerine kadar uzun olup arka etek ön etekten daha uzundur (kuyrukludur).Düz takma kolludur. **(Doç. Dr. H.Nurgül BEGİÇ - Öğr. Gör. Ceren ÖZ)** **Кыргызча котормосу**: Биндаллы: илгери кездеменин аты болгон, жибек кездемелердин, бархаттарга жип менен чоң жалбырактар жана бутактардын сүрөтү саймаланган кездеме болуп саналат **(Koçu 1967: 39).** Чанкыры аймактарында жалпысынан биндаллы сыя өңдөгү бархат кездемеден тигилген, бир кабат кийилген, жакасы кыска болуп, жаканын алдыңкы бөлүгү төш тарабына чейин ачык болгон кийим түрү болуп эсептелет. Ийинден белге чейин түз, белден этеке чейин кенен болот, биндаллынын бул кенендиги алдыңкы, арка жана капталдарына үч бурчтук түрүндө кошулуп тигилүү менен жасалган. Этеги буттун томугуна чейин жетет, этегинин аркасы алдына караганда узунураак болот, жеңдери түз болот. **(Doç. Dr. H. Nurgül BEGİÇ - Öğr. Gör. Ceren ÖZ).** Бул кийим жибек жиби менен кол машина аркылуу кайчылаш тигиш жана аттап тигиш түрү менен тигилет. Симметриялуу түрдө саймаланган өзүмдүк саймалары, оролгон бутактар, чачык сыяктуу кооздоолорду жасоодо сайма саюунун түрдүү техникасы колдонулат. Саймаларга ар кандай өңдөрдү берүүдө алтын

			өңүндөгү сары жибек жиби жана жука калай колдонулат. Ич көйнөксүз биндаллынын жеңинин учу жана жакасынын жээгин ак түстөгү сайма менен кооздолуп турат. Биндаллыны аймактарда күйөөгө тийген айымдар кийишкен.
8.	кара чүмкөп	Siyah Peçe	**КЫРГЫЗЧА:** чүмбөтү бар, жамынган кийим **Түркчө: Çarşaf** sözcüğü dilimize Farsça“gece örtüsü” anlamına gelen çâder-şeb sözcüğünden geçmiştir. **Peçe** sözcüğünün ise Türkçe mi yoksa Farsça kaynaklı mı olduğu kesin değildir. Günümüzde birçok Müslüman, çarşaf ve peçenin İslamiyet'le birlikte ortaya çıkan ve Ahzap suresi 59. ayetinde sözü edilen "cilbab" olduğunu düşünürler. (http://www.serenti.org/carsaf-ve-pecenin-oykusu/) **Кыргызча котормосу**: **чаршап (шейшеп) сөзү тилибизге фарс тилиндеги** "жамынуучу шейшеп" маанисин түшүндүргөн "чадер-шеб" сөзүнөн алынган. "Пече" сөзүнүн уңгусу түркчө же фарсча экени так белгилүү эмес. Азыркы учурда бир нече мусулман шейшеп жана паранджа ислам менен биргеликте пайда болгонун жана Аль-Ахзáб сүрөсүнүн 59-аятында "жилбаб" деп кездешери айтылып келет.
9.	кемсел	Kaftan	**КЫРГЫЗЧА:** бешмант, күрмө **Түркчө**: Kaftan önden açık, düğmeli, uzun kollu, yanları yırtmaçlı, astarsız, uzun üst elbisesidir. Beyitlerde Türkçe bir kelime olan "kaftan"la birlikte Arapça karşılığı olan "hil'at" ve Farsça karşılığı olan "haftan" da kullanılmıştır. Arapça "kaba" da aynı anlama gelen kelimelerdendir. Beyitlerden anlaşıldığına göre hil'at daha ziyade devlet

			yetkilerinin taktir, taltif ve atama nişanesi olarak hediye ettikleri kaftanlar için tercih edilen bir tabirdir. Bu yüzden hil'at ayrıca ele alınmıştır. "Hil'at giydirmek" tabiri sözü edilen hediye âdetinden gelmektedir. Yer yer "kaftan giydirmek", "kaba giydirmek" de aynı anlamda kullanılmıştır. **(Saraç, M. A. Yekta (2002), Emrî Divanı, İstanbul: Eren)** **Кыргызча котормосу**: чепкен төшү ачык шырылган, топчулуу, узун жеңдүү, капталдарында тилиги бар, жукарак үстүгө кийилүүчү кийим. Эки саптан түзүлгөн ырларда түркчө "кафтан" менен биргеликте арапча эквиваленти болгон "хил'ат" жана фарсча "хафтан" сөздөрү да колдонулган. Арапча "каба" сөзү да ушул эле маанини берет. Эки сап ырларда көрүлгөндөй хил'атты көбүнчө мамлекет жетекчилеринин сыйлык, наам алуу жөрөлгөсү катары белек клышкан. Ошондуктан ырларда хмл'ат айрыкча көп колдонулган. "Хил'ат кийгизүү" сөзү белек берүү салтынан алынган. Аймактарда кафтан (чапан) кийгизүү, Каба кийгизүү бир мааниде колдонулган.
10.	топу	Takke	**КЫРГЫЗЧА:** тегерек болгон баш кийим **Түркчө**: Takke başlık genellikle namaz kılmak için erkeklerin takmış olduğu bir baş giyimidir(Kırgızca – Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 2071 Bişkek 2018) **Кыргызча котормосу**: такыя негизинен намаз окуганда эркектер кийген баш кийим болуп эсептелет.
11.	кымкап	Kadife Kumaş Palto	**КЫРГЫЗЧА:** Кездеме

			Түркчө: İpek ve kadife kumaşın bir türü. Sırta giyilen uzun bir palto türüdür. **Anonim.** (1923 Kürk Garnitürler). **Кыргызча котормосу**: жибек жана бархат кездеме түрү болуп саналат. Сыртка кийилүүчү узун пальто.
12.	кызыл кымкап	Kırmızı Kadife	**КЫРГЫЗЧА:** алтын, күмүштөн жасалган зым кошулуп токулган кездеме **Түркчө**: altın gümüş ,telle süslerenek hazırlanan bir kadife türüdür . **Anonim.** (1923 Kürk Garnitürler). **Кыргызча котормосу**: алтын, күмүш менен кооздолуп жасалган бархат пальто түрү.
13.	кызыл кымкап тон	işlemeli Kürk, Palto	**КЫРГЫЗЧА:**алтын, күмүштөн жасалган зым кошулуп токулган кездемеден жасалган тон. **Түркчө**: Altın gümüş karşımı ile süslenen bir kürk, palto aynı zamanda **kaftanada** benzer türüdür. **Anonim.** (1923 Kürk Garnitürler). **Кыргызча котормосу**: пальто болуп эсептелет, алтын, күмүш менен аралаштылып кооздолгон тон, пальто болуп эсептелет, бул чепкенге да окшошуп кетет.
14.	карала кымкап	Brokı	**КЫРГЫЗЧА:** алтын, күмүштөн жасалган зым кошуп токулган кымбат баалуу кездеме **Түркчө**: Brokar, genellikle renkli ipekle yapılan ve zengin desenlere sahip, dokuma kumaşı sınıfıdır.—Brokarlarda genellikle metal teller bulunur. (https://tr.wikipedia.org/wiki/Brokar) **Кыргызча котормосу**: көбүнчө ар кандай түстөгү жибек жиптер менен жасалган ар кандай оюмдар түшүрүлгөн токулган кездемелер болуп эсептелет. Парчаларда көбүнчө металдан жасалган зымдар кездешет.

15.	күмүш кур	Gümüş Kemer	**КЫРГЫЗЧА:** сызма сыяктуу күмүштөн жалатылган, узун, жазы белди бууп, байлаш үчүн жасалган буюм **Түркчө**: Altın gümüş,ve mücevherlerle süslü bel bağı kemer. (**Kırgızca –Türkçe sözlük** Ekrem ARIK OĞLU S. 1190 Bişkek 2018) (**KUŞOĞLU, M.Z.,** 1994. "Osmanlı Kemer ve Tokaları) **Кыргызча котормосу**: алтын, күмүш жана гаухар менен кооздолгон бел боо
16.	кепич	Gislaved	**КЫРГЫЗЧА:**бут кийим **Түркчө**: Gislaved, Türkiye'de, özellikle de kırsal kesimde 1930'lu yıllardan beri kullanılagelen lastik ayakkabının adıdır. Genellikle Cızlavet veya Cislavet biçiminde de telaffuz edilir. Sanki bağcıkları ve sayası olan bir iskarpin gibi duran dış görünümüne rağmen bu ayakkabıların lastikten yekpare bir kalıp halinde tabanıyla birlikte preslendiği anlaşılmaktadır. Lastik çizmelerin konçsuz haline de benzerler. Renkleri genellikle siyahtır. Bu rengiyle ve sağlam görünümüyle adeta bir araba lastiğini andırır. Zaten İsveç'te otomobil lastiği üreten ve Gislaved adını taşıyan bir firma da mevcuttu ve yine İsveçte "Gislaved" adlı bölgede kurulmuştu. Ayakkabılar muhtemelen adını galoş da üreten bu firmadan alıyordu. Günümüzde Türkiye'de de aynı markayı taşıyan bir otomobil lastiği satılmaktadır. (https://tr.wikipedia.org/wiki/Gislaved_(ayakkab%C4%B1)) **Кыргызча котормосу**: Гиславед Түркияда өзгөчө 1930-жылдардан баштап, колдонулуп келаткан резина бут кийим болуп саналат. Кээ бир учурда "гызлавет" жана "гиславет" деп да айтылат. Сырткы көрүнүшү туфли сыяктуу болуп көрүнгөнүнө карабастан бул бут кийимдин резинадан бир формага келтирилип, таманы менен кошо бир жабыштырылып жасалганын көрүүө болот. Конучу жок резина өтүктөргө да окшошуп кетет. Өңдөрү көбүнчө кара болот. Өңүнүн кара болушу жана чыдамдуу болушу менен машинанын дөңгөлөктөрүнө да окшоштуруп коюууга болот. Ансыз деле Швецияда машинанын

			дөнгөлөктөрүн өндүрүп чыгарган Гиславед деп аталган бир фирма болгон жана бул Гиславед деп аталган райондо жайгашкан. Бул бут кийимдер гөлөч өндүргөн бул фирманын атынан коюлганын болжолдоого болот. Азыркы учурда Түркияда да бул ат менен аталган маркада машина дөңгөлөгү сатылып келет. (https://tr.wikipedia.org/wiki/Gislaved_(ayakkab%C4%B1))
17.	чепкен	Kaftan	**КЫРГЫЗЧА:** таардан, кездемеден тигилген сырт кийим. **Түркчө**: Kaftan önden açık, düğmeli, uzun kollu, yanları yırtmaçlı, astarsız, uzun üst elbisesidir. Beyitlerde Türkçe bir kelime olan “kaftan”la birlikte Arapça karşılığı olan “hil’at” ve Farsça karşılığı olan “haftan” da kullanılmıştır. Arapça “kaba” da aynı anlama gelen kelimelerdendir. Beyitlerden anlaşıldığına göre hil’at daha ziyade devlet yetkilerinin taktir, taltif ve atama nişanesi olarak hediye ettikleri kaftanlar için tercih edilen bir tabirdir. Bu yüzden hil’at ayrıca ele alınmıştır. “Hil’at giydirmek” tabiri sözü edilen hediye âdetinden gelmektedir. Yer yer “kaftan giydirmek”, “kaba giydirmek” de aynı anlamda kullanılmıştır. **(Saraç, M. A. Yekta (2002), Emrî Divanı, İstanbul: Eren)** Türk dilinde de çepken sözü var. fakat Türkçedeki çepken gömleğin üstüne giyilen kısa kollu yelek tarzı üst giysi anlamına gelmektedir. Yani Kırgız dilindeki çepken sözcüğü, tam anlamayla Türk dilindeki çepken sözcüğünü karşılamıyor.Türkçede kaftan sözcüğüne denk gelmektedir. **Кыргызча котормосу**: чапан төшү ачык шырылган, топчулуу, узун жеңдүү, капталдарында тилиги бар, жукарак үстүгө кийилүүчү кийим. Эки саптан түзүлгөн

			ырларда түркчө кафтан менен биргеликте арапча эквиваленти болгон “хил’ат” жана фарсча “хафтан” сөздөрү да колдонулган. Арапча “каба” сөзү да ушул эле маанини берет. Эки сап ырларда көрүлгөндөй “хил’атты” көбүнчө мамлекет жетекчилеринин сыйлык, наам алуу жөрөлгөсү катары белек клышкан. Ошондуктан ырларда “хмл’ат” айрыкча көп колдонулган. “Хил’ат кийгизүү” сөзү белек берүү салтынан алынган. Аймактарда кафтан (чапан) кийгизүү, Каба кийгизүү бир мааниде колдонулган. **(Saraç, M. A. Yekta (2002), Emrî Divanı, İstanbul: Eren)** Түркчөдө чепкен сөзү да бар бирок түркчөдөгү чепкен сөзү көйнөктүн үсүнө кийилген кыскы жеңдүү, кенен үстүгө кийилүүчү кийимди түшүндүрөт. Башкача айтканда кыргызчадагы чепкен сөзү түркчөдөгү чепкен сөзүнүн эквивалентти болуп эсептелбейт. Бул чепкендин түркчөдөгү эквивалетти “кафтан” болуп саналат.
18.	тебетей	Kürklü Şapka	**КЫРГЫЗЧА:** баалуу териден жасалган баш кийим **Түркчө**: Erkek ve Kadin için tilki kunduz,vb dersine yapılan başlık **Кыргызча котормосу**: Эркек жана айымдар үчүнчү түлкү жана кундуз сыяктуу жаныбарлардын терисинен жасалган баш кийими.
19.	кызыл белбак	Kırmızı Kemer	**КЫРГЫЗЧА:** кызыл түстөгү кур **Түркчө**: Deri ve gümüşten yapılan kırmızı renkli bir kemer türürdür .Yani Belbak sözcüğü Türk dilinde de bel bağı olarak,yani kemer anlamında kullanılmış.Kırgız dilindeki belbak sözcüğüyle aynı anlama sahip olup sadece k sesi ile ğ ses değişikliği olmuştur. (KUŞOĞLU, M.Z., 1994. “Osmanlı Kemer ve Tokaları) **Кыргызча котормосу**: тери жана күмүштөн

			жасалган кызыл өңдөгү кур болуп эсептелет. Белбак (белбоо) сөзү түркчөдө да “бел багы” деп аталып, кур маанисинде колдонулган. Кыргызчадагы белбак сөзү менен бирдей маанини берип, болгону “к” жана “г” тамгаларынан айрымачылык көрсөткөнүн байкоого болот.
20.	чапан	Cübbe	**КЫРГЫЗЧА:** көбүнчө этеги тизеден ылдый, узунураак тигилген жылуу сырт кийим. **Түркчө**: kadife ve keçeden yapılan uzun üst giysi Cübbe, eskiden ilmiye sınıfı, din görevlileri, yeniçeri solakları ve papazların ekseriyetle giydikleri uzun ve geniş bedenli, yakasız, el üstüne düşecek kadar uzun ve geniş kollu bir üst elbisesidir. Günümüzde de benzerleri bilhassa din adamları, hukukçu ve akademisyenler tarafından hâlâ kullanılmaktadır. Her renk ve kumaştan yapılabilen cübbelere iki santimlik dar yaka ilâve edenler de olmuştur. Entariden kısa olanlarına abdestlik denir (Pakalın 1993: I/311). **Кыргызча котормосу**: бархат жана кийизден жасалган үстүгө кийилүүчү кийим мантия илгери дин адамдары, адистери, Осмон аскерлери, пасторлордун кадырлап кийген кенен, жакасы жок, узун, кенен жеңдүү кийим болуп эсептелет. Азыркы учурда да дин адамдары, укукчу жана академиктер тарабынан кийилет. Ар кандай өң жана кездемеден тигилген мантияларга эки сантиметрлик тар жака таккандар да болгон. Кыскарак болгондорун даарат алуу үчүн күийлүүчү кийим деп аташкан. (Pakalın 1993: I/311).

21.	жаннат ичик	Kürklü Gocuk	**КЫРГЫЗЧА:** жылуу сырт кийим **Түркчө**: Kürklü gocuk Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 985 Bişkek 2018) Ahmet Rasim, Şehir Mektupları (1899) gocuğun yakalarını çekmiş oturuyor **Кыргызча котормосу**: Терилүү тон (шуба) Kırgızca – Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 985 Bişkek 2018) Ahmet Rasim, Şehir Mektupları (1899): тонунун жакасыны ачып отурат эле.
22.	чачпак	Toka, kakül	**КЫРГЫЗЧА:** аял кишилер чачка тагуу үчүн чачылуу кара жибектен жасалган, күмүштөн ж.б. зер буюмдардын ар түрдүү формада кооздолуп жасалган тагылга **Түркчө**: Kadın baş düzeni, tüm Türk topluluklarında olduğu gibi, Anadolu’da da geleneksel giyimin tamamlayıcı bir unsurudur. Bir kadın başındaki aksesuarlarıyla çevresine sosyal durumunu ve ekonomik gücünü gösterir. Şehirli kadınlar ekonomik durumuna göre başına elmas, inci, zümrüt ve yakut gibi değerli süslü toka, firkete, tarak ve çeşitli broşlar takmışlardır. Saç örgülerine topuzlara altın, elmas firkete ve tarak takma geleneği Anadolu şehir kadınlarında, I. Dünya Savaşı yıllarına kadar görülür. 1900'lerin başlarında, Anadolu'da tamamı sıra sıra altın dizili başlıklar kullanılmıştır. Ayrıca şakaklardan yanaklara doğru uzanan altın “yanaklıklar”, gerdandan bele kadar uzanan altınlar takılmış, bele kıymetli taşlarla süslü kemerler. (Prof.Dr.Neriman Görgünay Kırzıoğlu, “Anadolu’da Geleneksel Kadın Başlıkları”, IV. Milletlerarası Türk Halk Kültürü Kongresi Bildirileri, Ankara, 1992, s. 133.)

			Кыргызча котормосу: айымдардын чачына таккан кооз кыпчыгычтар, бардык түрк элдеринде болгондой эле Анатолияда да улуттук кийимдин толуктоочу бир бөлүгү катары колдонулган. Бир аял башына тагылган аксессуарлары менен чөйрөсүнө социалдык абалынан жана экономикалык күчүнөн кабар бере алган. Шаардык аялдар экономикалык абалына жараша башына алмаз, бермет, зымырыт жана жакут менен кооздолгон кымбат чач кыпчыгыч, шиш, тарак жана башка ар кандай кооздуктарды тагынышкан. Чач өрүмүнө алтын, алмаз шиш жана тарак тагуу салты Анатолиядагы шаардык аялдардын арасынан 1-дүйнөлүк согуш жылдарына чейин көрүүгө болот. 1900-жылдардын башында Анатолияда толугу менен алтын жалатылган баш кийимдер да колдонулган. Өзгөчө чыкыйдан жаака карай, ээктен белге чейин узун алтындар тагылган. Белге болсо кымбат баалуу таштар менен кооздолгон курлар тагылган.
23.	ак элечек	Beyaz Fes	**КЫРГЫЗЧА:** ак кездемеден тегерете кат-кат кылып оролгон аялдардын баш кийими **Түркчө**: Fesin beyaz türürdür. Sadece renk farklılığı var. **Кыргызча котормосу**: фесканын ак өңдөгүсү, болгону өңү башкача болот.
24.	элечек	Fes	**КЫРГЫЗЧА :**кыргыз аялдарынын баш кийими Eleçek Kırgız bayanların milli başlık türü **(kırgızca – Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 870 Bişkek 2018)** Түркчө Fes: Baş ölçüsünde ince ve keçeden yapıl- mıştır. Fesin üzerine önce oyalı çemberler (yazma veya tülbent) dolanır, sonra onun üzerine desenli veya

			düz renkte eşarplar sarılır. Bu şekilde hotoz görünüşünü alır. Fesin üzerine aldıkları baş örtülerini serbest bırakırlar. Baş örtüleri arkada etek uçlarına kadar uzanır. Siyah baş örtüsünün altına, ve başın arkasına ince yünlerden örerek hazırlanmış, üzerinde gümüş paralar ve salyangoz kabuklan bulunan nazarlık takılmaktadır. (Aile ve Toplum Yıl: 1 Cilt: 1 Sayı: 2 Haziran 1991 ISSN: 1303-0256) Eleçek Kırgız dilinde bayanların başına takmış oldukluru uzun bir başlık türü olup, bunu Türk dilinde en iyi karşılayan başlık bayan fesi olmaktadır çünkü: eleçek ile fes arasınad yapılış ve bağlantı özellikleri aynıdır. (M. Önder, "Selçuklu Devri Kadın Başlıkları") **Кыргызча котормосу**: элечек кыргыз айымдарынын улуттук баш кийим түрү болуп саналат. (kırgızca – Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 870 Bişkek 2018) феска: баш өлчөмүнө жараша жука кийизден жасалат. Фесканын үстүнө алгач оюмдуу мата (жоолук, марли) оролот, кийин анын үстүнө кооздолгон же бир өңдөгү шарфтар салынат. Ушундай жол менен бир таажылуу баш кийим болот. фесканын үстүнөн жоолуктарды бош таштап коюшат. Жоолуктар этекке чейин узун болот. Кара жоолуктун алдына жана баштын аркасына ичке жүндөн өрүлүп жасалган, ага күмүш акчалар жана үлүл кабыктары тагылган чач учтук колдонулат. кыргыз тилинде айымдар башына кийген узун баш кийим түрү болуп саналат, мүмкүн түркчө эквиваленти фес (феска) болуп саналат. Анткени элечек жана фес

			жасалышы жана колдонулушу боюнча көп окшоштук жактары бар.
25.	сур кундуз бөрк	Beyaz Deri Börk	**КЫРГЫЗЧА:** төбөсү бийик тебетей Түркчө: Sansargiller dersinde yapılan bir şapka türürdür. Diğer şapklaradan tek farkı tepe kısımının dik ve geniş olmasıdır . **Кыргызча котормосу**: жаныбардын терисинен жасалган баш кийим, төбөсү кенен жана узун болуп башка баш кийимдерден айрымаланып турат.
26.	кундуз бөрк	Sansar Börk	**КЫРГЫЗЧА**: кундуздан тигилген төбөсү бийик баш кийим **Түркчө**: Sansargiller dersinde yapılan bir şapka türürdür Hayvan dersinde yapılan bir şapka türürdür .Genellikle sıcak ve koruyucu bir özelliğe sahiptir.Aynı zamanda börk sözcğü biröok Türk dilinde de börk olarak geçerli Kırgız Kazak Türk Tatatar vs……. KUŞOĞLU, M. Z., (2006). **Кыргызча котормосу**: жаныбардын терисинен жасалган баш кийим түрү. Негизинен калың болуп, сууктан коргоочу өзгөчөлүккө ээ. Бөрк сөзү бир нече Түрк тилдеринде окшош кездешет (кыргыз, казак, түрк, татар ж.б.).
27.	чалма	Sarık	**КЫРГЫЗЧА:** башка оронуп алчу узун ак кездемеден жасалган баш кийим **Түркчө**: Sarık, başlık Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 689 Bişkek 2018) Farsça kökenli destar sarık ve tülbent manasına gelir. Kenarına çiçek takılmış destarlar ve tülbentler halk ve divan şiirmizde sık sık görülmüştür. Destar, başa takılan takke, fes vb. şeyler üzerine sarılan sarık manasına gelir. Sarık, Türkçe sarmak kökünden türemiştir. Sarık kelimesi

			Kavuk , fes, börk gibi başlık ve serpuşların üzerine sarılan tülbent, şal, abani kumaş bağlamaya denilirdi. Sarıklar ve destarlar giyenlerin hangi tarikata, zümreye veya sınıfa dahil olduğuna işaret edecek şekilde kullanılıyor, sarıkların renkleri, sarılış biçimleri hatta kullanılan kumaşlar, tarikatların, mesleklerin, mevkiî ve memuriyetlerin alâmeti oluyordu. (Kavukların Türleri Şekilleri ve Anlamları, http://www.edebiyadvesanatakademisi.com/sanat/29) **Кыргызча котормосу**: Фарсчада дестар деп аталып, чалма жана жоолук маанисин түшүндүрөт. Жээктерине гүл түшүрүлгөн жоолук жана дестар элдик жана Диван (доор) поэзиясында көп учурайт. Дестар башка кийилген такыя, феска ж.б. нерселерге оролгон чалма маанисин берет. Сарык (чалма) түркчө сармак сөзүнөн келип чыккан. Сарык (чалма) деп такыя, феска, бөрк баш кийимдердин сыртына оролгон жоолук, шарф, мата байланганда айтылат. Чалма жана дестар кийгендер аны коомдун кайсы катмарына таандык экенин белгилөө катары да колдонушкан. Чалмалардын өңү, оролуу түрү, жада калса колдонулган кездемелер коомдун катмарын, адамдын кесибин, мартабасын билдирип,турган. http://www.edebiyadvesanatakademisi.com/sanat/29
28.	кийит	Aba	**КЫРГЫЗЧА:** кийим-кечелей берилген белек **Түркчө**: 1.Hediye olarak verilen giysi; 2. ilk kez misafirliğe gelen dünürlere hediye olarak verilen kumaş. **Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 1281 Bişkek 2018)**

			Aba; keçe gibi kalın kumaşlardan dikilmiş uzun, yakasız bir üstlüktür (Ögel, 1991). Aba; kaba ve kalın yünlü bir kumaştır, bu kumaştan yapılan esvap, poltur, hırka, cepken bilhassa paltoya da aba denir (Koçu, 1969: 7-8). Aba; deve, öküz ve at tüyünden, keçi kılından ve koyunyününden dokunan özel bir kumaştan yapılan bir erkek giysisidir 1. Белек катары берилген кийим,2. Алгачкы жолу конокко келген кудаларга белек катары берилген кездеме. Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 1281 Bişkek 2018) **Кыргызча котормосу**: Аба; кийиз сыяктуу калың кездемелерден тигилген узун, жакасыз үстүгө кийилүүчү кийим (Ögel, 1991). Аба; катуу жана калың жүндүү кездеме, бул кездемеден жасалган эсвап, полтур, чапан, чепкен жада калса пальто да аба деп аталат (Koçu, 1969: 7-8). Аба; төө, өгүз жана аттын жүнүнөн, эчкинин тыбытынан, койдун жүнүнөн токулган өзгөчө бир кездемеден жасалган эркектердин кийими болуп да эсептелинет.
29.	маасы	Mest	**КЫРГЫЗЧА:** өкчөсү жок, чулгоо оролуп кепич менен кийилүүчү конучтуу, жеңил бут кийим **Түркчө**: Safranbolu ilçesinde geçmişte parçalı mest, yüzü bütün mest, lastikli mest olmak üzere üç çeşit yapıldığı belirtilmektedir. Bu mestlerin dışında bir de parçalı mestin ince derisinden yapılan çorap mest ile yüzü bütün olarak yapılan ancak fermuar yerine kopça takılan mestlere de kopçalı mest ismi verilmiştir **(Acar 2006: 90).** Ancak

			günümüzde parçalı (süm süm mest), lastikli (çorap mest) ve topuklu mestler (tıkırdaklı mest) üretilmektedir. Topuklu mestler dışarıda giyildiği için tabanı köseleden ya da topuk kısmına iki kat manda derisi bakır çivi ile çivilenmektedir. Bu çalışmada Safranbolu ilçesinde Vedat Yüksel ustanın yaptığı parçalı mest'in yapım aşaması incelenmiştir. **Кыргызча котормосу**: Сафранболу аймактарында илгери бөлүк мест (маасы) туюк мест, резина мест деп үч түрүнөн жасалганы айтылат. Бул месттерден башка бөлүк месстин жука терисинен жасалган байпак мест жана туюк болуп, жасалган бирок сыдырманын ордуна илгич тагылган месттерди илгичтүү мест деп аташкан **(Acar 2006: 90).** Бирок азыркы күндө бөлүк (сүм сүм), резиналуу (байпак мест) жана такасы бар местттер (тыкылдак месттер) өндүрүлүүдө. Такалуу же тамандуу месттер сыртка чыкканда кийилгендиктен таманы териден же такасына эки кабат өгүздүн терисинен гүл мык менен кагылып жасалат. Бул изилдөөдө Сафранболу аймагында Ведат Йүксел бут кийим тигүүчүсү жасаган кыска месттин жасалуу процесси каралып чыкты.
30.	зайпана өтүк	Kadın Çizmesi	**КЫРГЫЗЧА :**бут кийим **Түркчө**: kadınların giymiş olduğu uzun bir çizme. (**Başaran B, Sarı Ö.** 1993.) **Кыргызча котормосу**: айымдар кийген узун өтүк
31.	туулга	Takke, Kask	**КЫРГЫЗЧА:** такыянын үстүнө кийгизилген жука, көрк үчүн, андан кийин элечек кийгизилет

			Түркчө: 1.Takke, Kırgızlarda kızların giymiş olduğu süslü başlık; 2. Kırgızlarda bayanların eleçek adlı başlığın altında giymiş oldukları beyaz takke. **Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 1930 Bişkek 2018)** **Кыргызча котормосу**: Такыя, кыргыздарда кыздар кийген кооз баш кийим, кыргыздарда айымдардын элечек деп аталган баш кийиминин алдына кийиген ак такыя (**Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 1930 Bişkek 2018)**
32.	кемер	Kemer	**КЫРГЫЗЧА:** булгарыдан, кайыштан жана сызма сыяктуу башка материалдан, узун жазы кездемеден белди бууп, байлаш үчүн жасалган буюм, белге курчана турган жоолук, кур **Түркчө**: Kemer, deri, kumaş ve metaldan yapılan bel bağı. Kırgız dilinde de kemer olarak geçerli .(Kırgızca – Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 1421 Bişkek 2018). Kemerin bir aksesuar olarak tanımı ile tarih sürecinde ki kullanım amacına yönelik olarak yazılı kaynaklarda benzer **Кыргызча котормосу**: тери, мата жана металдан жасалган бел боо болуп эсептелет. Курдун кооз тагылуучу буюм катарында колдонулушу боюнча аныктамалары тарых боюнча колдонуу максатын белгилеген жазууларда окшош экендигин көрүүгө болот. Кур илгертен колдонуу функциясы менен биргеликте кийим жана кооздук буюмдардын маанилүү бөлүгүн түзгөн.

33.	ак илеки	Beyaz Takke	**КЫРГЫЗЧА:** ак элечек **Түркчө**: 1.Takke,Kırgızlarda kızların giymiş olduğu süslü başlık, beyaz türüdür Kırgızca –Türkçe sözlük Ekrem ARIK OĞLU S. 1930 Bişkek 2018) **Кыргызча котормосу**: 1. Такыя, кыргыздарда кыздар кийген кооз баш кийимдин ак өңүндөгүсү болуп эсептелет.
34.	Белдемчи	Fistan	**КЫРГЫЗЧА:** көйнөктүн сыртынан белге тартынган улуттук кийим **Түркчө:** Belden yırtmaçalı olan kadın giysisi ,kadın fistanı Kırgızca –Türkçe sözlük S. 315 Bişkek 2018 **Кыргызча котормосу**: тилиги бар айымдардын кийими, айымдардын фустанелласы **(**Kırgızca –Türkçe sözlük S. 315 Bişkek 2018)
35.	Белдик	Kuşak	**КЫРГЫЗЧА:** белге тартынган кур **Түркчө**: 1.Kuşak ,çakmak taşı ve bıçak ile birlikte kuşanılan kuşak 2.Deri ve kalın kumaştan yapılıp ,genelde yaşlıların beline taktıkları kuşak . Kırgızca –Türkçe sözlük S. 315 Bişkek 2018 **Кыргызча котормосу**: Оттук ташы жана бычак менен бирге белге тагылуучу мата. 2. тери жана калың кездемеден жасалат, өзгөчө кары-картаңдар белине тагышат. Kırgızca –Türkçe sözlük S. 315 Bişkek 2018
36.	белбак	Kemer	**КЫРГЫЗЧА:** белге тартынган кур **Түркчө**: Kemer,deri ,kumaş ve metaldan yapılmış bel bağı Kırgızca –Türkçe sözlük S. 1421 Bişkek 2018

			Кыргызча котормосу: тери, мата жана металдан жасалган бел боо болуп эсептелет (Kırgızca-Türkçe sözlük S. 1421 Bişkek 2018).
37.	такыя	Takke	**КЫРГЫЗЧА:** кыздардын кооздолгон, көбүнчө үкү тагылган топусу **Түркчө**:1.Takke, Kırgızlarda kızların giymiş olduğu süslü başlık,2.Kırgızlarda bayanların eleçek adlı başlığın altında giymiş oldukları beyaz takke Kırgızca –Türkçe sözlük S. 1930 Bişkek 2018) **КЫРГЫЗЧА:** 1. Такыя, кыргыздарда кыздар кийген кооз баш кийим, кыргыздарда айымдардын элечек деп аталган баш кийиминин алдына кийген ак такыя.

3.4. Кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштарына байланыштуу жалпылыктар жана айырмачылыктар

Тилдин тарыхы элдин тарыхы менен, элдин тарыхы тилдин тарыхы менен тыгыз байланышкан. Тилдердин генеологиялык жакындыгы же бөлөкчө экендиги алардын грамматикасы менен тыбыштык курулушунан жана сөздүк фондусунан таанылат. Анткени грамматикалык түзүлүш менен негизги сөздүк фондунун бирдейлиги гана тилдердин тикеден-тике тектеш экендигин ырастайт. Тектеш тилдер дайыма түз эле бирдиктүү бутактан келип чыгат [Будагов, 1953:259].

Н.А. Баскаковдун классификациясы боюнча азыркы кыргыз тили фонетикалык, лексикалык өзгөчөлүгү жагынан чыгыш түрк элдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирет. Кыргыз эли жөнүндөгү кабар Орхон-енисей эстеликтеринен белгилүү. Бирок андагы кыргыз тили ошол кездеги түрк тайпаларынын тилдеринен ажыраган эмес, бардыгынын тилдери бирдей болгон. Аны ошол кезде жазылып калтырылган эстеликтердин өзүн салыштыруу менен билүүгө болот. Азыркы кыргыз тили ошол байыркы тилден бөлүнүп чыккан [Баскаков, 1960:210].

Түрк тилдеринин жакындыгы синтаксистик конструкциясынын бирдейлигинен, сөз өзгөртүүчү, сөз жасоочу категорияларынын окшоштугунан, тилдердин фонемалык түзүлүшүнөн жана лексикадагы төл сөздөрдүн орток экендигинен байкалып турат. Ошол жалпылыкка туура келбеген фонетикалык, лексикалык айырмачылыктар - тарыхтын кийинки бир катар мезгилинде пайда болгон көрүнүш. Ал көрүнүш азыркы тилдердин өзгөчө белгисине айланды.

Биздин замандын башындагы хун доорунда түрк тилдеринин жалпылыгы көбүрөөк орун алган. Айрым тилдердеги диалектилерге караганда, кээ бир түрк тилдеринин бири-бирине жакын экендиги сүйлөшкөндө байкалып турат. Бул тилдердин жалпы келип чыгышы алардын грамматикалык түзүлүшү жана сөздүн составынын жакын экендигинен көрүнөт. Профессор Р. И. Аванесов тилдеги диалектилердин пайда болушун мындай түшүндүрөт: «Тайпалардын өнүгүшү тайпалык диалектинин өнүгүшүнө да себеп болот. Тайпалардын өнүгүшүндөгү процесс алардын түз бөлүнүшү,тарап кетиши болуп саналат; калк өскөн сайын жана территориясы чачыраган сайын тайпалар бөлүктөргө таралат да, алардын ар бирөөсү өзү тайпа болуп калат. Тектеш тайпалар мына ушинтип түзүлөт. Тайпанын бөлүнүшүнүн натыйжасында, тайпанын диалектиси да бөлүнөт - тектеш диалектилер түзүлөт». Мына ошол диалектилердин тобу, же айрым бири адабий тилге негиз кылып алынса, алар улуттук тилдин таянычы болот. Улуу Октябрь революциясынан кийин жазмасы жаңы өнүккөн түрк калктарынын улуттук түзүлүшү мына ушул тилдик демократияга негизделген [Аванесов, 1949:22]. Азыркы түрк тилдери менен байыркы тилдин сөздүк составы бирдей эмес. Байыркы түрк тилинде төл сөздөр көп, жаңы тилдерде анын бир канчасы унутулган, же чет сөздөр менен алмаштырылган. Бир тилде сөздүн эскиче мааниси толук сакталса, экинчисинде сөз мааниси кеңейтилген, же бөксөргөн. Үчүнчүсүндө ал сөз таптакыр колдонулбайт ж. б. Ошентип, сөздүк состав улам жаңыланып отуруп, тилдин өрүшү ушул абалга жеткен. Тилдердин өмүрү аны пайдаланган калктын улуттук маданиятына жана ал тилдин коомдогу аткарган

кызматына байланышат. Бул жөнүндө Я. В. Лоя мындай дейт: «Тил дегенибиз – коомдук көрүнүш, ал жаратылыш организми эмес. Тилдер ал тилди колдонуп турган коомдук коллектив менен, эл менен бирге пайда болот жана өнүгөт. Тил эл менен бирге жок болот, же эл башка тилди кабыл алса, ал колдонуудан чыгат, же дагы эле өз эли менен бирге түбөлүккө өмүр сүрүп, өнүгө берет [Лоя, 1969:60].

Дүйнөдөгү ар бир тилдин структуралык өзгөчөлүгү бар. Алар сөз өзгөртүү, сөз жасоо ж. б. мүмкүнчүлүгү жагынан, бири-биринен ашык, же кем эмес. Бул жагынан тилдердин бардыгы бирдей. Тилдер бири-биринен коомдо аткарган кызматынан, байланыш функциясы жагынан айырмаланышат. Булар бир жагынан башка тилдердин эсебинен өздөрүнүн лексикасын байытып, грамматикасын тактап келишсе, экинчи жагынан, башка тилдерге өздөрүнүн таасирин тийгизип отурат. Тил өз коллективинин аз, же көп экендигин, кандай экендигин тандабайт, бардык коомдо, бардык социалдык катмардагы калкка бирдей кызмат кыла турган улуттук көрүнүш.

Башка тилдерден алынган сөздөр лексиканы сан жагынан байытып тим калбайт. Алар өздөрү менен кошо тыбыштык жаңы айкалыштарды, муундун жаңы түрлөрүн, кээде жаңы фонемаларды да ала келишет. Ошентип, барып төл сөздөгү тыбыштарга да өздөрүнүн таасирин тийгизет. Кыскасы, алар эне тилдин тыбыштык түзүлүшүнө таасир этүү менен жаңы морфемалардын пайда болушуна негиз болот. Тил тарыхында лингвистикалык ички себептер да маанилүү орунду ээлейт. Тилдин тарыхын үйрөнүүдө сөздөрдү этимологиялык жагынан иликтеп, алардын маанисин коомдун тарыхы менен ажырагыс байланышта текшерүү жакшы натыйжаларды берет. Тилдин эң эле сезгич жана өзгөргүч бөлүгү – сөздүк состав. Тилдин лексикасы турмуштагы күндөлүк болуп жаткан кубулуштарга жараша тынымсыз өзгөрүү абалында турат. Сөздүк составда өзгөрүүлөр болмоюнча, тилдин фонетикасында, андан ары тилдин морфологиясында жаңылыктар болушу мүмкүн эмес.

Биздин замандын VI-VIII кылымдарында эле түрк элдеринин тамгасы болгон. Ошол тамгалар чегилген таштан жасалган эстеликтердин бетинде

байыркы адабий тилдин үлгүсү сакталып турат. Мына ошол тилди азыркы түрк тилдеринин тарыхын үйрөнүүгө негиз кылып алабыз. Ансыз, бул тилдердин тарыхын жана андагы болгон тилдик прогресстин кандай экендигин билүүгө мүмкүн эмес [Дыйканов, Яншансин, 1958:16].

С.Е.Маловдун «Памятники древнетюркской письменности» деген китебинде көрсөтүлгөн Күлтегин, Могуланкан, Күлчоро, Сужи эстеликтеринен да байыркы сөздөрдү көрүүгө болот [Малов, 1951:427]. Албетте, булар байыркы тилдин лексикалык бүтүмүн толук көрсөтпөгөнү менен, ошол кездеги тил курулушунан жетишерлик маалымат берет. Андагы сөздөрдү байыркы түрк тилинин лексикасы деп эсептей алабыз. Бир муундуу сөздөрдү морфемаларга ажыратып, этимология жүргүзүү жолу менен байыркы түрк тилиндеги уңгулардын алгачкы турпатын издеп табууга болот. Байыркы түрк тилинде жана азыркы кыргыз тилинде ачык, жабык муундар аз, туюк муундар көп. Бирок, бул туюк муундагы морфемаларды анализдесе, жалпы алтай тил системасындагы уңгулар ачык муундан башталган деп айтууга негиз бар [Дыйканов,1956:71].

Ар бир тилдин фонетикалык курулушунун өз турпаты бар. Анын өзгөчөлүк белгиси башка тилдерге окшогон жана окшобогон фонетикалык системадан турат. Окшоштуктардын көп болушу тилдердин жакындыгын, аз болушу алардын алыстыгын белгилейт.

Академик В. В. Радлов түрк тилдериндеги сингармонияны үчкө бөлүп караган: 1. Сөз мүчөлөрүндөгү сингармония; 2. Татаал сөздөгү сингармония; 3. Кабыл алынган чет сөздөгү сингармония. Мүчөдөгү сингармония сөздүн акыркы муунундагы үндүүлөргө жараша экендигин аныктаган. Сингармонияга туура келбеген дисгармониялык сөздөр, В.В. Радлов айткандай, араб, иран тилдеринин эсебинен пайда болгон. Кыргыз тилиндеги сингармония тыбыштардын өзүндө, муун көлөмүндө сакталат. Ошентип, тилдердеги сингармониялык окшоштуктар менен айырмачылыктар тектеш тилдердин генеологиялык катышын жана ар бирөөнүн өздүк системасын

аныктайт. Ар бир тилдин өздүк системасы эскирген жана жаңы пайда болгон сөздөрдөн турат.

Профессор Б.М. Юнусалиев «Кыргыз диалектологиясы» деген эмгегинде айрым мүчөдөгү үндүү тыбыштар түштүктө созулбай айтылса, түндүктө созулма менен айтылышын байкаган. Мисалы: кабаган - кабагаан, сүзөнөк-сүзөнөөк, көрөгөч-көрөгөөч ж. б. «Бул мүчөлөрдүн кыска варианты көбүнчө түштүк говорлорго мүнөздүү болсо, эки түрдүү айтылышы түндүк говорлордун көпчүлүгүндө байкалат» – деген. Адабий тилдин такталып, жакшырышы үчүн созулма үндүүлөр прогресс боло албайт. Байыркы түрк тилинде созулма үндүүлөр болгон эмес [Юнусалиев, 1971:117]. Профессор Т.К. Акматов айткандай: «Речь тизмегиндеги тыбыштардын бири-бирине тийгизген таасиринин негизинде окшошуу пайда болот. Артикуляцияланууда жакын тыбыштар дагы бир кыйла деңгээлде жакындашат» [Акматов, 1968: 132]. Окшошуулар: өзүнөн мурда айтылган тыбышка карай, же өзүнөн кийин айтылган тыбышка карай жүргүзүлөт.

Кабыл алынган сөздөгү тыбыштык айкалыштар эне тилдеги демейки сөздөргө окшобой турса, анда ал сөздүн ошол окшобой турган жерине бир тыбыш кошулат. Мындай кошулган тыбышты үндүү болсо – келгин үндүү, үнсүз болсо – данекер үнсүз дейбиз. Тил өзүнөн-өзү бай, түшүнүктүү, же өзүнөн-өзү кедей, түшүнүксүз болуп турбайт. Тилдин жогорулап, алдыга карай өнүгүшү, же артка карай төмөндөшү анын байланыш функциясына негизделген. Тил байланыш курал катарында өндүрүштүн, илимдин, техниканын жана коомдук иштердин бардык тармагына катышса гана өнүгөт. Адамдар тилдин лексикасын жаңы туюнтмалар, жаңыча сөз айкалыштар, менен толуктап, грамматикасын тактап турат.

Кыргыз жана түрк тилдериндеги кийим-кечек аталыштарын (“Сынган кылыч” романынын материалынын мисалында) лексика-семантикалык жактан салыштырып изилдөө жалпы лексика-семантикалык категориялардын деңгээлинде иштелди. Кыргыз жана түрк тилдериндеги лексика тармагындагы салыштырма-типологиялык илик жалпы лексикологиялык категория катары

кийим-кечек аталыштардын түзүлүшү (алардын жасалышынын ар түркүн жолдору, сөз айкаштарынын типтери ж.б.) боюнча, ошондой эле семантикалык аспектиде (кийим-кечек аталыштардын маанисинин көлөмү, логикалуулугу жана экспрессивдүүлүгү боюнча, лексикадагы ассиметриялык катышы: полисимметриялуулугу, синонимиялуулугу ж.б. боюнча) изилденишине карата жүргүзүлүп, жыйынтыкталды.

Кийим-кечек аталыштарындагы тектеш түрк тилдеринин лексикалык жакындыктары жазуучу Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” чыгармасынын материалдарынын мисалында талдоого алынып, алардын мааниси бул тилдерде жакын жана окшош, бирок тыбыштык өзгөчөлүктөрү бар экендиги белгиленди.

Тектеш тилдердин бири-бирине жакындатчу байыркы элементтери – түп уңгулар, окшош грамматикалык формалар жана категориялар. Алардын ар бирине жана айрым топторуна мүнөздүү өзгөчөлүктөрү ар тилдерде сүйлөгөн элдердин ар бир доордогу тарыхый шарттарына байланышкан. Андай өзгөчөлүктөрү тилдин бардык бөлүмдөрү боюнча – фонетикадан, морфологиядан, сөздүктөн жана синтаксистик курулуштан байкоого болот [Юнусалиев, 1971: 123].

Тектеш түрк тилдеринен келтирилген тилдик фактылар өз ара салыштырылганда, тигил же бул тилдеги окшоштуктардын, бирдейликтин мааниси, ошондой эле айрым тилге гана тиешелүү фонетикалык өзгөчөлүктөрдүн болушу байкалат.

Түрк тилинде башка түрк тилдериндегидей эле үндөштүк күүсүнүн төмөнкүдөй үч түрү бар: сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк көмөкөйлөшүп жоон айтылат; сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк таңдайлашып ичке айтылат; сөз ичиндеги бардык муундар жана ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк эриндешип айтылат.

Үндөштүк күүсүнүн өйдөкү үч түрүнүн ичинен биринчи экөө бардык түрк тилдеринде өз алдынча колдонуу касиетине ээ. Ал эми эрин күүсү көмөкөй же

таңдай күүлөрүн коштоп, алар менен бирге айтылат.

Үндүү тыбыштар эки тилде тең сөз башында да, сөз ортосунда да, сөз соңунда да келе берет. Мисалы, *сөз башында: ак элечек – beyaz fes , элечек –*

Fes , ак илеки - ak ileki, ак көйнөк – beyaz gömlek, өтүк - ayakkabı, ак сеңсел бөрк – beyaz börk şapkası , ак көрпө тон – ak körk , ок өтпөс тон – örme zırh , олпок – zırh, ак олпок – ak zırh , ак селде - ak selde , оодарма сары өтүк – kürüklü çizme, ичик – kürklü palto , илбирс ичик – leopar kürk , ала чапан – benekli kepenek , аскердик баш кийим - miğfer , аскер мундир - asker pelerin, ачык сары керене - açık sarı yemeni ж.б. **Сөз ортосунда:***көрпө тебетей – kürklü şapka , кара көрпө тебетей – siyah kürklü şapka, чалбар – şalvar , тон – kürk , саринжи – yaldızlı kürk , чапан – kepenek, кементай – cübbe, кийит – aba, жоо кийим – askeri elbise , тебетей – kürklü şapka , сур кундуз бөрк – börk şapkası , чепкен- kaftan , жаннат ичик – kürklü palto, кош этек көйнөк – katmerlı etek көйнөк - gömlek , кара чүмкөп - kara çarşaf , кызыл белбак - kızıl kuşak , кемер – kemer , чачпак – toka, белдемчи – fistan , белдик –kuşak , белбак – bel bağı , кепич – ayakkabı , ж.б.*

Сөз аягында:*таажы - taç, ак селде – beyaz sarık , селде – sarık, ак көрпө – beyaz körklü şapka , , күбө – örme zırh, күпү – zırh , керене – yemeni, чалма – başlık, туулга – miğfer , , кеп такыя – başlık , белдемчи – fistan , маасы - ması ж.б.*

а) Кыргыз жана түрк тилдерине мүнөздүү жалпы белгилер:

- Туунду сөздөрдүн жалпы түзүлүшүнүн бирдейлиги (уңгу + сөз жасоочу + сөз өзгөртүүчү мүчөлөр);
- Эң байыркы сөз жасоочу жана өзгөртүүчү мүчөлөрдүн мүнөздүүлүгү;
- Байыркы үлгүдөгү уңгунун сакталып калышы;
- Сингармонизм законунун сакталышы;
- Лексикада кийим-кече аталыштагы сөздөрдүн бирдейлиги
- Созулма үндүүлөрдүн сакталышы;
- Мүчөлөрдүн фонетикалык бирдейлигинин сакталышы.

б) Кыргыз жана түрк тилдеринин ортосунда болгон айырмачылыктар:

- Тыбыштык система боюнча болгон айырмачылыктар;
- Түрк алфавити латын алфавитинин негизинде түзүлгөнү менен айтылышы боюнча өз ара дал келбеген тамгалар да бар. Латын алфавитинде *c-ц, j-й,* түрк алфавитинде с-ж (жол), *j-ж* (журнал)*ç, ı, ö, ş, ü, q* тамгалары кошумча киргизилген, ң-тыбышы түрк тилдерине мүнөздүү тыбыш, бирок түрк адабий тилинде бул тыбыш жок. Анын ордуна роман тилдеринде ng айкашы менен белгиленет. Ушул эле белгини ң тыбышынын түркчө жазылышында колдонулат.
- Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин тили "йокчуларга" кирет. Кыргыз тилинде сөздөр ж-дан башталса, түрк тилинде у(й) дан башталат [Сагынбаева, 1995:182].
- Кыргыз жна түрк тилдерине мүнөздүү лексикалык катмарды бирдей сөздөрдүн топтору (туугандык терминдер, сын, сан, ат атоочтор, кээ бир этиш сөздөр, дене мүчөлөрүнүн кээ бир аттары, кийим-кече аталыштары, табигат кубулуштардын, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын атоолору ж.б.) түзөт. Бирок айрым тилдерде жогоруда саналган сөздөр ошол маанини берүүдө колдонулбай, алардын ордуна башка сөздөр да колдонулушу мүмкүн. Айрым сөздөр абстракцияланган, жалпыланган бир атоону билдирет. Мисалы, суу жоолук (бул мааниси белгилүү "жоолуктун" баш кийимдин аты болбостон, ошондой предметтерди башкалардан айырмалоочу жалпы ат болуп эсептелинет [Орузбаева, 1964:178]. Кыргыз жана түрк тилдериндеги сөздөрдүн өтмө маанилери тике мааниден келип чыгып, анын мазмундук түгөйү болот. Бирок, ал акырындык менен алгачкы мазмунунан обочолонуп, семантикалык жагынан байланышкан изи сакталбай калганы да кездешет. Мисалы, көк көйнөк (көйнөктүн түсү) – көк көйнөк (уйдун ылаңы) [Бакинова, Батманов, Яншансин, 1955].
- Кыргыз тилинде бир эле түшүнүктү билдирүүчү диалектилик дублеттер да бар. Мисалы, элечек // илеки. Бул сөздүн элечек деп айтылган

түрү кыргыз адабий тилинде колдонулат, ал эми илеки – диалектизм (элечектин дублети, түгөйү) [Юнусалиев, 1954].

- Кыргыз тилинин жергиликтүү говорлоруна мүнөздүү болгон (“СК” романынын материалынын мисалында учураган чачпак, көлдөлөң, илеки*(элечек)* буулум*(кымбат баалуу кездеме),* бартоо*(үстөккө бекер берилчү сапаты начар кездеме ж.б.)* сыяктуу сөздөр бир жагынан диалектилик, экинчи жагынан кесипчилик лексикага кирет.

Дайыма өзгөрүүгө учурап, толукталып туруучу тилдин лексикасынын өсүшү ал тилде сүйлөгөн элдин коомдук турмушундагы өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта болот.

Тил – адамзаттын пикир алышуу, катнаш жана байланыштарында колдонулуучу зарыл куралы экендиги жана анын ойлоо менен тыгыз байланышта болуру маалым. Кыргыз тили - социалдык-саясий турмуштун бардык тармактарында негизги каражат болуп, өзүнүн лексикалык байлыктарын, өзгөчө терминдин (атоонун) лексикасын өнүктүрүү аркылуу колдонулуш чөйрөсү кеңейди. Ошондуктан, «Сынган кылыч» чыгармасынын текстинде колдонулган кийим-кече аталыштарын фонетикалык, лексика-семантикалык, морфологиялык жана стилистикалык жактан талдоого алуу зарылдыгы келип чыкты.Кыргыз жана түрк тил илиминде кийим-кече аталыштарын иреттеп изилдөө жүргүзүүнүн илимий-теориялык жана тажрыйбалык мааниси зор. Анткени системага салынган, белгилүү принциптерге таянып, тартипке келтирилген терминсиз (атоосуз) кандай гана илим болбосун, анын негиздерин улуттук тилде жалпыга жеткирүү да, өздөштүрүү да, анын адистер тарабынан кабыл алынышы да мүмкүн эмес. Ар кандай маселенин тарыхын, өсүп-өнүккөн жолдорун изилдебей туруп, анын маанисин түшүнүү жана өздөштүрүү мүмкүн эместиги жалпыга белгилуу.

Кыргыз жана түрк тилдериндеги кийим-кече аталыштарынын жаралуу тарыхы улуттук тарыхый проблема болуу менен бирге дүйнөлүк илим тармактарынын тарыхы менен да байланышкан негизги маселе болуп саналат. Анткени кыргыз тили тектеш болгон түрк тили менен гана карым-катышта

болбостон, дүйнөдөгү башка тилдер менен да карым-катышта. Ар бир тилдин фонетикалык курулушунун өз турпаты бар. Анын өзгөчөлүк белгиси башка тилдерге окшогон жана окшобогон фонетикалык системалардан турат. Окшоштуктардын көп болушу тилдин жакындыгын, аз болушу алардын алыстыгын белгилейт. Түрк тилинен кабыл алынган сөздөргө лингвоструктуралык анализ жүргүзүүдө өздөштүрүлгөн сөздөр катары алууга болбойт. Алар параллель болот. Себеби, түрк тили менен кыргыз тили-тектеш тилдер. Келечекте да кийим-кече аталыштарын жана күндөлүк зарылчылыктан чыгып жаткан тажрыйбаларды үзгүлтүксүз жыйынтыктап туруу аркылуу кыргыз тилинин лексикасын илимий көз карашта улам тереңдетип изилдөө жана жыйынтыктарынан сөздүк түзүү зарыл.

Темага тарыхчы-жазуучу, же жазуучу-тарыхчы болуп киришүү, көптөгөн татаал маселелер менен мезгил суроолоруна өз табият деңгээлинде жооп берүү талап кылынат. Буга табигый талант менен калем тажрыйбасынан башка да жетиштүү билим, түзүлүштүн саясий-экономикалык жосунунан тартып, элдин колдонгон динине чейин, жалпы руханий дүйнөсүнөн күндөлүк тиричилик ыкмаларына чейин, башка калктар менен болгон алака-катыштан алган маданий жана практикалык иш жөрөлгөлөрүнөн географиялык чөйрөнүн тийгизген таасирлерине чейин терең үйрөнүп, ар бир окуянын чыгыш жана жүрүш логикасын ичтен көзөмөлдөп, сергек кармай билген зиректик зарыл [Даутов, 1998]. Чебер жазуучу Т.Касымбеков “Сынган кылыч” романы аркылуу кыргыз адабий тилдин жана анын стилистикалык тармактарынын өсүп-өнүгүшүндө, байышында көркөм сөз чеберлерине зор роль таандык экендигин далилдейт**.** Эми өзүбүздүн негизги темабызга келе турган болсок, алдын ала мындай бир жагдайды белгилей кетүү зарылчылыгы туулуп отурат. Жалпыбызга маалым, жашоодо адам баласы үчүн кийим-кече жана баш калкалоочу жай (үй) кандай зор маниге ээ экендиги, булардын далай кылымдарды карыткан өз тарыхый жолу барлыгы. Албетте кийим-кече ар бир адамга зарыл, маанилүү дегенди дүйнөдөгү, улуттардын кийимдери окшош болот деп түшүнүүгө болбойт. Климаттык шарттарга ар кандай

коомдук -тарыхий кырдаал-жагдайларга ылайык улуттар кийим-кечектер боюунча да өз ара айырмаланары-мыйзам ченемдүү көрүнүш. Айтал Сибирияда жашаган адамадар менен Жер ортолук деңизинде жашагандардын, ошондой эле Түштүк Чыгыш Азияда жашагандар менен Орто-Чыгыштын ысык аймагындагы тургундардын кийимдеринен окшоштук байкалбайт . Түштүк Чыгыш Азияда жашаган адам жука жана жабык кийимдерди кийсе, Орто чыгышта жашаган адамдар жеңил жана ачык түстөгү кийимдерди кийишет, мунун себептери албетте, климаттык шарттар болуп саналат.

Ар кандай климаттык шартта жана коомдук системада жашап келишсе да, кыргыз жана түркиялык түрктөрүдүн кийим-кечек аталыштарынан айрмачылыктар менен катар окшош жалпылыктарды учуратууга болот. Мунун негизги себеби аталган элдердин түбү бир экендигинде өзөктөштүгүндө жатабы деп ойлойбуз. Бул оюбуздун тууралыгы эки элдин кийим-кечек аталыштарын тарыхый-тектештирме мүнөздө иликтөөгө алган биздин изилдөө ишибиз айкындап турат. Тактап айтканда, изилдөө объектибиз болгон Т.Касымбековдун «сынган кылыч» романыныда кийим-кечек байланыштуу 87 сөз колдонулган мунун ичинен бир бирине толук, дал келгендери (тыбыштык жана морфологиялык), жарым-жартылай дал келгендери, ошондой эле толук, дал келбегендери да учурайт. Анда а дегенде эки тилде тең адам кийуу үчүн тигилген тон чепкен өтүк жана башкалардын жалпы аталышын туюндурган бирдей мааниде т.а колдонулган кийим сөзүнө токтоло кетсек, бул сөз түрк тилинде гийим турпатында жолугат, бир эле тыбыштык (к -г) айрмачылык болбосо, калгандары боюнча бири бирине дал келет. Төмөндө дал ушул келүү жана дал келбөө принциби боюнча айрым аталыштарга иликтөө жүргүзү көрүлдү.

1. ***Этек.*** Кыр. этек сөзү түркчөдө да ***etek*** сөзү эки тилде тен кийимдин, үзүктүн ж.б. нерселердин төмөн жагы аяккы бөлүгү деген бирдей мааниде колдонулуп, бири-бирине толук дал келет.

2. ***Көйнөк.*** Сырт кийимдердин астынан кийилүүчү жалан кат кийим түркчө Gömlek сөзү кыргызча көйнөк сөздөрү (г-к) тыбыштарынын өзгөрүүгө

учурашы,- лек мүчөсүндөгү -л тыбышы түшүрүлүп -өк формада келишине карабастан эки тилде тен берген мааниси жана кийимдин көрүнүшү боюнча бири бирине дал келет. Туркиянын Чанкыра жана анын айланасындагы аймактык диалектилеринде аталган сөз көйнөк деп колдонулат. Мындан сырткары Махмуд Кашкаринин "Турк тилинин сөздүгү" аттуу чыгармасында да гөмлгек жана көйнөк деп колдонулганын көрүүгө болот.

3. Kalpak: калпак ак кийизден төбөсүн бийик, төрт кыйык, этегин жазы кылып, туруп, кайрып коюуга ылайыкталып жасалган улуттук баш кийим. Калпак сөзү жасалышы, көрүнүшү, мааниси боюнча эки тилде бирдей маниге ээ, кандайдыр бир тыбыштык же семантикалы өзгөрүүгө учураган эмес. Бирок түрктөр бул баш кийимди кеп колдонушпайт.

4. Бөрк/Börk: сууктан башын коргоочу, төбөсү бийик адамдардын жылуу баш кийиминин бир түрү. Түрк жана кыргыз тилинде бөрк деп колдонулуп, семантикалык жагынан өзгөчөлүктөрү бирдей келип, тыбыштык кандайдыр бир өзгөрүүгө учураганы байкалбайт.

5. Кыргыз тилиндеги **кемер** кайыш белбак сөзү турк тилинде *kayış kemer bel bağı* деп колдонулат. Мындан тыбыштык түзүлүшү жана семантикасы боюнча окшоштук бар. Бирок түрк тилиндеги *bağı* сөзүнүн акыркы мууну кыргыз тилинде *бел -багы* деп. б.а., *-к* тыбышы *-ğ* тыбыштык өзгөрүүгө учураганын керүүгө болот. Бул сөз кыргыз жана түрк тилинде окшош маниге ээ, кур, кемер сөздөрүнө синоним келет.

6. Кыргыз тилиндеги ***чалбар*** сөзү кулакка тааныш учурайт, анткени түрк тилинде ***шалвар*** деп аталган шымдын бир түрү берген мааниси жана кийимдин көрүнүшү боюнча окшош. Семантикасынын окшоштугуна карабай тыбыштык жагынан өзгөрүүлөргө учураган, тагыраак айтканда, ***б*** тыбыштары түркчөдө ***ш*** жана ***в*** тыбыштарына өзгөрүп колдонулат. Фонетикалык өзгөрүүлөргө карабастан аталган кийим жасалышы, формасы, сырткы көрүнүшү жагынан бирдей келет.

7. Таажы: *тас* падыша жана хандардын башына кийген баш кийими. Таажы сөзү жасалышы жана сырткы түзүлүшү, берген мааниси жагынан эки

тилде бирдей кызмат аткарат. Ал эми фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураганын байкоого болот. Кыргыз тилинде таажы деп айтылган сөз түрк тилинде созулма эмес, бир үндүү - ***а*** менен келип, кыргыз тилиндеги сөздүн аягындагы ***ж-ы*** тыбыштары түрк тилинде бир гана үнсүз -***ч*** тыбышы менен келип, ***тач*** болуп калган.

8. Маасы сөзү түркчөдө мест деп аталып келет. Бул көпчүлүк учурда териден жасалган байпактын түрүн билдирет, семантикасы жагынан эки тилде тен бирдей кызмат аткарат. Фонетикалык жактан тыбыштык өзгөрүүлөр бар экенин көрүүгө болот. Кыргыз тилинде сөздүн ортосунда созулма аа, сөздүн аягында үндүү -***ы*** тыбышы келип айтылат. Ал эми түрк тилинде сөзүлма аа тыбышы кыска -***е*** тыбышына өтүп, сөздүн аягында тыбышы кошулуп колдонулат. Маасы // мест сөздөрү фонетикалык өзгөрүүлөргө учураганына карабастан бир буюмду туюндурат.

9. Кыздардын кооздолгон топусу кыргыз тилиндеги ***такыя*** сөзү турк тилинде ***Такке*** делинет. Лексикалык жана семантикалык жактан эки тилде тен баш кийимдин аталышын билдирет. Бирок аталышында түрк тилинде тыбыштык жактан өзгөрү болгонун көрүүгө болот (такыя-такке).

10. Кыргыз тилиндеги кара паранджа маанисиндеги кара чүмкөп сөзүн жана түрк тилиндеги сиях пече деген сөздөргө көз жүгүртүп көрөлү. Кыргыз тилиндеги кара сөзү маанилик жагынан да, тыбыштык жагынан да толук түрк тилиндеги кара сөзүн түшүндүрөт. Бирок түрк тилинде чумкөп сөзү таптакыр башкача колдонулат. б.а., ***чаршаф же пече*** деп аталат. Эки тилдеги бул сөздөр тыбыштык жагынан айырмаланганы менен семантикасы боюнча бири-бирине дал келет.

11. ***Элечек*** ак кездемеден тегерете кат-кат болуп оролгон кыргыз аялдарынын улуттук баш кийийми. Элечектин түрк тилиндеги эквиваленти ***баян феси*** деп аталат, анткени элечек менен фестин (***тюрбан***) жасалышы колдонушу окшош келет. Бирок элечектин түрк тилиндеги эквиваленти тыбыштык жактан да, семантикалык жактан айырмаланып турганын көрүүгө болот.

12. **Чалма** ыргытып илиндирип алуу менен көбүнчө азоо малды кармоо учун колдонулуучу илмек аркан кыргыз тилиндеги чалма сөзү түрк тилиндеги сарык сөзүнүн семантикасын берет. Ошондой болсо бул сөздөрдө фонетикалык жактан окшоштүк байкалбайт.

13. ***Ичик*** // ичдик. Кыргыз тилиндеги жылуулук беруучу териден жасалган. атайын иштетүүдөн (шатуу, өндөлүү, ийленүү) өткөн жаныбарлардын (илбирс, кашкулак, сүлөөсүн, түлкү, карышкыр ж.б.) терилеринен сырты калын, бышык материал менен тыштап, ошол терилен чон жака салынып тигилген сырткы кийим ичик сөзү түрк тилинде сөз ортосунда-***л*** тыбышы кошулуп ичлик деп айтылып жүрөт. Тыбыштык түзүлүшүндө айырмачылык болгонуна карабай бул сөздөрдүн семантикасы бири-бирине окшош.

14. ***Тебетей.*** Кыруусуна көрпө, же ан терилери салынып (түлкү, суусар. кундуз ж.б.) тигилген жылуу баш кийим,кыргыз тилинде тебетей сөзү түрк тилинде күрклү шапка (kürklü sapka) деп колдонулат , маанилик жактан өзгөчөлүк көрүнбөйт, бирок тыбыштык жактан таптакыр башка келет.

15. Кончу узун бут кийим өтүк сөзү турк тилинде бут кийим маанисин билдирет да, жасалышы колдонулушу, аткарган кызматы жагынан эки тилде окшош буюм- бирок фонетикалык жактан бири-бирине жакын эмес, таптакыр окшоштукту көрүүгө болбойт.

16. Чепкен кыргыз тилинде "кабылбай, шырылбай эндей тигилген же ичи кабылып, сырты бош тигилген тыш кийими" деген маанини туюндурат. Бул сөз түрк тилиндеги жепкен деген сөзгө турпат жагынан (ч тыбышынын же болуп айтылышын эске албаганда) окшош болгону менен мааниси боюнча такыр окшошпойт, т.а., жепкен сөзү "төөнүн жүнүнөн токулган кездеме" дегенди туюндурат ошондой эле ушул кездемелерден жасалган женсиз кыска кийимдин (кыргызча өпкө каптын) аталышын да билдирет. Ал эми чепкен сөзү семантикалык жактан түрк тилиндеги кафтан сөзүнө дал келет, демек, чепкен-кафтан сөздөрүн семантикалык жактан дал келген сөздергө кошсок болот. Биздин оюбузча, жепкен сөзү парс тилинен кирген кафтан сөзүнө орун

бошотуп, маанилик жактан өзгөрүүгө учураган.

17. Кыргыз тилинде "малдын терисинен ийленип жасалган, кышында кийилуучу сырткы жылуу кийимди" ***тон*** деп аташат. Ал эми тондун түрк тилиндеги эквиваленти ***күрк*** (kürk) деп аталат. Тон // kurk сөздөрү эки тилде тен жасалышы, колдонулушу жагынан окшош келгени менен тыбыштык түзүлүшү жагынан бири-бирине таптакыр жакындашпайт.

18. Олпок //zırh Кыргыз тилинде ичине кебез, жүн салынып, шырылган ок өтпөс сырт кийимди олпок деп аташкан. Кээде олпокту соот түрүндө башкача айтканда, ичине металл тор же темирдин күкүмү ширетилип жасалган. Мисалы, ак олпок, ок өmnөс олпок. Ал эми олпоктун түрк тилиндеги эквиваленти zırh болуп айтылат. Бул сөздөр семантикалык жактан бирдей маниге ээ болгону менен фонетикалык түзүлүшү жагынан бири-биринен алыстап өзгөрүүгө учураган.

19. ***Чапан //*** кепенек. Сырт кийимдин бир түрү. Чапандын жердиги башайы. сатин, нооту, бөз, мата бою бир бычылган ага жүн, кебез салынып, жука кездемелерден ичтелет. Каптама чапан кенен бычылат да, ичи шырылган. сырты капталган болот. Албетте, чапанды бычып тигүүдө жергиликтүү өзгөчөлүктөр байкалат. Чапандын өзү, жасалышы, тигилиши окшош болгону менен бул буюм түрк тилинде кепенек деп аталат да, айтылыш, жазылышы эки тилде ар башка келет.

20. Кементай. Бул - элдик сырт кийим. Мунун жердиги кийит болот. Ал орточо калындыкта бышырылат, кийиздин жүнүн кылдап, ойдогудай бышырып бычат. Жээктери өндөш кездеме менен кыюуланат. Андай кемантай бышык болот, суу өткөрбөйт, кийин кирип, тарып кетпейт. Кемантайдын түрк тилинде дал келген эквивалентин Cübbe (cübbedir) деп аталат. Бул сөздөр семантикасы боюнча гана жакын келишет.

21. Аскердик баш кийим. Бул сөз тизмектери түркчө (migfer) мифер же аскер баш гийим (askeri bay giyim) деп аталат, аскер жана баш сөзү түрк тилинде да аскер, баш болот да кийим сөтүндөгү ***к*** тыбышы *г* тыбышына өткөнү гана болбосо, олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Эки тилде тен

семантикасы бири-бирине үндөшүп турат.

22. Малакай. Жүнү ичине каратылып, териден тигилген түрк тилиндеги yünlü deri şapka сөзү кыргызча "жүндөн жасалган баш кийим" дегенди туюндурган малакайга жакын. Кийим катары кыргыз малакайы түрктөрдүн yünlü deri дери шапкасына окшош. бирок сөздүн айтылышы сырткы турпаты боюнча окшош эмес. Биздин оюбузча, заман алмашкан сайын семантикалык жактан өзгөрүүлөр бар жени сезилет.

23.Чокой- кышында кийилүүчү кончтуу, такасыз, жылуу бут кийим Материалына карай тери чокой, кийиз чокой деп айырмаланат. Тери чокой бодо малдын терисинен кээде (жылытылып, жылытылбай) жасадат Кийгенде кызыл ашыктап кайыш боо (чокой боо) менен байланган . Кийиз чокой койдун күзгү жүнүнөн басылып, кээде таманы кийиз же шири менен капталган. Ал эми ушул эле бут кийим түрк тилинде ***чарык*** деп аталып жүрөт, эки тилдеги сөздө тен ч тыбышы менен башталганы эле болбосо башка тыбыштардын колдонулушу жагынан окшоштук жокко эсе. Айта кетчү нерсе, бодо малдын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган бут кийим маанисин берген ***чарык*** сөзү да кыргыз тилинде колдонулуп келет. Мындан эки тилдеги сөздүн келип чыгыш теги бир экндигин туюга болот.

24. Белдемчи. Аялдардын белден ылдый тартынуучу кийими . Ал баркыт нооту жана башка кездемелерден этеги жазы жогорку бөлүгү кууш, кашат коюлуп, эки учалуу тигилет. Жээктери саймаланып, чачыланып кооздолот. Белдемчинн жазда, күздө айрыкча кышта дартынат. Белдемчинин тигилиши, көркөмдөлүшү, түсү кийүүчүнүн жаш өзгөчөлүгүнө, табитине карата болот. Белдемчи түрк тилинде ***fistan*** деп аталат. Кыргыз тилиндеги белдемчинин көрүнүшү, жасалгасы түрк тилиндеги фистанга дал келет жана ошондой кызмат аткарат. Демек, семантикасында өзгөчөлүк жок, ал эми тыбыштык жактан таптакыр жакынлашпайт.

25. ***Жоолук.*** Ар кандай кездемелерден жасалуучу (жибек, шайы, жүн ж.б.) аялдардын башына же моюнуна салынуучу баш кийими. Түрк тилинде ***eşarp*** // ***yazma*** же ***mendil*** сөздөрү жасалышы, мааниси жагынан жоолук сөзүнө

толук дал келет, аткарган кызматы жана көрүнүштөрү окшош. Ошондой болсо да тыбыштык жакындык байкалбайт.

26.Чачпак//тока, какүл (toka, kakul). Эки өрүм чачка байлануучу азем буюм болуп, жасалышы, кооздолушу боюнча түрдүү өзгөчөлүктөргө ээ. Кыз келиндер, аялдар чачпак, чолпу, сөйкөнү кооздук үчүн тагынышкан, анын шынгыр жылаажын добушу бирдей чыгуу учун кадамдарды майда таштап, сымбаттуу басууга көнүгүшкөн. Сөйкө жана чачка тагылган чачпак түрк тилинде ***toka, kakul*** делинип, семантикасы окшош эле келет. Ал эми тыбыштык жагынан айырмачылыкты көрүүгө болот, ал тургай таптакыр жакынлык байкалбайт.

28. Камзол. Кыргыз тилиндеги камзол сөзүнүн түпкү теги француз тилинен келген, адамдын дене боюна ылайыктап тигилген кыска этектүү, жени жок. женил кийим. Бул кыргыз тилинин диалектилеринде ар кандал аталып келет кемсел, чыптама, өпкө кап ж.б. Бул түрк тилинде абийе биндаллы (Abiye, Bindalli) деген сөздөрдүн маанисине дал келет. Кыргыз тилиндеги сөздөр менен аткарган кызматы да окшош болуп, бирок сөздөрдүн лексикалык аталыштарында айырмачылыктар көрүнүп турат.

29. Кур. Бул сөздүн түрк тилиндеги эквиваленти кемер (kemer) фонетикалык жагынан айырмачылык болуп тургандыгына карабастан, эки тилдеги эки башка сөздөр белге курчоочу, белди бекемдеп байлоочу бир буюмду туюндуруп келет.

30. Белбак //кемер. Белбак булгарыдан, кайыштан жана сызма сыяктуу башка материалдардан жасалган, узун, жазы кайыштан белди бууп, байлаш үчүн жасалган, белге курчана турчу буюм. Түрк тилинде бул сөздүн мааниси кемер сөзүнө жакындашат. Чындыгында, түрк тилинде бел багы- bel baği деген сөз бар, анын мааниси белге байлоо, белди курчоочу курду туюндурат. Семантикалары үндөшүп турганына карабай тыбыштык жактан окшоштук байкалбайт.

Жогоруда кыргыз жана турк тилдериндеги 30 кийим-кеченин аталышын билдирген сөздөрдүн семантикасын токтолуп, алардын бири-бири менен

тыбыштык жактан үндөшүп турарлыгына же бир аз айырма, же семантикасы бирдей болгону менен аталыштары түрдүү келерин карап, аларга илимий баа берүү аракеттери жасалды. Изилдөө учурунда бири-бирине ар тараптуу толук дал келген лексемалардын; туюндурган мааниси боюнча дал келип, аталышы боюнча башка сөз аркылуу эквивалент болорун; же тыбыштык жактан окшошуп кеткен сөздөрдүн бар экендигин байкадык. Айрым сездөрдүн түрк тилинде фонетикалык же семантикалык жактан эквиваленти таптакыр жок экендигине күбө болдук. Бул маселе боюнча түрк жана кыргыз тилинде салыштыруу бөлүмүндө кененирээк токтолгонбуз.

Үчүнчү бөлүм боюнча жыйынтык:

Бул бөлүмдө тыбышсыз эл болбойт,демек,тилдин баштапкы пайдубалы тыбыш болгондуктан,экинчи бөлүмдүн биринчи параграфында кыргыз,түрк тилдеринин тыбыштык түзүлүшү салыштырылды. Кыргыз улуттук тили фонетикалык түзүлүшү боюнча түрк тилдеринин тыбыштык закондуулугунун кээ бир көрүнүштөрүн өзүнө сиңирип, сактап келе жаткандыгы,кыргыз тилинин фонетикалык түзүлүшү, бир жагынан башка түрк тилдерине окшоштугу, экинчи жагынан, алардан бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмасы иликтөөгө алынды. Илимий иликтөөбүздө, тектеш тилдердин калыптануу жана өнүгүү этаптарынын алгачкы мезгилдерине таандык болгон тил каражаттарын өз ара салыштырууда илимий чоң кызыгууга туш болдук.Тектеш тилдердин баарына бирдей жалпы көрүнүштөр жана ар биринин бөтөнчөлүктөрү ачык байкоого алынды,тилге таасир эткен факторлорду да белгилеп көрсөттүк. Натыйжада, мурдатан колдонуп келе жаткан тил каражаттары да ар түрдүү өзгөчөлүктөргө анын ичинде фонетикалык өзгөрүүлөргө да дуушар боло тургандыгы далилдөөгө аракет кылдык.

Кыргыз тили менен түрк тилинин көпчүлүк сөздөрү мааниси жагынан окшош келет.Бул эки тилдин тарыхый жактан жакындыгынын далили болуп саналат.Жакындыкты айрыкча,алардын кийимдеринин аталыштарынан да

байкоого болот.Ар бир элдин улуттук кийимдери-элдин этностук тарыхынын бир бөлүгү.Кыргыз жана түрк элинин кийимдеринин улуттук өзгөчөлүктөрү тарыхый узак мезгилде табигый жагдайлардын,ага байланган жашоо ыңгайларынын өзгөчө шартында калыптанган.Ошо жашоо-шартка байланыштуу кийим түрлөрү пайдаланылган.

Бул бөлүмдө кыргыз жана түрк элдеринин кийим-кечектери салыштырылуу менен,аларга лексикалык мүнөздөмө берилди.Байыркы замандардан бери эле ар бир улуттун өзгөчөлүгүн билдирген улуттук кийим кечелери болуп келген. Мындай салт-санаа кыргыз элине да тиешелүү.Кыргыз элинин улуттук кийимдери аркылуу жаш өзгөчөлүктү,курактыда аныктоого болот.Алардын кийилиш шарттарына,форма түзүлүшүнө,дене мүчөлөрүнө,мезгилдик колдонулушуна байланыштуу:Баш кийим аталыштары,Сырткы кийим аталыштары,Ич кийим аталыштары,Бут кийим аталыштары деп лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүлдү.Ошондой эле,эркектерге тиешелүү кийимдер жана аялдарга тиешелүү кийимдер конкреттүү көрсөтүлдү.Кыргыз,түрк кийим-кечек аталыштарына байланыштуу окшоштуктар, жалпылыктар, айырмачылыктар белгиленди.Мындай көрүнүштөрдү байкоо үчүн, «Сынган кылыч» романынын материалдарында кездешкен кийим-кечек аталыштарын кыргыз жана түрк тилине салыштырып, алардын фонетикалык түзүлүшүнө талдоо жүргүздүк. Кыргыз тилине кийим-кечекке байланыштуу колдонулган аталыштар башка түрк тилдери менен жалпылыкты түзөт. Бирок бул жалпылыктар ар бир тилдин фонетикалык жеке өзгөчөлүгү жок дегенге далил болбойт.

Төртүнчү бөлүм
Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы кийим-кечек аталыштарына лингвистикалык илик

4.1. “Сынган кылыч” романына кыскача мүнөздөмө

Тарыхка кайрылуу, болгондо да өз улут тарыхына кайрылуу – башкы маселе. Ал проблемаларды көтөрүп, идеяларды бекемдеп, ошол доордун

реалдуу чындыгын алып чыгып, башка коом менен инсандын диалектикалык карым-катнашын иликтеп, адам концепцияларын берип, эстетикалык ачылыштарды табууга алып барат. Аны бүгүнкү күндөн алыстап кетүү катары түшүнбөй, тескерисинче, учурга жакындоо, азыркы доорубузду жакшылап баамдап-өздөштүрүүгө ыңгайлуу ачкыч табуу деп баалаганыбыз туура болот. Жөн эле тарых үчүн тарых жазылбайт. Дүйнөлүк адабият таржымалы менен жандуу тажрыйбасы ар кайсы калктын коомдук өнүгүш жолунун ар кайсы учурларда закон ченемдүү чындык көрүнүшү дайыма кайталанып кездешип отурарын далилдейт. Эгерде роман формасы бардык жанрлар калыптанып калгандан кийин гана, ошолордун синтези катары жаралса, нукура тарыхый романдар андан да алда канча кеч пайда болот. Өз тарыхына кайрылуу коомдук, же улуттук аң-сезимдер өзүн- өзү кайрадан аңдаштырып билүү, өз ордун өзү жаңыча белгилөө, өткөнүнөн бүгүнкүсүнө кирип табигый жуурулушкан адеп-ахлактык жана эстетикалык көркөм дүйнөсү менен даанышман нускаларын, аалам таанып-билүү тажрыйбасын башынан кечирген улуу драмалары менен трагедияларын түп маанисинде баалоо муктаждыгы чындап туулганда гана келип чыгат. Ал үчүн обьективдүү шарттар жаралып, өйдөрөөк көтөрүлүп чыгууга таяныч болуп берүүчү алгачкы өбөлгөлөр куралып, ичтен жана тыштан даярдыктар көрүлүп калыш керек. Ошого жараша эл саясий-юридикалык жактан улуттук укук алып, негизинен, улут катары таанылгандан башка да, жалпы ички кызыкчылыктын биримдигине табигый түрдө жетишип, ички бир бүтүндүккө өтүп, майда топчул, уруучулук жиктелүүлөр калыптаган чектердин алкагынан реалдуу тажрыйба жүзүндө жогорулап чыгып, улуттук аң-сезим менен жашап, өзүн өзү түпкүрдөн ачып кароо башталып турган маалдын келиши күтүлөт. Төлөгөн Касымбеков - дал ошондой кырдаалга өз убагында туш келип, ошол шарттар алып чыккан жазуучу.

Т. Касымбековдун кыргыз элинин тарыхына кайрылып отурушу да, эстетикалык-көркөм сөздөр менен коштолгон «Сынган кылычтай» чоң романдын жазылып калышы да эч кандай күтүүсүздөн чыга калган кокустук

эмес. Тарыхка жаңыча мамиле жасоо, жаңы ыкмалар, чен-өлчөмдөр, ойлор, туюнттуу каражаттар менен жетик куралдануу деген түшүнүктү билдирет. Эң кыйын, эң татаалы жана башкысы, историзм принцибин аң-сезимдүү түрдө чыгармачылык менен өздөштүрө билүү, өткөндү тарыхый-социалдык, саясий-идеологиялык, көркөм-эстетикалык позициядан, жазуучунун жеке позициясынан кароо, негизгиси, ошол проблемаларды аңдап көтөрүп чечмелөөдө турат. Мына ошондуктан темага тарыхчы-жазуучу же жазуучу-тарыхчы болуп киришүү, көптөгөн татаал маселелер менен мезгил суроолоруна өз табият деңгээлинде жооп берүү талап кылынат. “Буга табигый талант менен калем тажрыйбасынан башка да жетиштүү билим, түзүлүштүн саясий-экономикалык жосунунан тартып элдин колдонгон динине чейин, жалпы руханий дүйнөсүнөн күндөлүк тиричилик ыкмаларына чейин, башка калктар менен болгон алака-катыштан алган маданий жана практикалык иш жөрөлгөлөрүнөн, географиялык чөйрөнүн тийгизген таасирлерине чейин терең үйрөнүп, ар бир окуянын чыгыш жана жүрүш логикасын ичтен көзөмөлдөп, сергек кармай билген зиректик зарыл. Историзм принцибин өздөштүрүү адабий тажрыйбабызда ушул күнгө чейин аягына чыгара иштелип бүтө элек өтө татаал маселе” [Мамытов, 2002:67].

«Сынган кылыч», бир жагынан, кыргыз адабияты өзүнө чейин ушул темада топтогон тажрыйбаны жыйынтыктаган, экинчи жагынан, жанрдын бул түрүн көркөм өнүгүштүн жаңы баскычына көтөргөн нагыз этаптык чыгарма болду. Сөздүн толук жана кеңири маанисинде, теориялык тарабынан караган кезде да, практикалык тарабынан баалаган кезде да, башкы талаптарга жооп берген, негизги аныктамалардын сыноосун ишенимдүү көтөрө алган чыныгы тарыхый романдын үлгүсүн улуттук көркөм сөз өнөрүбүздө тарыхый темада жазылган жаңы типтеги биринчи роман. Романда жалпы коомдук татаал өнүгүштүн контекстинде белгилүү инсандардын тарыхта ойногон ролу кошо каралат. Алардын оң жана терс белгилери ачык бааланат.

Жазуучу историзм принцибин мыкты өздөштүргөн, диалектикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, жаратылышынан нукура сүрөтчү-жазуучу катары

мына ушул карама-каршылыктуу татаал эриш-аркакты чогуу кармап, тарыхый инсандар менен карапайым калк өкүлдөрүнүн ишкердик жана жеке ички турмушун кеңири көркөм иликтөөгө жетишкен.

Адабиятчы А.Садыков: «Сынган кылыч» –тарыхый романдардын кыргыз адабиятындагы жаңы доору. Т.Касымбеков – улуу устат. Тарыхты курулай окуса да болот. Ал аны көркөм образдарга айлантып жатат. Андагы ар бир образдар– Аксыдагы Теңирберди менен Сарыбай, же тигил кан ордосунда жүргөн Нүзүп, Алымбек датка, Ыскак ж.б. кандай гана адамдар. Т.Касымбеков түзгөн ар бир образ тип болуп турат. Анын мыктылыгы да ушунда. Тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыра билиш деген оңой-олтоң жумуш эмес», - деп туура баалаган [«Сынган кылычтын» сыры жана сыны, 2010, 17-январь].

Кайсы доордо болсо да, тарых агымына кирген белгилүү адамдардын тандаган жолу, колдонгон амал-айласы, акыл тажрыйбасы менен жеткен жеңиштеринин өлчөмү, же бар күч-аракет эмнеден башталып, эмне менен аяктап, эмне менен бааланары белгилүү алкактын гана чектеринде айланып жүрөт.

Жазуучу Токтобай Мүлкүбатов: «Т.Касымбековдун биринчи китеби кыргыз тарыхына кызыккан окурмандардын үстөлүнөн түшпөгөн китеби болуп калды. Мен аны улам-улам окуй берем. Анын эпизоддорду кура билиш чеберчилигине, тилдик байлыгына суктана берем. “Сынган кылыч” - кыргыз барда окула турган, ар бир киши аздектеп текчесине коюп алып окуй турган китеп», - деген баалуу пикирин айткан [«Сынган кылычтын» сыры жана сыны, 2010, 17-январь].

Аналитикалык акыл, табарман интуиция, образдуу ойлоонун күчтүүлүгү, терең психологизм, элестүү көркөм деталь, штрихтер, тил байлыгы, адистик бийик профессионализм аркалаган мындай анык элдик роман оңой эле жаралган эмес. Тубаса талантты талбаган өжөр эмгек, башка көркөм өнөр мектептеринин тажрыйбасын чыгармачылык менен өздөштүрүү, тынымсыз изденүү ачып берет. XIX кылымдагы орус классикасы менен

Чыгыш руханий дүйнөсүн синтездештирбей туруп, Төлөгөн Касымбеков бул деңгээлге эч качан көтөрүлмөк эмес [Мамытов, 2002:112].

Т. Касымбеков чебер жазуучу гана болбостон, эне тилин, кыргыз тилин мыкты өздөштүрө билген инсан. Аны «Сынган кылыч» романында кыргыз тилиндеги төл сөздөр менен катар түрк тилиндеги сөздөрдү өз орду менен колдонгонунан байкоого болот.

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романы элдин турмушундагы окуялар менен тыгыз байланышта болгонун чыгарманын материалында кездешкен турмуш-тиричилик лексикасы анын ичинен кийим-кечек аталыштары далилдейт.

4.2. «Сынган кылыч» романындагы кийим-кечек аталыштарына тилдик-маданий анализ

Тил менен маданият өз-өзүнчө категориялар катары каралганы менен, бири-бири менен тыгыз байланышта турат. Адам баласы айлана-чөйрөнү таануунун, ой-жүгүртүүнүн, мамиле-катыш жасоонун куралы катары тилди пайдаланат. Турмуштагы бардык маалыматтар: илим-билим, ар кыл багыттагы байкоолор, чарбачылык иш-аракеттер жана башкалардан топтолгон тажрыйбалар байыртадан эле муундан-муунга тил аркылуу өтүп келген. Кылымдарды баштан кечирген көчмөндүү кыргыздардын маданияты оозеки көркөм чыгармачылыкта уникалдуу жана кайталгангыс формада сакталып, азыркы мезгилде дүйнөлүк маштабда кыргыз элинин рухий-маданий баалуулуктары катары көрсөтүлүп жатат. Дүйнө элдерине практикалык негизде кыргыз элинин жана боордош түрк элдеринин маданий мурастары, рухий дөөлөттөрү «Көчмөндөр оюну» аркылуу эки жолу жергебизде даңазаланды. Даңазалоонун жолдору англис, орус, түрк, кыргыз ж.б. тилдери аркылуу ишке ашырылды.

Тил менен маданияттын байланышы жана анын ар тараптуу маселелери тилдин маданият таануу, этнолингвистика, психолингвистика, этнопсихолингвистика, когнитивдик лингвистика тарабынан изилденип келет

Элдик аң-сезимдин негизи жана анын рухий байланыштарынын көрсөткүчтөрү тилде сакталган. Тил ар бир элдин ой жүгүртүүсүн шарттайт, социалдык ал-абалын, маданиятын көрсөтөт. Эгерде маданияттын маңызы деп-илимди, билимди, жүрүм-турумду, динди түшүнө турган болсок, анда алар тилде көрүнөт. Демек, тил-маданияттын бирден –бир көрсөткүчү, жандуу куралы.

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романы- кыргыз элинин XIX кылымдагы тарыхый турмушун сүрөттөө менен, элибиздин ошол мезгилдеги социалдык абалын, саясатын, мамиле-катыш жасоо жолдорун, айрым түрк тилдүү элдердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, маданиятын ж.б. таасын чагылдырган улуу чыгарма. Анын тарыхый мүнөзү, коюлган маселелери, тили боюнча ар кыл багыттарда ар тараптуу изилденүүгө тийиш.

Чыгармадагы кийим-кечекке байланыштуу тилдик аталыштардан жана алардын чыгармадагы колдонулуштарынан элдик маданиятты, социалдык абалды, жашоо-тиричиликти, жүрүм-турумду, баалуулуктарды, ой жүгүртүүлөрдү аныктоого болот. Мисал келтирели: «Кожолор Шералинин ууртары дулдуйган чоң, аттын тери каткан чокоюн ичтеринен кор болушуп жатып чечтиришти. Сасыган чулгоолорун араң чыдап бүктөшүп,чокойдун кончуна тыккан болушту. Шерали кыпкызыл болуп, буттарынын башын шөлбүрөгөн чепкендин өңүрлөрү менен кымтынып, отуруп калды.

- Чеч белбакты бери! –деди Нүзүп ага. Шерали унчукпай эски кайыш белбагын чечип берди. Нүзүп белбак менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлады:

- Илгиле!

Житире кагылган шамшарга чокойду алпарып илишти. Диванхана тымтырс. Баары Нүзүптүн оозун тиктеп калышты. Бул эмнеси? Бул кандай сыры? Нүзүп шумдугунун түйүнүн чечүүгө шашылган жок. Шералинин үстүнө мурда камдатып койгон кызыл кымкапты жаптырды, бутуна саймалуу көк булгаары өтүк кийгиздирди. Ошондон кийин гана, көпчүлүккө угуза:

- Шерали! Мына карагым, эми сен журт эгесисиң. Журтка кайрымдуу

бол! Акылдуунун тилин ал! Көздүүнүн артынан ээрчи! Чокойду колун сунуп көрсөттү.

- Тетиги жаман көн чокой… Шерали, тааныйсыңбы ошону? Ал сенин чокоюң! Ал сенин өткөн күнүң, Шерали… Ошол өткөн күнүңдү, ошол карыптыгыңды эч качан унутпа, күндө көрүп отур. Ал алтын такка чыгарган күчтүү кудуретти сага күндө эстетип турсун. Кара баштуу адамдын өмүрүнө калың тайпа журттун тагдырына ойлук кылганыңда бул чокой дайым маңдайыңда болсун. Бул сени көптүрбөсүн, эсиртпесин…» (I том, 1990, 254)

Бул чакан үзүндү текстте *чокой, көн чокой, чулгоо, белбак (кур маанисинде), кымкап, өтүк* кийим-кечек аталыштары колдонулган. Адегенде, белгиленген кийим-кечек аталыштарына тилдик-маданий анализ жүргүзүүдөн мурда, «Кыргыз тилинин сөздүгү» (2010) аркылуу сөздөрдүн лексика-семантикалык маанилерин көрсөтө кетүү жөн.

Чокой 1. Бодо малдардын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган кончу кызыл ашыктан жогорураак келген бут кийим. Бутумда кам териден кийген чокой, Сырдашым айдаган кой, ээн токой (Барпы). 2. Кийизден (жүндөн) жасалган өтүк (1330).

*Көн чокой***.** Көк. 1. Бодо малдын терисинен жасалган, ийи жакшы жетилбеген сапатсыз булгаары. Көн өтүк (780).

Чулгоо. 1. Бут кийимдердин (көбүнчө өтүктүн) ичинен бутка ороочу бир бөлүк, же бир тилке кездеме. Суу болгон кийиз чокоюн чечтип, чулгоосун оронуп, кургактап кийинди (Т.Сыдыкбеков 1339).

Белбак (сөздүктө берилген эмес). Түшүнүгүбүздө белге оролчу кур. Романда: Нүзүп белбак менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты деп жазылган.

Кымкап. 1. Алтын, күмүштөн жасалган зым кошулуп токулган кымбат баалуу кездеме. Кээде ошол кездемеден тигилген тыш кийим. Бирден ичик, бирден кымкап (Манас С.О.872).

Өтүк. 1. Кончу узун бут кийим. Өтүгүң тар болсо, үйүндүн кеңдигинен не пайда. (Макал) (1029).

Көркөм чыгарманын дал ушул үзүндүсүндө колдонулган *чокой, көн чокой, чулгоо, белбак, чепкен* кийим-кечек аталыштары Шералинин социалдык-маданий абалынан кабар берип турат. Негизи адамдын ким экендигин, биринчиден, сүйлөгөн сөзүнөн, экинчиден, кийген кийиминен байкоого болот. Кыргыз элдинде: *Акылдуунун сөзү –кыска, айта салса- нуска, Даамдуу сөз- дары сөз, Зар адамга жакшы адам сөзү менен теңелет, бар адамга жок адам күчү менен теңелет, Жолдун тегизин бил, сөздүн негизин бил, Буттан жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт, Тазалык - тарбиялоонун жана маданияттуулуктун белгиси, Түсү ийгиден түңүлбө, Кийген кийимиң – маданият билимиң* сыяктуу макалдар түрк элинде… өндүү макалдар бекеринен жаралбаса керек. Макал - кечээ-бүгүн эле жарала калган жок, элдик оозеки чыгармалардын эң байыркы түрлөрүнөн болуп саналат. Анын булагы - материалдык дүйнө. Адам турмушун элегинен өткөрүп, көз менен көргөн же баамдап билген нерселерди, буюмдарды же кубулуштарды, көрүнүштөрдү макалдарга материал кылып алган. Ушунун негизинде обьективдүү чындыктын көйгөйлүү маселелерин козгоп, олуттуу ойго айлантып, жогорку көркөмдүк деңгээлге жеткирип, зор таасир-күчкө ээ кылып, аларды мисалдатып берген. Адамдарга тааныш эмес заттар, нерселер, турмуш чындыгынан алыс турган көрүнүштөр, окуялар макалдарда кездешпейт. Аларда ааламды көрө билүүчүлүк, турмушту таануучулук, обңективдүү чындыкты түшүндүрүүчүлүк, практикалык тажрыйбаны, илим менен билимди көрөсөтүүчүлүк камтылган. Ушундан улам, элдик үрп-адат, салт-санаасы, маданияты, ой турмушу алардын сырткы дүйнөнү таанып билүүсүнө байланыштуу болгон [Дунканаев, 2010:4-5]. Демек, макалдардан маданиятты да, экономиканы да, кулк-мүнөздү да, салт-санааны да, тарыхты да – дегеле баарын көрүүгө болот.

Шерали хан таажысын кийгенге чейин ким эле? Эч ким эмес эле. Нүзүп үчүн да, кожо, датка жана башка төбөлдөр үчүн да, ордо үчүн да эч ким эмес эле. Анын эч ким эместигин чыгармадагы кийинген кийимдери: чокой, белбак, чулгоо сөздөрү далилдеп турат. Ал болгону эч ким менен иши жок, момун,

баео, маңыроо адамдардын бири эле. Т.Касымбеков Шералинин социалдык-маданий абалын кийген кийими аркылуу *«Кожолор Шералинин уурттары дулдуйган, чоң аттын тери каткан чокоюн ичтеринен кор болушуп жатып чечтиришти; Сасыган чулгоолорун араң чыдап бүктөшүп, чокойдун кончуна тыккан болушту; Шерали кыпкызыл болуп, буттарынын башын шөлбүрөгөн чепкендин өңүрлөрү менен кымтынып, отуруп калды; Шерали унчукпай эски кайыш белбагын чечип берди. Тээтиги жаман көн чокой»* - деген сүйлөмдөр менен зор чеберчиликте сүрөттөп бере алган. Бул сүрөттөөдө Шералинин баеолугу да, момундугу да, карапайымдыгы да, жашоосу да, көз карашы да, маданияты да жана башка анын табиятындагы бардык нерселери жатат. Ушул эле учурда ушул эле сүйлөмдөрдүн айрымдарынын синтаксистик-семантикалык мазмунунан экинчи бир кыйытма түшүнүктү ачык аңдоого болот. Шералинин мындай көрүнүшүнүн карама - каршысында абройлуу ордо адамдары турат. Жазуучу алардын социалдык - маданий абалдарынын кандай даражада болгондугун». *«Кожолор Шералинин уурттары дулдуйган, чаң аттын тери каткан чокоюн ичтеринен кор болушуп жатып чечтиришти; Сасыган чулгоолорун араң чыдап бүктөшүп, чокойдун кончуна тыккан болушту»* - сүйлөмдөрү аркылуу кыйытып отурат. Ал эми «Шералинин үстүнө мурдатан камдатып койгон кызыл кымкапты жаптырды, бутуна саймалуу көк булгары өтүк кийгиздирди»,- сүйлөмдүн *кызыл кымкап, саймалуу көк булгары өтүк* кийимдерин колдонуу менен Т.Касымбеков төмөндөгүдөй олуттуу маанилерге басым жасаган:

1. *Бийлик күчүнүн таасири – Токмогуң катуу болсо, кийиз казык жерге кирет.*
2. *Шералинин социалдык- маданий абалынын дароо өзгөрүшү.*
3. *Шералинин аброюнун көтөрүлүшү, мартабасынын артышы.*

Демек, чыгармадагы кийим-кечек аталыштарынын колдонулушу кейипкерлердин образын ачуу, сүрөттөө менен гана чектелбестен, алар адамдардын кулк-мүнөзүн, психикалык, социалдык абалы, маданияты ж.б. көрсөтүүсүндө да зор роль ойнойт. Бирок анын көркөм чыгармадагы

колдонулуш мүмкүнчүлүктөрүн бардык эле жазуучулар ишке ашыра албайт.

Тил менталитетти жана адамдын психикасын берүүдө негизги курал болуп саналат. В. фон Гумбольдт айткандай, тилди изилдөө анын өзү менен эле бүтүп калбайт, тескерисинче, башка тармактар менен бирге адамзаттын өзүн-өзү таануусу, айлана-чөйрөдө көрүнүп, байкалып турган нерселерге жана жашыруун сырларга да өз мамилесин билдирүү сыяктуу улуу максаттарга кызмат кылат [Гумбольдт, 1984:214]. Орус окумуштуусу Д. Н. Овсянико-Куликовский дагы тил менен улуттук психиканын тыгыз биримдигин белгилеп келип: «Тил улуттук психиканын органы, адамдын улутка умтулуусунун куралы, элдердин психикалык энергиясын топтоонун жана сактоонун өзгөчө формасы» [Овсянико-Куликовский, 1922:186] болуп саналарын баса белгилеп кеткен.

Улуттук маданият – белгилүү бир элдин асыл белгилеринин жыйындысы жана жалпы адамзаттык таасирлердин, идеялардын топтому. Алар улуттук мүнөзгө айлануулары толук ыктымал. Улуттук аң-сезимдин рухий башатын түшүнүүнүн өзү тилдеги маданий маселелерге да байланыштуу болот. Рухий башат, рухий баалуулуктар дидактикалык жанрдагы: макал, ылакап, табышмак, жаңылмачтарда, эпостордо, көркөм чыгармаларда сакталып келет. Объективдүү турмушту, дүйнөнү көрө билүү, тааный билүү жөндөмдүүлүктөрү, кабыл алуу өзгөчөлүктөрү калыптанып улуттук менталитетти түзөт жана ал ошол элдин тили аркылуу чагылдырылат. Натыйжада чындыкты ар бир тил өзүнө мүнөздүү менталдык өзгөчөлүктөрү, маданий түзүлүштөрү аркылуу туюнтат. Мындай шартта объективдүү чындыктагы кайсы бир нерселерди, көрүнүштөрдү, түшүнүктөрдү башка бир тилде берүүгө мүмкүн эмес, же зарылчылыгы жок болуп калышы мүмкүн. Маселен, кыргыздарда: *Кой баккан конок күтөт; Конок шашканча, ала бакандагы эт бышат; Конок койдон жоош сыяктуу конок тшүнүгүнө байланышкан көптөгөн макалдар бар.* Бул макалдардан кыргыз элине гана мүнөздүү асыл өзгөчөлүктөрдү, менталитетти, улуттук аң-сезимди, маданиятты көрүүгө болот: Славян маданиятына мындай түшүнүктөр туура

келбейт.

Т.Касымбеков «Сынган кылыч» романында кийим-кечектин аталышы аркылуу да элге мүнөздүү өзгөчөлүктү таамай бере алган:

- Койгула. Анын эмнесине кызарышасыңар?- деди Алмамбет. – Болбой ушунуң, Мусулманкул. Карачапандарды тукум курут кылам дейсиң, болбойт ушунуң. Сен карачапандарды тукум курут кылам десең, карачапандардын мыктылары жөн жатпас, алар тоолукту тукум курут кылабыз деп чамынса, эки ортодо караламан журттун күнү эмне болмокчу, Мусулманкул? Айтчы, Мусулманкул? Айтчы, Мусулманкул, карачапандар бөтөн элби?

Мусулманул:

- Душман!

-Эл элге душман болбойт. Элдин башындагылар душман болот, өзүндөйлөр душман болот, Мусулманкул. Карачапан эле дейсиң, карачапанды ал элге сен кийгизгенсиң, Мусулманкул. Карачапан деп сен атыктыргансың, Мусулманкул. Тили, кейпи, кайгысы, кубанычы бир элбиз. (I том, 296-297).

Мындагы кийим аталышын туюндурган карачапан лексемасы ушул бир үзүм кичинекей текстте жети жолу колдонулду. Тексттин маани -мазмунун, өзөгүн карачапан сөзү уюштуруп турат. Ал маанилик жылышууларга ээ. Автор карачапан кийим аталышы аркылуу төмөндөгүдөй маанилик түшүнүктөрдү берген:

1. Карачапан – XIX кылымдагы өзбектер кийүүчү улуттук кийим:
2. Карачапан – XIX кылымдагы өзбектердин аталышы:
3. Карачапан – XIX кылымдагы өзбектерди басмырлап көрсөтүү:
4. Карачапан – XIX кылымдагы өзбек элинин соци алдык-маданий абалынын көрүнүшү.

Карачапан кийим аталышы бир элдин жалпы атын көрсөтүү менен, улуттук- менталдык өзгөчөлүктү шарттап турат, анда ошол элге мүнөздүү маданий түшүнүк да камтылган, *карачапан* кийим аталышына карата кыйытылган формада экинчи бир элдин көз карашы, мамилеси чагылдырылган. Ал эми жогорудагы: көн чокой, сасык чулгоо, тери каткан

чокой, шөлбүрөгөн чепкен сыяктуу тил каражаттары аркылуу берилген кийим аталыштары жеке адамдын маданий абалынан кабар берип турат.

Т.Касымбеков ошол мезгилдеги түрк элдеринин маданий турмушу, экономикасын, маданиятын, жүрүм-турум өзгөчөлүгүн, салт-санаасын, үрп-адатын берүүдө кийим-кечек аталыштарын ыктуу пайдаланган. Негизи кайсы гана эл болбосун, алар кайсы гана доордо жашабасын, алардын табияты, менталдык өзгөчөлүктөрү кийген кийимдери аркылуу чагылдырылып тургандыгы - факт.

4.3. «Сынган кылыч» романындагы кыргыз, түрк айрым кийим-кечек аталыштарынын этимологиясы жана жасалыш жолдору

Түрк тилдериндеги сөздөрдүн этимологиясын изилдеген Э.В.Севортян байыркы кездеги түрк тилине мындай мүнөздөмө берет: 1) сөздүн үндүү тыбыштары туруктуу болбой, белгилүү деңгээлге чейин башка тыбыштарга алмашылып айтыла берген; 2) сөздүн үнсүз тыбыштары да туруктуу болбой, ар кандай башка тыбыштарга алмаштырылып кете берген; 3) белгилүү фонетикалык закон ченемдүүлүк ырааттуу түрдө ишке ашпай, бир учурда ал колдонулса, экинчи бир учурда ал колдонулбай калган жана айрым тыбыштык закон ченемдүүлүктөр чектелген абалда болгон. Мындай мүнөздөмө белгилүү даражада кыргыз тилиндеги сөздөргө да ылайык келет.

Мындай тыбыштары туруктуу болбой, башка тыбыштарга алмашып кеткен учурлар түрк тилдеринде өтө эле ар түрдүү жана арбын. Аларды түрк тилдерин өз ара салыштыруу аркылуу же кыргыз тилинин өзүндөгү фактылардан табууга болот. Алсак, азыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдүн тыбыштык, морфемалык түзүлүшүндөгү кубулуштарды башка түрк тилдериндеги фактыларга таянып, келип чыгышын түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгү табылды. Ал эми айрым сөздөрдүн байыркы кездеги формасы же ага жакын түрү кыргыз адабий тилинин өзүндө, диалектилеринде, говорлорунда сакталып калгандыктан *белбак, чачпак, желдик, жегелдирик*

ж.б. сыяктуу сөздөрдүн келип чыгышы ушундай кубулуштарга түздөн-түз байланыштуу.

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романында конкреттү атоолордун б.а. кийим-кечек жана аны даярдоо материалдарынын атын атоодо түрк сөздөрү да орун алган.

1. *Кызыл макмал кеп такыйанын үстүнөн жука, көрк үчүн жасалган, мурда киерге даярдап коюлган* ***ак элечек*** *кийгизди, эки өрүм, али ак чала элек чачын чачпакка ороп койду* [“Сынган кылыч”, 664-б.]

2. *Kırmızı kadife şapkası (kadınların başına giydikleri şapka türü) üzerisinden incecik, güzellik için hazırlanan, önceden giyilmek için hazırlanan ak eleçeği (fes) giydirip, hala beyazlaşmamış saçlarına kakül ,tokayı**,** bağladı* [[“Сынган кылыч”, 664-б.]

3. *Кара такыйа, көк көйнөк бейак таалайынан качып, эми бет алдынан жаңы бакыт деле үмүт кылбай бар болгону көз ачып турмуш көрөр замат шорго катылган жерден качып, чымырканып баратат* [“Сынган кылыч”, 389-б.].

4. *Kara takkesi , mavi gömleği talihsiz kaderinden kaçıp, artık gelecekten mutluluğu umut etmeden, sadece hayata başladığı andan itibaren katlandığı zorluklardan kaçarak, kendini güçlendirerek gidiyordu* [“Сынган кылыч”, 389-б.].

5. *Макмал топучан, узун этек, жука кымкап тонун желбегей жамынган, кызыл булгаары кепиччен Абдрахман ичке жолдо майпая басып, эки жакты карап, эч көңүлү тынчыбай ойлонуп жүрөт* [“Сынган кылыч”, 451-б.].

6. *Kadife şapkalı, uzun, ince brokar donunu üzerine saran, kırmızı deri kepiç (ayakkabı**)** giyen Abdırahman ince patikayla yavaş yürüyerek, iki tarafa bakınarak, içi rahatlamayıp hep düşünüyordu* [“Сынган кылыч”, 451-б.].

Кыргыз тилинин, ошондой эле аны менен тектеш башка түрк тилдеринин сөздүк байлыгы алгачкы тарыхый мезгилдеринде азыркы көлөмүндө болбогондугу талашсыз. Түрк тилдеринин сөздүк составы ал тилдерде сүйлөгөн элдердин башынан өткөргөн тарыхый өнүгүшүнө

байланыштуу улам жаңы сөздөр менен толукталып турган. Сөздөр же семантикалык, же лексикалык өзгөрүүгө учурайт, алардын мындай жол менен өсүшү түрк тилдери үчүн сөз жасоонун эң байыркы ыкмаларынан болгон [Юнусалиев, 1959:150] . Мисалы, *көк(түс),* көк *(асман),* көк *(дат),* көк *(тил албас*); “Сынган кылыч” чыгармасында *көк көйнөк аттуу* кийим аталышы бар. Мында түс маанисинде берилген.

Ал эми чыгарманын материалында учураган кеп такыйа аттуу сөз – элечектин астынан кие турган баш кийим. Кеп такыйа лексемасы кыргыз тилинде кыздардын кооздолгон, көбүнчө үкү тагылган топусу маанисин берет. Ал сөз жасоонун синтаксистик ыкмасы менен уюшулду, башкача айтканда, ыкташуу байланышынын негизинде айкашкан. *“Топи”* - түрк тилинен кирген сөз, төбөгө кийиле турган баш кийим. Кыргыз тилинде - *топу***.** Эки тилде тең мааниси бирдей сакталган.

Бир аздан соң Акбалбан коштоп, булгаары кепичин жалаң бутуна салган, кымкап тонун желбегей кийген, макмал топучан Абдрахман бейкапар жаткан ордунан туруп эле келди окшойт [“Сынган кылыч”, 619-б.].

Bir azdan sonra Akbalban başta olmak üzere deri sandaletlerini yalınayak ayağına giyen, brokar kürkün üzerine saran, kadife şapkalı Abdrahman rahat rahat yatığında ,yerinden kalkıp geldi galiba [“Сынган кылыч”, 619-б.].

Кызыл манат тышталган, төбөсү бийик кундуз бөрк кийген, үстүнө кыпкызыл камзол, эндүү күмүш кур курчанган, көрк үчүн курунун кынына пилдин сөөгүнөн жасалган кичинекей шамшар илип койгон, бутунда кызыл саймалуу көк өтүк, колунда сабы сур эликтин бутунан катырылган жеңил камчы [“Сынган кылыч”, 466-б.].

Kırmızı montla (kısa tüyülü kumaş) kaplanan tepesi uzun kunduz (su samuru kürkü) börk giymişti, üzerine kıpkırmızı kamzol (uzunluğu dize kadar ulaşan erkek üst giyisisi), kalın gümüş kemer takmıştı, süs için kemerinin kenarına filin kemiğinden yapılan kılıçı asmıştı, ayağında nakışlı kırmızı çizme, elinde sapı mavi karacanın ayağından yapılan hafif kırbaçı vardı [С.К., 466-б.].

Тумшугу чучтуйган найын көк булгаары өтүк, тик жака кызыл манат камзол кийип, белине чымкый көк ботo кур орогон, башында кызыл манаттан кыры улаган төбөсү бийик, чыктуу жапжаңы аккалпак [“Сынган кылыч”, 497-б.].

Uçu sivri olan mavi deri çizme, yakası dik olan kırmızı manat abiye tarzı giyip, beline masmavi deri kemer takınan, başında kenarları kırmızı manat dikilen, tepesi uzun, yepyeni ak kalpak vardı (Kırgızların milli erkek başlığı) [“Сынган кылыч”, 497-б.].

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романында колдонулган *чачпак, калпак, көйнөк* сөздөрүнүн этимологиясына карасак, көңүл бөлсөк.

чачпак –аялдардын чачына уланган кооздук, уңгусу – *чач*.

-пак метатеза кубулушуна кабылган, түпкү түрү - кап (кеп), демек, чачпак – чачтын кеби.

Калпак – “күндөн сактанууга ыңгайлуу калдайган жеңил баш кийим”. Кийиз калпак, чий калпак, ак калпак ж.б. түрлөрү бар. Калпак эки морфемадан турат: кал – пак. Экинчиси –пак (метатеза болгон –кап “кеп”); уңгусу кал (салыштыр: кал-кан, кал-кай, кал-дай, кал-ка); Калпак “баш калкалагыч кеп”.

Көйнөк – Махмуд Кашкариде *көңлекленди* “көйнөк кийди”, *көңлек* “көйнөк*”, көн - “адам териси. Демек, бул сөздө эки морфема бар: көн “тери”, -лек (-лык деген куранды). Көйнөк “*терилик”, адам терисин жаба турган буюм.

Саксагай тебетей (“СК”) – татаал сөз, анын биринчи компоненти “саксагай” өз алдынча турганда маани бербейт. Ал сөздүн этимологиясын иликтегенде, кыргыз тилиндеги *түк, түлөк*(түү + ла + к) байыркы “түү” нүн негизинде түзүлгөнү байкалат. Байыркы түрк тилинде “түү” – түк деген маанини билдирет. Мисалы, М. Кашкаринин сөздүгүндө tü – *жүн, чач;* bir tüsaq – *бир тал чач* [МК III 207], at tülidi – *ат түлөдү* [МК III 270], ol koy tüliqinde keldi – *ал кой кыркынында келди* (МК I 387). Азыркы түрк тилинде tüy – *чач, жүн, тыбыт,* түк, канат; якутча *түү – малдын түгү, жүнү; түүлээк – барпагай, саксагай.*

Компоненттеринин бири өз алдынча турганда маани бербеген татаал сөздөрдүн кээ бирлеринин түгөйлөрү башка тилдерден өздөштүрүлгөн лексемалардан турат. Мисалы, дүңгө күр / *уйгурча лөңгө– суу жоолук,жүз аарчы + кур,* кийим-кечек – кош сөз, тизмектешип турган компоненттер тең байланышта туруп айкалышкан.

Түрк тилдеринде кеңири масштабда колдонулуп келе жаткан ыкмалардын бири – жаңы сөздөрдү морфологиялык каражаттардын жардамы менен жасоо. Мисалы, оймо чапан – ой +ма, сызма – сыз+ма, жоолук – жоо+лык, малакай – мала+гай // кай ж.б.

Башка элдердей эле тектеш тилдерде кийим-кечек аталыштары көп кылымдап пайда болуп, өнүгүп түптөлгөн. Мисалы, “Сынган кылыч” романында сөздөрдүн туунду формалары да бар. Алар сөз айкаштарынын, фразеологиялык тизмектердин составында кеңири учурап, кыргыз тилинин сөздүк составынан бекем орун алган. Натыйжада кыргыз тили - *кер* - *кор,* - *кеч,* - *гер, -ма, -на, -чан* сыяктуу морфологиялык жана -*ки* сыяктуу синтаксистик элементтердин эсебинен да лексикасын толуктаган. *Мисалы, да-ки, дас-мал, кез-кезде, кез-де-ме, желетке- желеткечен, бархат -бархатчан, саржа - саржачан ж.б.*

Белдемчи – белге курчанып, ага кылыч, жаа жана башка курал-жарактын кыны тагылчу териден жасалган жоокердик шайман. Сөздүн тутумдук түзүлүшү үч морфемадан *(бел-дем-чи)* куралган. Бизди кызыктырганы-акыркысы. Өнүмсүз куранды катары *(-жы: коромжу, аралжы, курамжы)* [Орузбаева, 2000:311]. Белдемчинин белдик деп айтылган варианты да бар. Кыргыз тилинде белдик сөзү көбүчө кочкорлорго тагылчу буюм катары колдонулат**.**

Жарак – жоокер куралдарынын жыйындысы. Көбүнчө татаал формалардын тутумунда жолугат: жайжарак~жоо-жарак – аскердик бардык куралдар; *курал жарак* – аскердик жана эмгек куралдарынын жыйындысы. Жарак деген сөздүн үңгусу *жаргактын* үңгусу менен бирдей карап, бул

сөздөрдү*(жарак, жаргак)* К.Сейдакматов илгери “тери” деген мааниде колдонулган дейт [Сейдакматов К. 1986. 89-90-б.].

Жекейбоз – баатырлардын жоокердик баш кийими. Сөздүн биринчи бөлүгү, жекей – илгерки убактардагы аялдардын кымбат баалуу баш кийими [Юдахин, 1965:243].

Жекери – жоокердик курал-жарактар кыстарыла турган кайыш кур.

Кандагай – тери шым. Сөздүн биринчи бөлүгү калмакча хандха “лось” [Калмыцко-русский словарь, 1977: 575] деген сөзгө туура келет. К.К.Юдахин да кандайдагы “тоо текенин терисинен жасалган шым” деп аныктаган. Байыркы кыргыздар үчүн багыш деле аңдардын бири, тоо текеси болуп саналган.

Карууч – калкандын колго бекитиле турган кайыш боосу. Сөздүн тутумундагы кары (монголчо ***кар, хар***) деген уңгу кол маанисин билдирет. Экинчи компоненти (-ыч) *тирөөч, кармооч, айкындооч, желбирөөч* өндүү сөздөрдө жолуккандай куранды. “Коркут ата китебинде” калкандын түрү катары жолугат: “Уры турды, тэвлэдэн бир шахбаз ат чыхарды, эйэрлэди, кейимин кейди. Дизчик, гаручыг багланды” [Китаби Дэдэ Горкуд, 1988:112]. Кыргызчага “Ордунан турду. Короодон бир күлүк ат чыгарды, ээрледи, кийимин кийди, тизесине тизөөч, каруусуна каруучун байланды” [Коркут ата китеби, 2004:125] деп которулган.

Карыпчы, карыпчын – ийинге сала колго кийилип, ага калкан тагыла турган жоокердик тери шайман. Тутумунун биринчи компоненти *кар, кары* (кол маанисинде) болуш керек деп ойлойбуз.

Кементай – кийизден жасалган чепкен (чапан). Илгери казатка чыккан жоокерлер канжыгага каментай байланып аттанышкан. Кусейин Карасаев мунун үч түрүн сүрөттөгөн [Карасаев, 1986:149]. Сөз монгол тидери менен кыргыз тилинин жалпылыгына күбө. Калмакча *кемнг* (кэмнэг) – эскирген сөз, “кийизден жасалган чапан” [Калмыцко-русский словарь,1977:293].

Күбө – байыркы жоокерлердин ок өтпөс тону. Металл жалатып же атайын металл тунукелерин пайдаланып жасалат да *ак күбө, көк күбө, кыл*

күбө, күбө тон дегендей аталыштарга ээ. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө күпү варианты да катталган. Кусейин Карасаев да *күбө, күпү* [Юдахин, 1965: 458-469] формаларында каттап,көлбөөрүгөн узун жеңдүү чапан,жоокер кийими деп эки мааниде чечмелейт да, араб тилинен келген деген белгини койгон [Карасаев,1986:170-172]. Анан дагы тыбыштык жактан ушул эле сөзгө үндөшүп турган **күбөк** “аңчылык куралы” деген сөздү каттап, аны монгол тили менен байланыштырат [Карасаев, 1986:170].

Түрк тилинде кең үндүү менен келген мүчө, кыргызчадан айырмаланып, эки вариантта айтылса, кууш үндүү менен келген мүчө төрт вариантта айтылат: Мисалы, *-lar/-ler, -dan/-den, -sız/ -siz/-suz/süz, -nin/-nin/-nun/-nün* ж.б.

Түрк тилинде сөз жасоонун морфологиялык жолу да, синтаксистик жолу дээрлик өнүккөн. Бирок бул эки жолдун аракет чөйрөсү эки башкача. Тактап айтканда, морфологиялык жол аркылуу жалаң гана куранды мүчөлөр пайдаланылат да, куранды көбүнчө төл сөздөргө жалганат.

4.4.“Сынган кылыч” романындагы кийим-кечек аталыштарына лексика-семантикалык талдоо

Кыргыз элинин сөз байлыгы бир шилтем макалдардан тартып улуу эпос “Манаска” чейинки материалдарда катылып жатат. Аларды изилдөө иштери бүгүнкү күндө өтө актуалдуу жана кечиктирилгис милдеттерден болуп сакталат.

Кыргыз элинин улуулугун, жөнөкөйлүгүн, байыркылыгын, кулк-мүнөзүн, үрп-адатын, салт-санаасын, турмуш-тиричилигин, маданиятын, ой жүгүртүүсүн, жаратылышка болгон мамилесин сөз сыйкыры менен даңазалап келген. Чынгыз Айтматов, Тугөлбай Сыдыкбеков, Мукай Элебаев, Касымалы Жантөшев, Касымалы Баялинов, сыяктуу жана башка улуу жазуучулардын катарында ТөлөгөнКасымбеков турат. Анын “Сынган кылыч” романы-атпай кыргыз журтунун сыймыгы. Анткени, анда сөз сыйкыры бар. Бүгүнкү күндүн, же келечек кылымдын адамдары “Сынган кылычты” окуса, ошол мезгилге түшүп, ошол мезгил менен жашаарында шек жок.

XIX кылымдагы кыргыз элинин жана алар менен аралаш, канатташ жашаган башка элдердин турмушун чагылдырууда автор лексикалык бай материалдарды кылдаттык менен көркөм чеберчиликте колдоно билген. Алардын бир үзүмү катары турмуш-тиричиликке байланыштуу лексикасын, анын ичинде кийим-кечек аталыштарын алсак болот. Кийим-кечек аталыштары элдин турмушун обьективдүү түрдө, реалдуу чындыкта берүүдө негизги тилдик каражат катары пайдалангандыгын көрөбүз.

Романдагы кийим-кечек лексикасы ошол доордогу элдердин жашоосундагы эң зарыл нерселерди туюндурган жана тилдин системасында туруктуу жашаган сөздөр катары милдет өтөйт. Адам турмушу кийимден сырткары калбайт.

Төлөгөн Касымбеков конкреттүү доордогу элдин жашоо-тиричилигин сүрөттөө, үчүн кылдаттык менен тандап алынган кийим-кечек аталыштарын пайдаланат.

Кийим-кечектин жана алар тигилген кездемелердин аттарынан *манат, быязы, быязы чепкен, бенарес, паттайи кепич кундуз бөрк, кымкап, макмал топу, желбегей, булгаары кепич, камзол, ботокур* ж.б. колдонгон. Мисалы, *Кызыл* манат *тышталган төбөсү бийик кундуз бөрк кийген. Унчукпай тоолуктардын кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган быязы чепкенин апкелдирип казыйдын ийнине салдырды. Нүзүп беренестин кызыл кымкабын кийген. Макмал топучан, узун этек жука кымбат желбегей, апкыты жапыс кызыл булгаары кепич паттайи*. Ушулар менен бирге романда сырт кийимдин аты катары *камзол* деген сөз көп ирет колдонулат: *“...Тик жака кызыл манат камзол кийип, белине чымкый көк ботокур оронгон.”, “Даяр коюп койгон ак быязы камзолду Бекназарды ийнине жапты”* ж.б.

Элдин аза күтүү үрп-адатына байланышкан *көк көйнөк, кара жоолук, кара* сыяктуу этнографиялык мүнөздөгү лексемаларды да турмуштук лексикага киргизебиз. Мисалы: 1. *“Куу таалайынан, кара такыя, көк көйнөк таалайынан качып, ... чымырканып качып баратты”. 2. Башына* ***кара*** *чүмкөп,*

терс каратып, чачын кардай жайып отурган кайненесинин катарына алып келишти (“Сынган кылыч”, 201-б.).

Мындагы *кара такыя, көк көйнөк* аталыштары кайгынын, кара лексемасы аза күтүү белгисин билдирди. Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй, өткөн замандын оор турмушун чоң чеберчилик менен элестүү сүрөттөй алган Төлөгөн Касымбековдун бул романында азыркы окурмандарга таптакыр түшүнүксүз сөздөр дээрлик жок. Анткени автор өткөн турмушту сүрөттөө үчүн сөздөрдү өтө кылдаттык менен иргеп алган, тарыхый экзотиканын артынан кууган эмес. “Тарыхый экзотиканын, башкача айтканда, эмне болсо да азыркыга окшобогондордун артынан кууган жазуучулар тарыхый окуялардын маанисин түшүнүүнү кыйындатып, өткөн менен азыркынын ортосуна өзү үчүн капыстан эле жолтоо түзүп алат” [Щербина, 141].

Турмуш-тиричиликке байланыштуу сөздөрдү анчалык көп эмес санда тандап алууну жөн гана кокустук катары эсептөөгө болбойт. Бул жерде бардыгы чыгарманын идеялык максатына багындырылган. “Сынган кылыч” романынын негизги идеясы – Кокон хандыгынын мезгилиндеги кыргыз элинин социалдык-экономикалык абалын көркөм сүрөттөп берүү аркылуу Түштүк Кыргызстандын Россиянын составына киришинин тарыхый себептерин, шарттарын ачып көрсөтүү. Ошондуктан автор тарыхый экзотиканын артынан куубастан, колдонуудан чыгып калган нерселерди атаган сөздөр менен чыгарманын тилин оордотпостон, сүрөттөлүп жаткан доордогу коомдун социалдык-экономикалык структурасы менен байланыштуу сөздөрдү кеңири пайдалануга мүмкүнчүлүк түзгөн.

Ошондой болсо да профессор Ж. Мамытов “Сынган кылыч” романындагы **камзол** кийим аталышынын колдонулушуна карата мындай адилеттүү оюн билдирет: “Ушулар менен бирге романда сырт кийимдин аты катары **камзол** деген сөз көп ирет колдонулат”: “Тик жака кызыл манат **комзол** кийип, белине ботокур оронгон...”, “Даяр коюп койгон ак быязы **камзолду** Бекназардын ийинине жапты” ж.б. Бул сөз **кемсел, кемсал** түрүндө

бүгүнкү күндө да кыргыз тилинде учурайт. Бирок биздин пикирибизче, бул сөздүн романда колдонулушу орунсуз. Анткени, **камзол** кыргыз тилине орус тилинен кирген. Орус тили бул сөздү 18-кылымдын башында немец тилинен кабыл алган. Ал өз кезегинде италия тилинен алынып, түпкү чыгышы боюнча латын тили менен байланыштуу экендигин орус тилинин этимологиялык сөздүгү ырастайт. Демек, чыгармада сүрөттөлүп жаткан түштүк кыргыздардын али Россиянын составына кошула элек кезинде жергиликтүү элдин арасында Европалык (же орусча) формада тигилген кийимдин жана аны атаган сө здүн ушунчалык кеңири тарашы күмөн туудурат. Ошондуктан бул сөздүн “Сынган кылычта” колдонулушун өз мезгилине ылайыксыз пайдаланылган анахронизм катары баалайбыз [Мамытов, 1990:56]. Түпкүлүгүндө бул пикир туура.

Бирок биздин пикирибизче, романда камзол түрүндө эмес, кемсел формасында колдонулганда чындыкка жакын болмок. Себеби, кыргыздар орустар менен XIX кылымда алакалаша баштаган учурунда эле, орус тилинен бир катар кровать, бутылка, хомут, самовар сыяктуу сөздөр кыргыз тилине керебет, бөтөлкө , каамыт, самоор болуп тилдик өзгөчөлүккө ылайыкташып, өздөштүрүлүп кабыл алынгандыгы белгилүү. Ошол сыңары камзол камзол формасында эмес, кемсел түрүндө колдонулушу толук мүмкүн.

Ошону менен бирге эле жазуучу тарыхый көркөм чыгармада элдин эсинен эчак чыгып калган кийим-кечек аталыштарын да колдонгон. “Сынган кылыч” романында мындай сөздөр бир топ учурайт. Өткөн турмуштун элесин берүү үчүн азыркы тилибизде жолукпаган бул сыяктуу сөздөрдү өзүнүн чыгармасына киргизүү менен, автор алардын маанилери окурмандардын кеңири массасына түшүнүктүү болушу жөнүндө кам көрөт.

Романда бир-эки жерде эски согуш кийимдерин атаган маселен**,** *зоот, туулга* деген аталыштагы историзмдер колдонулат. *“Куралканасына киргенде, тизилип турган мылтыктарды, сабы күмүштөлгөн кылычтарды, зоотторду бир сыйра кыдырышты”, “Ясаулбашы тагдырына сыйынды: көк чалма менен башын ороп, кара темир* туулга *кийип, бир кубарып, бир шерденип карап*

турду”. Мындан башка согуш кийимдери жөнүндө чыгармада сөз болбойт. Бирок ушунчалык көп согуштук көрүнүштөр сүрөттөлгөн тарыхый көркөм чыгармада мындай учурдун реалдуу элеси зыян тартпайт. Айрым учурда муну деталдаштырып отурбастан, жоо кийимчен деген жалпылаштыруу менен гана чектелет. Мисалы*, “Кудаярхан бурулуп карап, алдында таазим кылып турган экинчи уулун көрдү.Жаш жигит шыңга бойлуу, келбеттүү. Жоо кийимчен”.*

Төлөгөн Касымбеков сүрөттөлгөн мезгилге жараша даражаларга байланыштуу историзмдерди тандоодо да автордук мыкты чеберчиликти көрсөткөн. Мисалы, бий, датка, казый деген сөздөрдү өз орду менен колдонулган. Алар – элдик оозеки чыгармалар жана башка адабий көркөм чыгармалар аркылуу жалпы эле кыргыз окурмандарына түшүнүктүү сөздөр. Ал эми *кара чапан* деген сөздүн мааниси кийим аталышын билдиргени менен, романда элдин аталышы түшүнүгүн да алып жүрөт. Муну төмөнкү сүйлөмдөрдүн маанисинен ачык баамдоого болот: *“... А сарт атыгып кеткен, отурукташкан жааты көбүнчө кара чапан кийинишкен.”* же “... Кара чапан *эле дейсиң,* кара чапанды *ал элге сен кийгизгенсиң, Мусулманкул.* Кара чапан *деп сен атыктыргансың, Мусулманкул... Тили, кейпи, кайгысы, кубанычы бир элбиз”* (Алмамбеттин кебинде) деген сыяктуу автордук баяндоо же каармандын кеби аркылуу чебердик менен чечилген, чыгарманын өзөгү менен эриш-аркак болуп бириккен контексттик түшүндүрүүлөр турганда, дагы кошумча түрдөгү шилтеме артык баштык кылат, ал окурмандардын чыгарманы органикалык түрдө бирдиктүү кабыл алуусуна кедерги болот.

Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын материалдарында колдонулган кийим-кечек аталыштарына лексика-семантикалык анализ жүргүзүүдө, анда колдонулган кийим-кечек аталыштарынын ичинде бир нерсеге окшоштуруп, кейиптештирип атаган (метафора) сөздөр учураганын белгилейбиз. Мисалы, *бел+бак* («бел» - дененин жамбашка жакын ичкерээк тартып кеткен арка жак бөлүгү), кырг. алт. *кур; каз. белбаг, өзб. белбаг.* Көк - малдын чылгый ийленилген териси – (көк бото кур).

«Сынган кылыч» чыгармасынын материалында калькалоо жолу менен алынган кийим-кечек аталыштары да учурайт. Мисалы,аскердик мундир камзол, кепич ж.б. Түрк тилдери генеологиялык турпаты жагынан тектеш болгондуктан, айрым сөздөр берген маанилери боюнча **параллель** колдонулат. Мисалы: *кыр., алт. тебетей «жылуу баш кийим; каз. бөрүк; кыр., алт. мээлей, каз.өзб. колгап – «мээлей»; кырг. жоолук, каз. оромол – «жоолук»; каз. көрпе, өзб. көрпэ ж.б***.** Бир нерсенин каймана маанисиндеги аталган (метонимия) аталыштары да кездешет. Мисалы, көрпө тебетей – майда үй жаныбарынын терисинен жасалган баш кийим. Булгаары өтүк - булгаары теринин калың түрү.

“Сынган кылыч” романындагы *малакай, топу, көк манат топу, тебетей, чоң тебетей, көрпө тебетей, калпак, ак калпак, селде, көк селде, чалма, бөрк, суусар бөрк, кементай жана башка кийим аталыштары; чапан, сары чапан, кара чапан, ала чапан, кымкап, сары кымкап, кызыл кымкап, кара кымкап, сарпайы, тон, кара тон, ичик, киш ичик, чепкен, быязы чепкен жана башка сырт кийимдери; чоко, көк чокой, чуштуйган чокой, өтүк, көн өтүк, көк өтүк, чарык, көн чарык, маасы* ж.б. бут кийим аталыштары каармандардын сырткы көрүнүштөрүн, кебете-кешпирлерин сүрөттөп берүү милдетин гана аткарбастан, кейипкерлердин кулк-мүнөздөрүн, жашоо-турмуш абалдарын, ошол мезгилдин өзүн сөөлөттүүлүк, даражалуулук, кембагалдык турмушту да кошо чагылдырат. Ар бир аталган кийим лексика-семантикалык өзгөчөлүккө ээ болуп турат, б.а., көк чокой менен көн чокойдун,чарык менен чокойдун, тебетей менен көрпө тебетейдин, топу менен малакайдын жана башка лексика-семантикалык кескин айырмачылыктары бар, аткарган кызматтары да ар башка. Ал айырмачылыктар адамдарды классификациялап, жашоо-тиричиликтен, социалдык абалдарынан конкреттүү маалыматтары алууга болот.

Ар түрдүү улуттардын ортосунда болгон экономикалык, маданий жактан болгон байланыштар аларды бири-бири менен болгон тилге да зор таасирин тийгизет. Ошондуктан тилдик лексикалык составында өзүбүздүн төл

сөздөр менен бирдикте, башка тилдер менен болгон карым-катыштын натыйжасында белгилүү бир өлчөмдө түрк тилдеринде параллель сөздөр, араб, иран ж.б. тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр пайда болот.

Кыргыз эли узак кылымдарга созулган тарыхында көптөгөн башка элдер менен карым-катышта болуп келген. Андай байланыштар жалаң гана элдин турмуш-тиричилигине, жашоо ыңгайына, психикасына, үрп-адаттарына, рухий көз караштарына таасир тийгизбестен, анын тилине да из калтырганын көрөбүз. Ал эң алды менен негизинен тилдин ийкемдүү жана дайыма толукталып, өзгөрүп турма бөлүгүндө – лексикасында сакталып калган. Андай сөздөрдүн ичинде жакын жана алыс тектеш тилдерден кабыл алынгандары да, тектеш эмес тилдерден өздөштүрүлгөндөрү да бар. Алардын жалпы көлөмү да бирдей эмес. Кыргыз тилине лексикалык жактан таасир тийгизген тектеш тилдер – алтай, хакас, тува, казак, өзбек жана уйгур, ошондой эле алыс тектеш тилдерден монгол тилдери болсо, тектеш эместеринен араб, иран (тажик) жана орус тилдерин көрсөтүүгө болот. Ошону менен бирге аларга кыргыз тилинин белгилүү өлчөмдө таасир тийгизиши да талашсыз. Башка тилдерден кабыл алынган өздөштүрүүлөрдүн сан жагынан эне тилдин өздүк менчиги – төл сөздөргө караганда алда-канча аз болорун баса көрсөтүүгө туура келет.

Тилдеги сөздөрдүн бардыгы биригип, тилдин лексикалык бөлүгүн түзөрү белгилүү. Демек, башка тилдер менен болгон карым-катыштын негизинде тилдин лексикасы жаңы сөздөр, терминдер менен, башка тилдерден кабыл алынган сөздөр менен тынымсыз байып, жаңы сөздөр менен такталып, толукталып турат. Мисалы, «Сынган кылыч» романынын материалдарында кийим-кече аталыштары башка тилдерден кабыл алынган учурлар да кездешет.Мисалы, монгол тилинен өздөштүрүлгөн кийим-кече аталыштар:ак олпок – көрпө, бурятча *олбок* – мамык олбок, монголчо *олбог*– мамык; өңүр – кийимдин алдыңкы эки жагы (черик уруусунда – *бөйрөмчө*), монг., якутча *өңөр* (жогорку мааниде); тулуп – малдын туюк союлган терисинен жасалган буюм, бурят, монг.. *тулам*, түрк тилинде *тулум* (туюк союлуп, ийленген тери,

тулку бой деген сөздүн уңгусу да болот); торко – жибек кездеменин бир түрү. бурят, монг. *торго*, *торгон* – жибек кездеме, якут., *торго, торгу* – кездеме ж.б.

Араб тилинин өздөштүрүлгөн кийим-кечек аталыштары: маасы / махси – жука булгаарыдан тигилген бут кийим – кыргыз тилинин тыбыштык законуна баш ийдирилип, фонетикалык өзгөрүүгө учураган.Мындай өздөштүрүүлөр, төл сөздөрдөгүдөй эле, жаңы маанидеги туунду сөздөрдүн жасалышына база боло алышат: М., маасычан.

Иран тилинен өздөштүрүлгөн кийим-кечек аталыштары: алар маани жагынан ар кандай түшүнүктү билдирет. Мисалы, башайы – *жибек – кездеменин бир түрү,* даки – *жука – ак кездеме,* дасмал – *дасторкон – кол жоолук,* кепиш – *галош* сымал булгаары бут кийим ж.б.

Орус тилинен өздөштүрүлгөн кийим-кечек аталыштары*:* Мисалы, *көлөч / галош, желетке / жилет, тырайке / трико, саржа / саржа, бостон / бостон, бархат / бархат* ж.б.

Лексика – тилдин эң активдүү, коомдук жашоонун бардык чөйрөсүн бирдей тейлеген жана курчап турган чөйрөнү бирдей чагылдырган тил системасынын бөлүгү. Түрк тилдериндеги орток лексиканын сакталышы, колдонулушу, семантикалык жактан өзгөрүү процесстери тилдин тарыхый мүнөзүн аныктоодо маанилүү илимий жыйынтыктарды берет. Мисалы, кийим-кечек аталыштары: атлас, билерик, тон, бөрк, этек ж.б.

Кыргыз жана түрк тилдеринде эски уңгу катары сакталган ***бөрк*** уңгусу мааниси аз өзгөргөн түрдө жашап келет. Кыргыз тилинде бул аталыштын түз мааниси жана анын негизинде метафоралык кубулуш катары “мыктын баш жагындагы бөлүгү” мааниси да пайда болгон. Түрк тилиндеги уңгунун бир гана негизги мааниси бар, болгондо да “жаныбарлардын терисинен иштетилген баш кийим” түшүнүгү берилет: *бөрк.* 1. Тебетей, баш кийим. *Көк сүлөөсүн бөрк кийген* / börkis. Genellikle hayvan postundan yapılan başlık: *“Alnına bir şaplak atip börkünü geri itmişti*” (M.N.Sepetçioğlu). Кыргыз тилинде да, түрк тилинде да кийимдердин бөлүктөрүн туюндурган аталыштар да сакталат. *Конч* сөзү буга далил боло алат. *Конч.* Зат. Бут кийимдин апкытынан

өйдөгү бөлүгү. /*Konç is* Ayağa giyilen şeylerde ayak bileginden baldıra doğru olan bölüm: *Çorap koncu. Çizme koncu.Конч бутка салынган байпак.* Семантикалык жактан эки сөздүн маанилери бирдей сакталган. Эки тилде тең эскирген сөздөр катары эсептелген аталыш – *кебенек* болуп саналат. Кыргыз тилинде бул кийимдин аталышы *кеменек, кебенек, кементай, гивенек* сыяктуу диалектилик түрлөргө ээ. Ал эми түрк тилинде эки формасы сакталуу: Кебенек. Кементай менен бирдей. Кийизден жасалган, малчылар кийүүчү кийим. / Kebenek I kepenek Çobanların omuzlarına aldıkları dikişsiz, kolssuz, keçeden üstlük, aba.

4.5.“Сынган кылыч” романындагы кийим-кечек аталыштарынын семантикалык-стилистикасы

Кепте сөздөр байланыш-катыш жасоонун тилдик каражаты милдетин аткаруу менен гана чектелбейт. Алар ойду билдирүүнүн жана жеткирүүнүн эң мыкты куралы функциясын да аткарышат. Болгондо да, контекстте ыктуу пайдалынылган сөздөр ойдун образдуулугун, көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн, угумдуулугун арттырууда өзгөчө орунда турат. Албетте, мунун өзү адамдын аң-сезимине жана ой жүгүртүү ишмердигине көз каранды. Сөздөрдү ойдун берилишине, туюндурулушуна жараша ар түрдүү ыкмаларда колдонууга болот. Ошондуктан, сүйлөмдө, контекстте сөздүн стилистикалык мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири масштабга ээ. Эскерте кетчү жагдай бар. Стилистика түшүнүгүн сөз түшүнүгү менен чектеп кое албайбыз. Анын диапазону абдан кеңири, ал бардык тилдик бирдиктердин кептеги көркөмдүк жаратуучу, образдуулукту шарттоочу белгилерин изилдөөчү лингвистикалык илим болуп саналары белгилүү. Анын изилдөө алкагына адабий тилдин чөйрөсүндөгү тилдик бирдиктер менен кошо тыбыштар, мүчөлөр, өтмө маанидеги сөздөр, колдонулушу чектелген сөздөр, ал тургай, адабий тилдин нормасына жатпаган тилдик бирдиктер да кирет. Мында, биз иликтөөбүздүн максат-мүдөөсүнө ылайык, “Сынган кылыч” романындагы кийим-кечек аталышындагы лексикалык бирдиктердин жана ага тикелей байланышы бар

аныктоочтук-атрибутивдик катыштагы сөздөрдүн стилистикасына токтолмокчубуз.

Чыгармадагы кийим-кечек аталыштарынын стилистикалык коннотациялары, алардын көркөмдүк-образдуулукту жаратуудагы колдонулушун аныктоо маселеси изилдөбүздүн максатына жетүүдө чоң көмөк болору шексиз. Анткени тектеш кыргыз, түрк элинин ортосундагы жакындыкты ырастоодо алардын кийген кийимдери, колдонулушу жана сүрөттөлүшү баалуу факт-материалдар катары кызмат өтөйт.

“Сынган кылыч” тарыхый романында кийим-кечек аталыштары абдан кеңири колдонулат. Кандай гана көркөм чыгарманы албайлы, каармандардын кийген кийимдери сөзсүз түрдө сүрөттөлөт. Анткени, жазуучулардын чеберчилигине, талантына байланыштуу ошол кейипкерлердин кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму, социалдык абалы , маданияты кийген кийимдери аркылуу образдуу ачылат. Демек, кийим-кечектердин сүрөттөлүшү – ошол мезгилдин үнү, күзгүсү, көрүнүшү. Т.Касымбеков муну өтө чеберчилик менен пайдалана алган. XIX кылымдагы кыргыз элинин жана алар менен аралаш, канатташ жашаган башка улуттардын жашоо-турмушу, салт-санаасы, кулк-мүнөзү кийген кийимдеринде катылып жатат. Муну чыгармадагы төмөндөгүдөй сүйлөмдөр аркылуу бышыктасак болот.

1. *Унчукпай тоолуктардын кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган* ***быязы чепкенин*** *апкелдирип казыйдын ийнине салдырды* (“Сынган кылыч”, 252-б.).

2. *Башында эски кийиз ак тебетей, үстүндө шөлбүрөгөн тепме чепкен, бутунда баягы ууртары дулдуйган чоң көн чокой* (“Сынган кылыч”, 252-253-б.).

3. *Кай бир тобу айтка келгендей, көйнөктөрү ак, белдери жаңы жоолуктар менен курчалуу, көк селде чалынып, карала кымкап кийип көйкөлүп, өзгөчө алардын кабактары жарык эле*...(“Сынган кылыч”, 301-б.).Романда кийим-кечектердин аталыштары катышкан мындай структура-семантикалык түзүлүштөгү сүйлөмдөр байма-бай кездешет. Т.Касымбеков

тарыхый чындыктын бир фактысы катары кийимдердин аталыштарын ыктуу жана ийкем колдоно билген. Мисалдардагы, **биязы чепкен, ак тебетей, тепме чепкен, көн чокой, көк селде, карала кымкап** кийим аталыштары ошол мезгилдин үнү, көрүнүшү, күзгүсү болуп саналат. Көрүнүп тургандай, кийимдердин сүрөттөлүшү чү дегенде эле, образдуулукту, элестүүлүктү, көркөмдүүлүктү жаратып турат: *кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган быязы чепкенин, эски кийиз ак тебетей, шөлбүрөгөн тепме чепкен, ууруттары дулдуйган чоң көн чокой; көнөктөрү ак, жаңы жоолуктар менен курчалуу, көк селде чалынып, кара кымкап кийип көйкөлүп*. Бул тилдик каражаттардын көркөмдүк колдонулушу менен бирге эле, стилистикалык максаттагы момундай факторлорду баса белгилеп коюшубуз абзел:

а) Биринчи сүйлөмдөгү тоолуктардын кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган быязы чепкенин тилдик каражаттарынын колдонулушунан улам, бул кийимди ошол мезгилдеги бардык эле адамдар кийе беришпегендигин, жогорку даражадагы адамдардын сырткы көрүнүштүк абалынан кабар бергендигин, мартабалуулукту, сөөлөттүүлүктү туюндуруу максаты көздөлгөндүгүн байкоого болот. Быязы чепкен кийим аталышы сый-урмат көрсөтүү маанисин билдирүү функциясын аткарып, тоолуктардын кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган деген тилдик бирдиктери менен аныктоочтук айкашта келип, эпизодго өзүнчө бир стилистикалык көркөм боөк киргизди. Чыгармада жогорку даражадагы, жогорку чиндеги адамдарды, мартабасы бийиктикти кийген кийимдерин сүрөттөө аркылуу берүү автордун стилдик ыкмаларынын бирине жатат. Муну бышыктоо максатында чыгармадан бир катар мисалдарды келтирели.

1. *Нүзүп бенарестин кызыл кымкабын кийген, башында көк селде, көйкөлгөн кымкабынын ичинен ак камзолго, селдесине бир өңдөш көк ботокур курчанган, ботокурдун кынына каухар чөгөрүп алтын менен саймалаган бухаралык зергерлердин эң сулуу шамшары, бутунда тумшугу чукчуйган сары көк өтүк* (“Сынган кылыч”, 223-б.).

2. *Кудаяр хан кызыл манаттан жеңдери көлбөөрүгөн узун жалаң чапан*

кийип, чымкый көктөн чалма чалынып, акырын басып дем тартпай анын да көзү алтында (“Сынган кылыч”, 284-б.).

3. Бирок, кайсы жагы болбосун, алды тосулуу экенин ачык эле билип, тагдырына сыйынып, азаттыгына тобокел кылып өлүмүнө кайыл болуп, ак жалдуу чабдар аргымак минип, башын кызыл менен таңынып, салтанатка кийүүчү кымкап тонун таштап, кара жынжыр зоот кийип, белин ак ором ботокур менен чырмап, колунда узундугу бир кулач кош миздүү оор кылыч, аны бет алдын бийик кармап, чабышарга киши таппагандай буулугуп, жигиттеринин эң алдында келди (“Сынган кылыч”, 313-б.).

4. Муну көрүп Насирдин бек аттан түштү эле, Каракаш айым киш ичикти көйкөлтүп үстүнө жаап, өңүрүн, этегин тартып, эки жагын сылап, өз колунан чыккан иштин көркүнө, кунуна ичтен кубанып мактанып турду. Киш ичик жаш мырзанын кагелес боюна куп отурду, туурасын чыгарып, салабаттуу, көзгө толумдуу кылып жиберди (“Сынган кылыч”, 313-б.).

Мисалдардагы: *бенарестин кызыл кымкабын кийген, башында көк селде, көйкөлгөн кымкабынын ичинен, селдесине бир өңдөш көк ботокур курчанган, бутунда тумшугу чукчуйган сары көк өтүк; ...кызыл манаттын жеңдери көлбөөрүгөн узун жалан чапан кийип, чымкый көктөн чалма чалынып; ...салтанатка кийчү кымкап тонун, кара жынжыр зоот кийип, белин он ором ботокур менен чырмануу; ... киш ичикти көйкөлтүп* сыяктуу кийим-кечекке байланыштуу колдонулган тилдик каражаттардын сүйлөм тутумундагы синтаксистик-семантикалык мааниси кийимдердин сапатын билдирүү менен катар, каармандардын мартабасынын жогорулугун көрсөттү. Чыгармадагы кийимдердин сүрөттөлүшүндө сын-сыпаттык белгилерди туюндуруучу көк, кызыл, кара, ак лексемалары да стилистикалык максатта өтө ыктуу пайдаланылган: *кызыл кымкап, көк селде, көк ботокур, ак тебетей, ак жоолук, ак көйнөк, кара көйнөк, кара чапан* жана башка. Булар романда түстү билдирүүдөн сырткары, кейипкерлердин социалдык абалдарынан да кабар берип турат. Объективдүү чындыктын көркөмдөлүп сүрөттөлүшүндө кийим-кечек аталыштары жана анын белгилерин туюндуруучу лексемалар

метофоралык, метонимиялык, синекдохалык ыкмаларда ийкемдүү жана кеңири колдонулгандыгын чыгармадагы материалдар тастыктап турат. Кийимдерге байланыштуу колдонулган кара, көк, кызыл лексемаларынын маанилик жылышуулары тууралуу да алдыда сөз кылабыз. Кийим-кечек аталыштары жана алардын сүрөттөлүшүндөгү тилдик каржаттардын стилистикалык бир мүмкүнчүлүгү катары каармандардын зоболосун, даражасын туюндурган функциясын атасак болот. Мансабы жогору, бийик даражалуу, кадырлуу адамдардын образын берүүдө, алардын сырткы көрүнүшү, кебете-кешпири сөзсүз түрдө сүрөттөлбөй койбойт. “Сынган кылыч” романында мындай мартабалуулукту, жогорку даражалуулукту чагылдырууда таажы, кызыл бөрк, кундуз бөрк, көк селде, көрпө бөрк, ак сеңсел көрпө бөрк, суусар тебетей, көрпө тебетей, кызыл кымкап, кара кымкап, киш ичик, быязы чепкен, каухар кемер, булгаары өтүк, маасы, сары өтүк, оодарма сары өтүк, сарпай өңдүү кийим-кечек аталыштары активдүү роль ойногон.

б) Ал эми *Башында эски кийиз ак тебетей, үстүндө шөлбүрөгөн тепме чепкен, бутунда баягы ууртары дулдуйган чоң көн чокой* - экинчи сүйлөмүндөгү: тебетей, тепме чепкен, көн чокой кийим аталыштары өйдөдөгүдөй жогорку мартабалуулук маанисин эмес, тескерисинче, төмөнкү даражадагы адамдын элесин берди. Бул кийим аталыштары эски кийиз ак, шөлбүрөгөн, ууртары дулдуйган чоң тилдик каражаттарынын айкашуусу аркылуу төмөнкү даражадагы кембагал адамдын образын ачып берүүдө стилистикалык ыкма катары кодонулду. Романдагы мындай кийим аталыштары образды индивидуалдаштыруу максатында кызмат өтөйт, этнографиялык тактыкты жана каармандардын турмуштук абалдарын да чагылдырат. Негизи көркөм стилди жаратуучу лексикалык каражаттар жазуучунун чеберчилигине жараша ар түрдүү деңгээлдерде ишке ашырылат. Арийне, көркөм чыгармалардагы эстетикалык баалуулук, эмоционалдык-экспрессивдүүлүк, стилистикалык боектуулук бир гана лексикалык каражаттарга көз каранды эмес. Мында тилдик каражаттардын бардык

түрлөрүнүн: тыбыштардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн жана башка тилдик белгилердин да мааниси чон болот. Алардын өздөрүнө мүнөздүү аткарган милдеттери бар. “Кыргыз тилинин структуралык стилистикасынын изилдөө предметин тилдик ар кандай бирдиктердин образдуулугу түзөт. Башкача айтканда, тилибиздеги ар бир тыбыш, сөз, мүчө, сөз айкашы, фразеологизм, сүйлөм, абзац (куплет), ыңгайына жана зарылчылыгына ылайык пайдалынылса айтылуучу ой көркүнө чыгып, ынанымдуу болот” [Аширбаев, 2000:7]. Ошол сыңары, “Сынган кылыч” романындагы лексикалык каражаттар катары кийим-кечек аталыштарынын көркөмдүүлүктү туюндуруудагы аткарган милдеттери ар кыл келет:

1. – *Бутундагы көн чарыгын карачы... Кудаа...көктөлө берип көн чарыктын ууртары түйрүлүп кетиптир*...(“Сынган кылыч”, 224-б.) деген эки сүйлөмдөгү көн чарык кийим аталышы эки жолу колдонулуу менен, төмөндөгүдөй стилистикалык максаттар ишке ашырылган.

-көн чарык-көркөм тилдик аталыш;

-көн чарык- каармандын портреттик образы;

-көн чарык- каарман жөнүндө маалымат;

-көн чарык-каармандын кембагалдык көрүнүшү;

-көн чарык-каарманга карата баа берүү.

2. Кожолор Шералинин ууртары дулдуйган, чоң аттын тери каткан чокоюн ичтеринен кор болушуп жатып чечтиришти. Сасыган чулгоолорун араң чыдап бүктөшүп, чокойдун кончуна тыккан болушту. Шерали кыпкызыл болуп, буттарынын башын шөлбүрөгөн чепкендин өңүрлөрү менен кымтынып отуруп калды.

- Чеч белбакты бери!- деди Нүзүп ага.Шерали унчукпай эски кайыш белбагын чечип берди. Нүзүп белбак менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты:

- Илгиле!

Житире кагылган шамшарга чокойду алып барып илишти.

Бул чакан үзүндү текстти шарттуу түрдө үчкө бөлүп карайбыз.

Биринчиси -... отуруп калды дегенге чейинки абзац, экинчиси ... бекем байлатты, үчүнчүсү-... илишти сөзү менен аяктаган сүйлөм. Шарттуу түрдө бөлүнгөн үч абзацтын синтаксистик – семантикалык жалпы мазмундарынан жана андагы кийим аталыштарынан стилистикалык функцияларынан мындай бир ишарат маанилерди баамдоого болот.

1-абзацтагы чокоюн, чулгоолорун, чокойдун кончуна, чепкендин кийим аталыштары – Шералинин жашоо-турмушунун, кембагалдыктын, жупунулуктун көрүнүшү, анын кандай шартта өмүр кечирип келгендигинен кабар берип отурат. Каармандын социалдык абалы төмөнкү чектеги жашоо турмушу... аттын тери каткан чокоюн, сасыган чулгоолорун, шөлбүрөгөн чепкендин деген сүрөттөлөр аркылуу жогорку көркөмдүктө образдуу чагылдырылды.

2-абзацтагы белбакты эски кайыш белбагын, белбак, чокойду кийим аталыштарынын контексттик мазмунунан кембагалдык турмуштун бүткөндүгүн, болгондо да капыстан, кескин аяктап жаткандыгын туюнууга болот. Муну **Чеч белбакты, ... белбак** менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты сүйлөмдөрү астейдил каңкуулап турат. Демек, белбактын чечилишин, белбак менен эки чокойдун коштолуп байланышын
Шералинин мындай жашоо-турмушунан кол үзүшү катары түшүнүүгө болот.

3-абзацтагы чокойду кийим аталышына тереңирээк баам салсак, ал Шералинин буга чейинки бүтүндөй өмүрү, турмушу. Чокойдун дубалдагы шамшарга илиниши –өткөн жашоо-турмушту эстетүүчү эстелик буюм. Карыптыктан эң жогорку даражадагы мансаптуулукка жеткирген күчтү дайыма жадынан чыгарбоо мааниси да катылып жатат.

Ошентип чокой, чулгоо, конч, чепкен, белбак кийим аталыштарынын бул үзүндү текстттеги семантикалык-стилистикалык функцияларынан: социалдык абал жашоо-турмуш маанисин; социалдык абалдын, жашоо-турмуштун өзгөрүү процесстик маанисин, өткөндү эстетүү маанисин; таасир этүү маанисин көрөбүз.

3-сүйлөмдөгү көйнөктөрү ак, көк селде, карала кымкап кийим түрлөрү

менен айкашта келген ак, көк, карала сын атооч сөздөрдү заттын түстүк белгилерин билдирип тургандыгында шек жок. Негизинен кара, кызыл, ак, көк сын атооч сөздөр менен айкашта келип, алардын белгилерин аныктап көрсөтөөрү жана кадыресе кепте болобу, же көркөм чыгарманын тилинде болобу, көп маанилүүлүк функцияны аткарары белгилүү. Маселен, кара лексемасы түстү, өңдү (кара жоолук, кара таш) билдирүү менен катар, жаман, терс мүнөздү (ичи кара, кара ниет), өлүмгө байланыштуу түшүнүктөрдү (кара кийүү, кара ашын өткөрүү), айыбы, күнөөсү бар, ак эместикти (иш кара), карапайым, мансабы жогору эместикти (кара дыйкан, кара букара) жана башка маанилерди билдирүүчү көп маанилүү сөз. Дал ушул кара, көк, кызыл, ак лексемалары “Сынган кылыч” романында өң-түс жана көп маанилүүлүк функциясында өтө активдүү колдонулгандыгын көрүүгө болот. Көбүнчө кийим-кечек аталыштары менен айкашта колдонулуп, каармандын образын ачып берүүдө, кебете-кешпирди сүрөттөөдө, турмуш-тиричиликти аныктоодо чоң милдет аткарат. Ушундан улам, бул тилдик каражаттардын стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңдигин жана ар тараптуулугун баса белгилеп коюуга туура келет.

1.Жүз башылык султаны чыкчырылып, чым көк камзолун шымданып койгон чалбардын багелегинен кызыл булгаары өтүктүн тумшуктары чукчуюп чыгып турду (“Сынган кылыч”,192-б.).

2. Башын кызыл менен таңган (“Сынган кылыч”, 132-б.).

3.Сеңселген ак көрпө тебетейи арт жагында чөптүн үстүндө жатты, ал жайынча кара манат топучан отурду (“Сынган кылыч”, 194-б.).

4. Башына кара чүмкөп, терс каратып, чачын кардай жайып отурган кайненесинин катарына апкелишти (“Сынган кылыч”, 201-б.).

5. Нүзүп бенарестин кызыл кымкабын кийген, башында көк селде, көйкөлгөн кымкабынын ичинен ак камзолго, селдесине бир өңдөш көк ботокур курчанган, ботокурда кынына каухар чөгөрүп алтын менен саймаланган бухаралык зергерлердин эң сулуу шамшары, бутунда тумшугу чукчуйган сары көн өтүк (“Сынган кылыч”, 223-б.).

Негизинен, сын атооч сөздөр стилдик максаттарда чыгарманын көркөмдүк табитин көтөрүүдө, эстетикалык барк-баасын арттырууда, элестүүлүктү, эмоционалдык-экспрессивдүүлүк маанилерин киргизүүдө, салыштырууларда тилдик ийкемдүү каражат катары эсептелинет. Мисалдардагы *көк, кызыл; кызыл; ак, кара; кара; кызыл, көк, ак, сары сын атооч сөздөрү катышып, алар чым көк камзолун, кызыл булгаары өтүктүн; кызыл менен; ак көрпө тебетейин, кара манат топучан; кара чүмкөп; кызыл кымкабын, көк селде, ак камзолго, көк ботокур, сары кан өтүк деген с*өз айкаштарынын тутумунда колдонулуп, сүйлөмгө көркөм боек киргизишип турат. Өң-түстүк белгилерге ээ болгону менен көркөм чыгармада стилистикалык жактан туюндурулуп жаткан ойго жараша аткарган функциялары ар түрдүү:

1.1-сүйлөмдөгү кызыл лексемасы булгаары өтүктүн өңүн туюндурду, өтүктүн сапаттык белгисин, баалуулугун көрсөтүү милдетин аткарды, белги билдирүү мааниси бар. 2-сүйлөмдөгү кызыл лексемасы булгаары өтүк сыяктуу ачык көрсөтүлгөн белгини эмес кайсы бир конкреттүү кийимдин өзүн туюндурду , аталыштык маниге ээ болду. Ал аталыштык маани адамдар дайыма колдонуп кийип жүрүүчү белгилүү бир (топу, тебетей, малакай сыяктуу) баш кийимдин түрү да эмес, бирок башка тагынуучу оромол маанисин билдирип турат. Ушул жерден романда колдонулган **кызыл** лексемасына байланыштуу дагы бир көркөм тилдик милдетине, белгилик аталыштык өзгөчөлүккө токтоло кетчү жагдай бар: *“Кыпчактар бүтүндөй кызыл кийинип келишти майданга. Кызыл кийинүү-толгондуктун белгиси. Ошол мезгилдерде кызылды кыпчактар гана кийүүгө акылуу болушкан. Толук жаатынын өтө барктуу даткалары гана кызыл кымкап тон, төбөсү кызыл бөрк кийип, калганы сарала, чаарала чапан, а сарт атыгып кеткен отурукташкан жааты көбүнчө кара чапан кийишкен. Кыпчактын көкүрөктүү бектери өзүлөрүнүн өйдөлүгүн ушинтип белгилешчү. ... Бир убакта күн чыгып келе жаткан адырдан кыпкызыл болуп, кызыр аңызга жайнап чыккан кызыл гүлдөрдү алысырактан көргөн барбы, куду ошондой*

жердин бетин көрсөтпөй лыглык толкуп кыпчактар каптап чыкты.

... Куду күзгү сары токойго түшкөн өрт сыяктуу кызыл катар тиги ийрилип камала калган кара кошунду шала-шала бөлүп, аралап, жалмап, мойсоп кирди.

... Бир канатта кызыл үстөм. Бир канатта кара үстөм. ... Көптүн иши көп, хандын колунун арты дагы эле үзүлбөй, бир убакта кыпчактардын кыпкызыл катарлары улам суюлуп, улам азайып, биринде п , көлгө туш келген өрттүн калдыгы сыяктанып ар жерде бир кызаңдап, жалп деп келген өрттүн калдыгы сыяктанып ар жерде бир жылтылдап, үлп деп өчүп, улам ындыны куруп баратты (“Сынган кылыч”, 298-239-б.).

Бул текстттеги *кызыл* лексемасынын семантика-стилистикалык милдети өзгөчө. Мында *кызыл* өзүнүн туруктуу түстүк маанисин сактоо менен, бир катар маанилик жылышууларды жаратты. Кызыл түстүк маани контексттик мазмунда түздөн-түз кийим түшүнүгүнө өттү да, төмөндөгүдөй стилистикалык милдеттерди аркалады :

- *кызыл* - тулку бойдогу кийимдин жалпы аталышын (... кызыл кийинип келишти);
- *кызыл* - толуп, жетилип тургандыкты (кызыл кийинүү-толгондуктун белгиси);
- *кызыл* - артыкчылыкты, жогору тургандыкты (...кызылды кыпчактар гана кийиүүгө акылуу болушкан);
- *кызыл* - көркөмдүүлүктү, элестүүлүктү (... *кыпкызыл* болуп, аңызга жайнап чыккан кызыл гүлдөрдү алысыраактан көргөн барбы, ... Куду күзгү сары токойго түшкөн *өрт сыяктуу кызыл катар*, ... кыпкызыл катарлары улам суюлуп, ... колго туш келген өрттүн калдыгы сыяктанып ар жерде бир кызаңдап жалп деп өчүп, ар жерде бир жылтылдап, үлп деп өчүп);
- *кызыл* - өзүнчө топтук адамдарды (Бир канатта кызыл үстөм. Бир канатта кара үстөм).

Ушул кызыл - лексемасынын стилистикалык ар кыл боектуулугунун, маанилик жылышууларынын синтези текстттин жандуулугун, таасирдүүлүгүн,

элестүүлүгүн, көркөм түзүлүшүн шарттоодогу милдети зор. “Сынган кылычта” мындай лексемалардын катарлары калың.

Бул өңдүү лексикалык каражаттарды жазуучулук чоң таланттын негизинде өтө чебер, өтө ыктуу пайдалана алган. Муну чыгармадагы кара лексемасынын колдонулушу аркылуу да бекемдеп кетсек болот. Кызыл сөзү өйдөдө белгиленген кийимдин жалпы аталышын; толгондукту, жетилгендикти; мансап-даражалуулукту; көркөмдүктү, элестүүлүктү билдирсе, кара лексемасынын башкача бир семантика-стилистикалык милдетти аткаргандыгын көрүүгө болот. Романдагы төмөнкү мисалдарга көңүл бөлөлү:

1.Күчүгүндө бактым эле буларды, жетилип ит болгондо карачапандарга кошулуп, кайра өзүмдү талады (“Сынган кылыч”, 204-б.).

2.Ошонун түбүнө да ушу карачапандар жетти го (“Сынган кылыч”, 235-б.).

3.Карачапандарды тукум курут кылам дейсиң, болбойт ушунуң. Сен карачапандарды тукум курут кылам десең, карачапандардын мыктылары жөн жатпас, алар тоолукту тукум курут кылабыз деп чамынса, эки ортодо караламан журттун күнү эмне болмокчу, Мусулманкул? Айтчы, Мусулманкул, карачапандар бөтөн элби? (“Сынган кылыч”, 296-б.).

4. Карачапан эле дейсиң карачапанды ал элге сен кийгизгенсиң, Мусулманкул. Карачапан деп сен атыктыргансың, Мусулманкул (“Сынган кылыч”, 297-б.).

5. Эмитен карачапан сарттарга бооруңар ачып , эмитен карачапан сарттарга жан тартып отурасыңар... биздин жолубуз эки айры (“Сынган кылыч”, 297-б.).

Мисалдардагы белгиленген карачапан сөзү эки лексемадан турат:кара жана чапан. Биринчиси – сын атооч сөз, экинчиси – зат атооч сөз. Түпкүлүгүндө бул эки сөздүн айкашы кара түстөгү чапанды билдирип тургандыгы анык. Бирок мисалдардын мазмунунда кара чапан мааниси эмес, белгилүү бир элдин каймана аталышы ачык билдирилип турат. Мында кара

сын атооч сөзүнүн функциясы олуттуу маниге ээ болуп, ал кемсинтүүнүн, бир элди төмөн саноонун милдетин аткарды. Кара жана чапан сөздөрү биригип келип, бир гана лексикалык түшүнүктү туюндуруп калды. Сөз көркөм чыгарманын тулкусунда лексикалык конкреттүү маанисинен сырткары, көркөм түс берүү үчүн, экинчи бир маанилерге, же маанилик катмарлануу га дуушар болоору белгилүү. Албетте, кандай болгон шартта да, ал маанилик жылышуулар, катмарлануулар, стилистикалык-семантикалык мүмкүнчүлүктөрү жайдак жерден эле пайда боло калбайт, бардыгы лексикалык өзөк маанисинен өнүп чыгат.

Т.Касымбеков “Сынган кылыч” романындагы тарыхый көрүнүштөрдү, ошол мезгилдин социалдык-маданий абалын реалдуу берүүдө кийим-кечек аталыштарынын колдонулушу зор маниге ээ болгон. Ал аталыштар чыгармадагы ойдун образдуу туюндурулушунда, көркөмдүүлүктү ишке ашырууда стилистикалык-семантикалык максатта кеңири колдонулгандыгын көрүүгө болот.

Төртүнчү бөлүм боюнча жыйынтык:

Бул бөлүмдө “Сынган кылыч” романына кыскача мүнөздөмө берилип кийим-кечек аталыштарына тилдик-маданий анализ жүргүзүлүп, андагы кыргыз, түрк айрым кийим-кечек аталыштарынын этимологиясына токтолуу менен,лексикалык-семантикалык талдоо жүргүзүлдү жана көркөм чыгармадагы кийимдердин салыштырылышынын семантикалык стилистикасы каралды. Романдагы тилдик аталыштардан, алардын чыгармадагы колдонулуштарынан элдик маданиятты, социалдык абалды, жашоо-тиричиликти, ошол доордун мүнөздөмөсү,салт-санаасы,үрп-адаты да,жүрүм-турумду, баалуулуктарды аныктоого болору конкреттүү мисалдардын негизинде кыргыз,түрк элдеринин кийим-кечесинин аталыштарын салыштырып изилдөөгө алынды. Жазуучу каармандардын кийим-кечеси аркылуу көп нерседен кабар берген,алардын баелугун,момундугун,карапайымдыгын,жашоосун,карама-каршы көз кара-шын жана табиятындагы бүт нерселерди ачып бере алгандыгы

байкалды.Кийим-кече аталыштары аркылуу социалдык-маданий абалдарынын кандай даражада болгондугу лексикалык-семантикалык талдоодо белгиленди.Жупунулук,абройлуулук,колунда барлык керек болсо бийлик күчүнүн таасири да романда кийим-кечелердин аталышы менен билине тургандыгы толук изилдөөгө алынды. Кийим-кечекке байланыштуу аталыштар лексика-семантикалык жактан жалпы аталыштарга ээ боло алат, бирок көркөм чыгармада конкреттүү маанисинен да башка кошумча маанилери эки тилде тең иликтенди,ал жалпы лексикалык-семантикалык категорияларга таянып ишке ашырылды. Ар бир аталган кийим лексикалык-семантикалык өзгөчөлүккө ээ болуп турары, чыгармадагы ал кийим-кечек аталыштары каармандардын сырткы көрүнүштөрүн, кебете-кешпирлерин сүрөттөп берүү милдетин гана аткарбастан, маани катылган образдуулукту, кейипкерлердин кулк-мүнөздөрүн, жашоо-турмушка байланыштуу абалды, сөөлөттүүлүк менен жупунулукту, жогорку даражалуулук менен карапайымдыкты кошо чагылдырары лексикалык-семантикалык талдоодо белгиленди. Натыйжада, кыргыздардын байыркы салттык кийим-кечектери отурукташууга чейин сакталгандыгы,отурукташууга өткөндөрдүн кийимдери өзгөрө баштап,татар,өзбек,тажик,казак элдеринин таасири тийгендиги белгилүү,илик учурунда кийим-кечектин жашоодогу ордуна, тарыхына, курамдарына, үлгүлөрүнө, өңү-түсүнө, жасалышынын ар түркүн жолдоруна да байланыштуу сөздөрдү семантикалык аспектиде ырааттуулугу, таасирдүүлүгү, экинчи маанилерине карата талдоого алынып, алардын эки тилде окшоштугу, тыбыштык өзгөчөлүктөрү белгиленди.

Корутунду

Адам турмушундагы баалуулук жана зарылдык, сулуулук жана жылуулук түздөн-түз кийимге көз каранды. Кайсы гана элди албайлы, алардын улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн кийген кийимдеринен көрүүгө болот. Ошондуктан кыргыз жана түрк элине ылайык, белгилүү бир баалуулугу, сыймык тутары, ыйык санаар буюму катары улуттук кийими эсептелинет. Мындай **кийим– кечектеринен** ошол элдин кулк-мүнөздөрүн, салт-саанасын,

үрп-адатын, ой жорумдарын, дүйнөгө болгон көз караштарын да баамдоого болот.

Аталган диссертациялык иштин Киришүү бөлүмүндө изилдөөнүн максат-милдеттери белгиленип, теманын актуалдуулугу көрсөтүлдү.

Биринчи бөлүмдө изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери каралды. Мында коюлган маселени илимий-теориялык негизде туура териштирүү үчүн, биринчиден, илимий изилдөөбүзгө байланыштуу жарык көргөн адабияттарга кыскача анализ жасоо зарылчылыгы келип чыкты. Алардагы илимий көз караштар, ойлор, жыйынтык-натыйжалар эске алынып, ийгилик – кемчиликтери белгиленди. Биздин диссертациялык ишибиздин туура багытта иликтенишинде ал эмгектер өз көмөгүн тийгизеринде шек жок. Экинчиден, кыргыз жана түрк тилиндеги кийим-кечек аталыштары Т.Касымбековдун “Сынгын кылыч” романынын материалдарынын негизинде териштирилип жаткандыктан, сөзсүз түрдө көркөм чыгарманын тилине кайрылбай коюу иштин маңызын толук ачып берүүгө мүмкүн эместигин көрсөттү. Ошондуктан көркөм чыгарманын тилинин изилденишине жана анын өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетүүгө туура келди. Натыйжада биринчи бөлүм «Изилдөөгө байланыштуу илимий эмгектерге сереп» жана «Көркөм чыгарманын тьилинин изилдениши» деген эки теманы өз ичине камтыды.

Жогорудагы кыргыз жана түрк тилин салыштырып изилдеген эмгектерге илимий сереп жасоонун өзү изилдөөбүздүн максат-мүдөөлөрүн ишке ашырууда чоң көмөк болду деген ойдобуз. Ал илимий эмгектердеги коюлган маселелердин натыйжалары, жыйынтыктары диссертациялык ишибиздин сапатын жогорулатууда илимий-теориялык материалдар, көрсөткүчтөр катары кызмат өтөп берди.

Ал эми кыргыз, түрк кийим-кечек аталыштары Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы материалдар аркылуу териштирилип жаткан сон, оболу, көркөм чыгарманын тилине да токтолбой коюуга болбойт. Ошондуктан 1-2-параграфы изилдөөнүн маанисине ылайык, көркөм чыгарманын изилдениш маселелерине багытталды.

